Жалал-Абадская областная библиотека

Салкын Нуркулова



# Жер соорусу Арстанбап санжырасы

Жалал-Абадская областная библиотека

Салкын Нуркулова

# Жер соорусу Арстанбап санжырасы

«Бийиктик»
Бишкек – 2011

Жалал-Абадская областная библиотека

**Салкын Нуркулова**

**Жер соорусу Арстанбап санжырасы.** – Б.: «Бийиктик», 2011. – 248 б.

© Нуркулова С., 2011.

## КИРИШ СӨЗ

Картайган кезде жазат деп,
Кээ бирөөгө жакпаймын.
Көөдөндө жүргөн сөздөрдү,
Кантип жазбай сактаймын.

Небере баккан жакшы да,
Кубаныч батпай койнуңа.
Колума калем алганда,
Кагаз-калем талашып.

Конуп алат мойнума,
Жазгыч кемпир сенби деп.
Жулуп качып кагазды,
Жыртып качат каткырып.

Уул кыздын баарына,
Мекенди сүйүү бир болот.
Туулган жерим Жапаштын,
Тарыхын жазып койсом деп,
Өзүмө өзүм ант бердим.

Кийинки калган муундар,
Окуп алсын деп коём.
Көп болбосо азыраак,
Туулуп өскөн айылыма
Изим калсын деп билем.

Жалал-Абадская областная библиотека

## БИЗДИН АЙЫЛ

Арстанбап айыл округуна караштуу деңиз деңгээлинен 2500 метр бийиктикте жайгашкан Бел-Терек деп аталган айыл бар. Ал айыл менин туулуп өскөн айылым. 202 кожолук 1035 адам жашайт. 300 адам сыртта жүрөт. Улам адам баласы улгайган сайын артымда эмне жумуш калды деген сыяктуу ойлор келе берет. Мен журналист же тилчи эмесмин. Башталгыч класс мугалими болуп иштеп, 1997-жылы 21-январда эс алууга чыктым. Менин жаратылышым сезимтал, жүрөгүм кийинки муундарга ийненин учундай болсо дагы пайдасы тийээр бекен деп, колума калем алып, жазууга аргасыз болдум.

«Тегиңди бил ыйман сакта,
Ата салтың унутпа»

*Бишкек-1991-ж.*

Кыргыз элинин санжырасынан өзүмдүн агам Максытали акемдин айтканы боюнча.

**Каба**

| | |
|---|---|
| Түнкатар | Түнтөй |
| Бокбасар | Бозтери |
| Жорукту | Актери |
| Көкүмбай | Аккулак |
| Арзимат | Аратай |
| Назар | |

**Бозтеринин балдары:**

*Чиркей*

| | |
|---|---|
| 1.Элтинди | Тогузбай |
| 2.Казан | Бөрүбай |



| | |
|---|---|
| 3.Досой | Бекибай |
| 4.Бешей | Кичикуулу |
| 5.Шыкмамат | |

Кубагышуулу Чиркейдин иниси болгон экен.
Бул айылдын жашоочулары көбү Каба, Бозтеринин балдары Чиркейден тарагандар болуп саналат.

Түнкатар түнтөй журт экен,
Түтүнү сайын ырчы экен.
Тууруна келген адамды,
Тумшукка урчу эл экен.
Төрт болуш элде бир ырчы,
Биздин бир Жумгал тынч экен.

Кетмен-Төбө жер экен,
Калың саяк эл экен.
Калкына келген адамды,
Капталга койчу эл экен.
Төрт болуш элде бир ырчы,
Биздин Жумгал тынч экен.

*Кудайберген (Куйручук)*

Түнтөй уулунан чыккан Жангараш баатырдын сөөгү Чарбакка азыркы Фуркат мектебинин күн батыш жагына коюлган экен. Жол түшүп кетип, сүргөндө сүрүлүп кеткен дешет. Атайын бышкан кыш менен күмбөз курган экен.

Жалал-Абадская областная библиотека

## ЖАПАШТЫН КЫСКАЧА ТАРЫХЫ

*Сагынбай чоң атамдын айтканы боюнча*

Сагынбай атам 1947-жылы 100 жашка чыгып өлгөн. Ал улуу, касиеттүү адам болгон экен. Ал эки дүйнө менен сүйлөшкөн деген эл арасында айтылган сөз бар. Айылдын алдыңкы аксакалы эмгек ардагери Борбеув Шамши абанын кагазга түшүргөн кол жазмасынан жазып алдым. Сагынбай атабыз Жапашка келгенден соң бир жылдан кийин туулган экен. Демек, 1846-жылдарда болгон тура. Азыркы Шадыбектин үйүнүн астында эки айры жаңгак бар эле. Ошол жерде Жапар деген абабыз болгон экен. Жапар, Жапар деп, мал издеген, жумуштаган малдар Жапарда жүрөт – деген сөздөр болуп жүрүп, кийин «Жапаш» болуп калган дечү эле. Ошол убакта жолборс болгон дейт эле. Күндөрдүн биринде Базарбай деген абабыз «бул жердин токою калың экен. Кайра өзүбүздүн кыштообузга кетелик», – деп масилет кылат. Булар ынашпайт. Анан Базарбай абабыз мындай дейт: «Ким кетсе мени менен жүргүлө». Базарбай абабызды ээрчип, Тогузбайлар кетет.Калганы Жапашта калган. Ошондон бери ушул жерде жашайт.

1).Мурунку болуштарды билбейм.

Сактанбек бийликке келгенден кийин, Жапаштыктарга Чекемазардан Ташбулакка чейин берет. «Жапашка караганда 15–20 күн эгин мурун бышат» дептир. Ташбулак дегени эски контордун күн чыгыш жагы, азыр Айдардын кыштоосу деп коёт (жүзүмдүү). Ошол жерде ортодо эгин кылышкан экен. Түшүмүн алып келе албагандар, ошол жергеороо казып, көмүп койчу экен. Жылын билбейм Сактанбек бийликке келгенден Айдаркозу, «Шор-Курук-Жылга» деген жерге арык чаап,



суу жеткиздирген деп айтышчы эле. Жылын билбейм, Бардык болуштарды Анжиянга УЕЗдге чогулушка чакырат. Чогулушта ар бир болушка тапшырма берет. Жакында меймандар келет, ыраңы сары, көзү көк экен. Булар суу боюнча түз жерде жашайт имиш дейт. Чогулуштан Сактанбек болуш келип, карамагындагы эл башчыларын, Жапаш айыл аксакалдарын чакырат. Өздөрүнчө масилет өткөрөт. Сактанбек болуш айтат; 1-Жапашты, 2-Көлдү, 3-Кош-Теректи, 4-Дашманды, 5-Ботмойнокту, 6-Көксарай ушул жерлер берилет дейт. Орустар келип отурукташып калат. Жапаштын элин көчкүлө, Чарбактан Акташка чейин дейт. Кызыл-Сууда эл жок экен. Кызыл-Суудагы эл азыркы Гүмкананын наркы бетинде, жарымы Жарадарда болгон экен. Жапаштыктар Акташка чейин отурукташат. Арадан 3–4 жыл өткөндөн кийин болушка арызданышат; Үйрөнгөн жайытына кетип, малдарыбыз келбей кыйнады, бизге башка жер бер, дешет. Болуш макул болуп, Ооганды берет. Ал жерге көчүп барышып, эки жарым жыл жашайт. Болушка дагы арызданышат; Суу маселеси чатак экен, келин-кыздарыбыз суу ташып жүрүп, жооруп кетти дешет. Сактанбек болуш; Таш-Көпүрөгө баргыла кырга чейин, Сарыбулактыктарга кошулуп жашай бергиле дейт. Азыркы мал сарайлар (коронник) айтылып жүрөт. Көчмөн эл көчүп барып, отурукташып калат. Күндөрдүн биринде бир аксакал кайтыш болот. Кайтыш болгон адамды Чекемазарга жашырган экен. Азыркы Исраил аксакалдын балдары отурукташып калган. Бир бейитти арканга байлап, күчтүү аттар менен алып өтүп бейитти жашырчу экен. Бейитти жашырып болгондон кийин, Базарбай абабыз масилет кылат. «Силер журттан журт которуп жүрүп кыйналдыңар. Болушка баргыла, Ойталааны берсин. Бардыгыбыз бир-

Жалал-Абадская областная библиотека

ге жашайлы» – деп, кеңеш берет. Бардык аксакалдар макул болот да, чогулуп болушка келип, Ойталааны сурашат. Болуш капа болуп «силерге кайсы жерди берем. Мен Ойталааны ат жеми кылып пасыра айдайм» – силерге жер жок деп жооп берет. Аксакалдардын иши ордунан чыкпай өздөрүнчө ыза болушат. Бир күнү масилет кылышат, канчага чейин арыз берелик дешет. Бардык аксакалдар макул болушат. Жазганга молдо таппай, бир молдо таап, арапча арыз жаздырышат. Арызды алып барганга адам таппай, элге суроо салат. «Арызды ким алып барат?» – дегенде, Дубана деген ababыз; «Макул көрсөңөр мен алып барайын» – дейт. Көпчүлүк аксакалдар суроо берет. – Сен кантип жана жолдо кантип барасың? дешет. Анда Дубана ababыз мындай дейт: «Мен жоолукка нанды түйүп, куржунга салам. Бир орокту кошо алам, куржунду ийиниме салып мандикар иштейм деп барам» – дептир. Ошентип, Дубана ababыз Анжиянга жөө барып, губернаторго кирип, болгон иштерди толук түшүндүрөт. Ал-акыбалын сурап, чайканага жаткызып, ичкен-жегениң бекер дейт. Колуна кагаз берет. Барып болушка бер дептир. Болушка жазылган катта: Буларга каалаган жерин бер дейт. Ошондон кийин Айдаркозуну берет. Көчүп келишип, Айдаркозуга отурукташат. Канча жыл жашаганын билбейм. Күндөрдүн биринде «Артел» болосуңар дейт. Аксакалдар макул болушат. Бир күнү бир чоң келет. Ага даттанышат. Биз Жапашка өтсөк болобу? – дегенде, келген чоң: Мен билбейм, чоңдордон сурайын, андан кийин силерге айтам – дептир. Бир мезгилде келип; «Наалик төлөп өтө бергиле» дейт. Колунда барлар төлөп өтүп кетет. Колунда жоктор калат. Сактанбек болуш дүйнөдөн кайтат. Калгандар дагы өтөт. Сактанбектин ордуна Жумаалы болуш болот. Орустар



Жапашта турган убакта жөнөкөй эле адамдарды, жалган ушактын негизинде Орустар Лачынга алып барып, Кошой, Абдрахман, Темираали, Мөндүраали аттуу эр азаматтарга аттын жакшысын такалап, Токтогулга Сыдык болушка жөнөтүп жиберген экен. Аны өздөрүнүн ичинен ушактап коёт экен. Анан аларды атып коюшат. Ошондон кийин Арстанбаптан Мавлян болуш атчан Ташкентке барып, руксат алып келип, Орустардын байларын кууп чыгат. Жумаалы болуш убагында «Жетим окуу» чыгат. Жапаштан Тургунбектин агасы менен окууга жөнөтөт. Бирок агасы ооруп ошол жакта каза болот. Ошол убакта Калмат деген бийликке келет. Ал киши Жапашка колхоз уюштурат. Жапаштын жарымы колхозго киргенин жарымы болбойбуз дешет. Жаңы жолго алып барып иштетет. Канча жыл иштегенин билбейм. Бир күнү Калмат келип, элди топтоп чогулуш кылат экен. «Колхоз болгула», – дейт. Бирок эл ынабайт экен. Чынтемир абанын жубазына Кадыркул, Алыбай, Дарманкул үчөөнү иш бар деп, алып кирип, эшигин жаап кулптап коёт. Элди чогултуп, дагы чогулуш өткөзөт. Элге дагы кайрылат: – Ким колхозго кирет? Колхоз болбогонуң көтөр колуңду! Эч ким көтөрбөйт. Анда колхоз болгонуң көтөр колуңду! – деп, айтат. – Бардыгы бир добуштан колдошот. Бул мезгил 1932-жылга таандык. Колхоздоштуруу болуп башкарма шайлашат. Биринчи Базаркул аба башкарма болот. Кедей-кембагалдардан болсун деген жогортон буйрук болот. Жер алган кедейлерден Соорон абаны шайлашат. 1–2 айда келем дейт. Соорон абаны шайлап кеткен Калмат келсе, Башкарма кош айдап «Карашакта» жүрүптүр. Мен иштебеймин – деп, Соорон аба баш тартат. Кайра чогулуш чакырып, Бакы абаны башкарма кылып шайлап кетет. Колхоздун аты «Алиев» деп ата-

Жалал-Абадская областная библиотека

лат. Бакы аба А.Орозбеков курулганга чейин иштейт (репрессия).

Эмики сөз кулакка тарткандар жөнүндө болот. 1.Алибай, 2.Кадыркул, 3.Жолдошбай, 4.Тургунбай, 5.Колберди, 6.Байтемир буларды мисилке келип, Ташбулакка көчүрөт. Алар элге кошулаар бекенбиз дешип, ыйлашчу экен. 1934-жылга таандык согуш министринин буйругу чыгат. Кароолдордук буйругу чыгат. Палбанке чыгып жаңгактардан кесип, мылтыктын кумдагы жалаң жаңгактан болсун деп айтылат. Мылтыкка кумдак чаптырган экен. Робочу башчысы ким, бизге иштесе иштесин уста керек, акча беребиз дейт. Бул жерден бир адам айтат; Усталардын бардыгы кулакка тартылып, Ташбулак деген жерге көчүрүп жиберген дейт. Баары, усталар ошол жакта дейт экен. Кумдакты чаптыра турган мастер кимден сураганы белгисиз. Мастер келип, Сарт-Мазарга келсин дейт. Сарт-Мазардын булагынын башына көчүп келишип кепе салып, отуруктащып алып, кумдак чаап жөнөтүп турушкан. Чапкан кумдактарды түнү менен алып кетчү экен. Ошентип, Сарт-Мазардын булагынын башында жашап турушкан. Кийин А.Орозбековдор контр болгондо, кайра Жапашка келишкен экен. Жылын так билбейм. Буларды эч ким сураган жок. Ошентип жашап калышкан. Жапаштын чоң арыгын чыгарган Анар ажы дешет. Анар ажы Жапашка жазында келип, күзүндө кетчү экен. Күндөрдүн биринде чогуу олтурганда Ташбулакты чыгарса болот экен дептир. Аксакалдар макул болот. Анар ажы бир бээ бергиле дейт. Бээ берели дешет. Анар ажы ишке киришет. Анар ажы Кара алмага чейин алып келген экен. Кийин Эсен, Мурзакул абалар Жапашты, Сөгөттү бастырган дешет (арыкчаап). Орустар Жапашка отурукташканда, азыркы Конокбаев К. Айти акенин үйүнүн ордунда бал челектерди орноштуруп койгон экен. Бай орустарды Ташкенттен уруксат алып келип,



кийин Мавлян болуш кууганда, бал челектерине карабай качып кеткен экен. Бакы аба башкарма болуп иштеп жүргөн убакта, репрессияга туш келет. Түн ичинде балдарын атка мингизип, качып жөнөйт (Зуура эне Кыладан экен). Арпачыга барганда «сен коркпо, сага тийбейт», – деп бирөө эс болот. Андан кийин артына кайтып айылга келет. Ал Бакы аба бошойт. Садык абам башкарма болуп иштеп жүргөн убакта комиссия келип, кыдырып жүрүп, чоң теректерди көрөт. Колхоздун атын «Бел-Терек» деп атап койгон экен. Сагынбай абабыздын айтуусу боюнча Жапар абабыздан улам «Жапаш» аталып калган. Сактанбектен кийин Жумаалы болуш болот. Жанузак деген авабыз генерал майор Эргеш Алиев менен бирге болгон экен. Колхоздоштуруу болуп, 1932–1934-жылдарда Алиев колхозу уюшулат. Колунда барлар бир ат, бир өгүз, бээ берет. Колунда жогу уй, торпок, кой, эчки беришкен экен. Чогулган малдарга малчы болгондор: 1.Кулмаш аба жылкычы болгон. 2.Курманбай, 3.Тарыкбай, 4.Нуркул, 5.Бегмат, 6.Сатибай малчы болушат. 7.Соорон койчу болот. Зав.фермасы Назаралиев Паяз болот. Репрессияны өткөзүшөт. 1938–1939-жылы Кадровой Армияга 7 эр азаматтар кетет. 1.Исмайыл, 2.Кашкарбай, 3.Анаркул, 4.Мамаали, 5.Тешебай, 6.Молдоакмат, 7.Сейдакмат: Экөө казак улутунан экен. Улуу Ата Мекендик согуш башталат. Ушул айылда эмгек майданында эмгектенип жүрүшүп, 54 эр азамат 1941–1945-жылдарда согушка кетишет. Алардын ичинен элине келип эмгектенип, өмүрү өрнөк адамдардын тизмеси:

1. Жумашов Каблан
2. Жолдошбаев Искендер
3. Жолдошов Темир
4. Эннazаров Арин
5. Жакшыбаев Курманбай

6. Чынтемиров Конокбай
7. Чынтемиров Анаркул
8. Осмонкулов Кулмаш
9. Байтемиров Өмүрали
10. Байтемиров Казакбай
11. Байтемиров Мамаали
12. Абдыкадыров Асран
13. Абдыкадыров Мырзаали
14. Тешебай
15. Кадыркулов Мадали
16. Кушбек
17. Базаркулов Зулкаары
18. Базаркулов Зикир
19. Бегматов Исак
20. Баймундузов Исмайыл. 15 жыл кийин келген.
21. Байдалиев Алмамат
22. Мамасалиев Курманали
23. Назаралиев Паяз
24. Алибеков Камчыбек
25. Бообеков Эргешбай
26. Маматай
27. Карабай (Ленинжолдо).

**Согуштан чейин үйлөнүп, балалуу болуп, андан кийин кетип келбей калгандар.**

1. Кумаш
2. Убаалы
3. Калбай
4. Нурманбай
5. Тарыкбай
6. Раман
7. Кенжебек
8. Эрмек
9. Ормон
10. Мамажан



11. Дарманкул
12. Бакы
13. Осмон
14. Арзыкул
15. Станбай

**Үйлөнбөй комсомол боюнча кетип, кайтпай калгандардын тизмеси:**

1. Кашкарбай
2. Арапов Абдылда,
3. Турдаалы
4. Алимжан
5. Ташкулов Абдилда.
6. Калбаев Султан.
7. Соорoнов Зулпукар.
8. Баймундузов Ибраим.
9. Мазаң.
10. Эргеш
11. Тиркеш

**Жапашта иштеп жүрүп кеткендер:**

Хайтикул, Сати жана Хайдаркул Чарбакка келишкен.

**Жапашка башкарма болгондор:**

1. Базаркул байлардан
2. Соорон кедейлерден
3. Бакы
4. Садык
5. Тургунбек
6. Султанали.

**Биринчи мугалимдер:**

1. Тургунбек
2. Ороз.
3. Өсөркул

**1938–39-жылы Кадровой Армияга кеткендер:**

1. Исмайыл (15 жылдан кийин кайтып келген)
2. Кашкарбай
3. Анаркул
4. Алимжан
5. Тешебай
6. Молдоакмат
7. Сейдеакмат (казак болгон)

**Бул айылдан трудовой фронтко катышкандар.**

1. Артыкбай
2. Борбу
3. Мундузбай (Челябинскийдеги шахтага барат.)

**Көк-Жаңгактагы шахтада иштегендер:**

1. Канназар
2. Нуркул
3. Мавлянкул ошол жерде өлгөн. Сөөгү Көк-Жаңгакта калган.

Согуш убагында Жолдошов Темир абабыздын апасына «Мактоо баракча» келет. Ушундай эр жүрөк жоокерди тарбиялагандыгы үчүн. Украинадан келген баскынчылардан бошотууда, бир топ немецтерди колго түшүрүп, жатып алган немецтерди бутунан сүдүрөп ыргытып аткан убакта, Совет жоокерлери келип калып бошоткон экен. Госпиталда жатып айыгып, жоо бер-



генде, үйгө өзүм өлбөй калганыма шүгүр деп, эч нерсе албай, орден-медалдары менен сырткы кийимин ырым менен таштап, баса берген экен (ал убакта түшүнүк ошондой экен).

**Комсомол убакта кеткен жалгыз Карабаев Султан жөнүндө сөз.** Каракозунун иниси Калбай болот. Башка кыз да, уул да жок экен. Калбаев Султандын апасы Ашир болгон. Борбу абанын байбичесине кичине илешет экен. Абанын чоң кызы Өктөм эжеге шарт боюнча куда түшүп, болуп коёт. Согуш башталганда, Султан комсомол болот дагы согушка жөнөйт. Жөнөп жатып, ошол Борбу абаларга апасын тапшырат. «Ажалым жетпесе келип үйлөнөм. Апамды силерге тапшырамын, силерди кудайга тапшырамын» – деп, согушка кете берет. 1942-жылы баргандан кийин лётчик окуусуна кирдим, күнү-түнү окуп жатам, жакында сомолётту башкарып немецтерди кырамын деген эсен-түгөлүн айтып кат келет. Андан кийин тез эле, аэропортту талкалап немецтер бомбалаганда эле жок болот. Жалгыз апасы ыйлап жүрүп, жалгыз үйдө эки көзүнөн ажырап, өмүрүнүн акырына чейин, ыйлап өтүп кетет. Ашир энени ошол Борбуевалар каралашып жүрүп, кайтыш болгондо жыйыштырат. Кожоашук-Ата мазарына коюлат. Көчмөн кыргыз эли сыяктуу эле, биз дагы өрөөндүн ичиндеги көчүп конуп келип олтурушкан элбиз. Биздин айылдын Кожоашук-Ата мазары, Арстанбап-Атадан кийин мазар болуп эсептелет.

**Согуштан келген элине 27-ардагер.**

Өтүп кетти көз жумуп,
Өрт алган согуш маалында.
Тылдагы эмгектенгендер,
Тынбастан машак тергендер,

Кыйраган кыштак шаарды,
Калыбына келтирип,
Кызмат өтөп 3-4 жыл
Эмгектенип карышкан.
Ата энелер суюлуп,
Бараткань өкүнүч,
Аттары калып калса деп,
Түшүрүп койдум кагазга.

Шерикулова Анар КПССтин мүчөсү 1923–88-жыл, Сатыбалды, Кимсан, Мажит, Асилбек, Райимбек, Шамши, Айдар, Мамасалиева Сардал, Нышанбай, Чонду Турсунали, Жумабай, Жакып, Узакпай, Касымбай, Макамбай, Жумаалы, Абдыжапар.

Көп кеңеш айтып айылда да, Ак-сакалдар ушулар: Үрайим, Сатаркул, Мамиш, Матай, Иса, Аттокур, Айти, Максатали, Бейшембек, Акматали, Бекиш, Мааданбек Эннazаров, Кишим, Орозгүл эже, Жолдошова Мастан, ж.б.

Улуунун ишин улаган,
Уул кыз чыкты айылдан.
Ар түрдүү кесип ээлери,
Туш тарапта жүрүшөт.
Билимдин түшүп жолуна,
Кыргыз элим жеримден
Өмүрдүн кырчын убагын,
Арнаган эчен атуул
Үзүрүн көрүп эмгектин,
Эс алууда жүрүшөт.

Согуш бүткөндөн кийин кыйраган кыштактарды калыбына келтирүү убагында дагы, бул айылдын атуулдары өз салымын кошкон. Элдин турмушу оңолот. Мал чарбасы өсөт. Райондон Шеркулов Асан келип чогулуш кылат дагы, «Кайсыл жакка кошуласыңар?» – деп, элге кайрылат. 1951-жылы «Правда» колхозуна кошулуп кетет. Сатиев Төрөгул башкарма болуп калат. 1962-жылы Киров токой чарбасынын Рахманов, Пaяз аба менен Госкомитеттен Бишкектен келген өкүл менен Чийге кыдырып кетип бара жатса, Жапаштан бир аял ооруган баласын көтөрүп доктурга алып бара жатканын көрөт. Бул айылдын ар кандай социалдык тейлөө жагынан алыс экендигин байкап, Медпунктка дагы жакыныраак болсун үчүн, Актеректен-Кеңкоонун кырынан Ак-жардын башы, Жай-Теректин Сайына чейин Киров лесхозуна кошуп койгон, 1962-жылдан бери Арстанбап сельсоветине кирип калганбыз. Арстанбап айыл өкмөтүндө Досматов Темирбай аба башкарып турган убакта, обкомдо Калыгулова Кулша эже Могол айыл өкмөтүндө иштеген учур эле «Жапаш» айылына мектеп, магазин салынышын сунуш кылат. Өзүнүн докладында турмуш тиричилигин жакшыртуу зарыл экендигин баса көрсөтөт. Мына ошол эле жыйында обкомдо катуу милдеттенме берилет: тез аранын ичинде элдин турмуш-тиричилиги үчүн «Магазин», билим алуу үчүн жаңы «Мектеп» салынат. Ал мектепти салган убакта аксакалдар Мавлянкулов Үрайим аке – техник, Борбуев Шамши акелер – корукчу болуп толук эмгекти уюштуруп беришкен. Мектепте Мажит агай, Сатаркул агай иштейт. Сатыбаева Шаазада директор болуп, 1968-жылдан 1976-жылга чейин иштеди. Анан Карабаев Кайбар агай иштеп, мектептин тегерегине бак эгип, отурукташтырып койгон. Мектеп айланасы жашылдандырылган. 1970-жылы С.М.Киров атындагы токой чарбасында башкы эсепчи болуп иштеп турган убакта, Асилбек Мавлянкулов акенин демилгеси менен свет чыгарылган.

Жалал-Абадская областная библиотека

Биздин айылдын дагы айта турган тарыхы бар экен.

Адам ата кыргыз болгон. Кокондон келген армия, кытайлар менен айтышкан. Бул айылдын күн чыгыш жагында Кыз-коргон деген бийик жер бар. Ал жерге кыздарын камап кытайлардан, бекитип сактап калган. Жакшы мылтык бар экен. Аткылап жүрүшүп Кыз-коргонго жеткизген эмес. Акыры кытайлар сүйлөшүүгө чакырышат. Мылтыгыңарды бергиле, биз кетебиз дешет. Айылдагы акылмандар башка мылтык жасап беришет.Алар кеттик деп, Ооганга барып калгандан кийин, кайра келишип аткылашат. Өздөрүндөгү жакшы мылтык менен аткылашып жолотпой коюшат. Кытайлардан коргонуш үчүн Асылмага барып, кыргыздар кийиз калап жансактайт. Кытайлар өрт коёт. Калангап кийизге суу чачып олтура беришет. Кытайлар Курмайданга барышат дагы, жыландын ордосунан бери өрт коюшат. Күйүп жаткан убакта бир жылан учуп чыгып кетет. Кытайлар жүрүп олтуруп Шайданга барышат.

Ал жерге баргандан кийин ич өткөк болуп көбү кырылат. Кытайлар колуна бирден таш кармап жолго чыкчу экен. Ошол Шайданга барганда, «Биз жаратылыштын убалына калдык» – деп, таштарын таштайт экен. Ошондон калган «Кытайташ» болуп аталып калган дешет. Ноокен Шайданда жалпы эле совет элине түшкөн Авган согушуна дагы биздин айылдын атуулдары четте калган жок. Энназаров Садирбай Аринович 1961-жылы 26-февралда Арстанбап айыл округуна караштуу Бел-Терек айылында туулган. 1979–81-жылдарда Афган Согушуна катышкан Герат Кондагар, Кабул шаарларында душмандарды тазалоодо каармандыгын көрсөткөн. Мамлекет эрдигин эске алып, Советтик Армиянын 70-жылдыгы Авган Элинен ыраазычылык, Эрдик, Каармандыгы үчүн медалдардын бир канча орден, грамоталардын ээси. Райондук ардагерлер кеңешинин мүчөсү. Учурда №39 Бел-Терек орто мектебинде мугалим болуп иштейт.



Кийинки калган муундар,
Жыл сайын эмгек жаңыртып.
Бак эгип талаа коктуну,
Көктөндүрдү калтырбай,
Бак чарбага айлантты.
Мөмөлөр бышып күзүндө,
Барып бир калсаң айылыма,
Бейиштин төрү көрүнөт.
Түшүмүн жыйнап алууда,
Тынымсыз эмгектенишет.
Эркек аял биригип,
Эрчишип эмгектенишип.
Калтырбай жыйнап алышат,
Кыш мезгили болгондо,
Камсанабай токпейил,
Кыйналбай өмүр сүрүшөт.
Ак чачтуу аппак апалар,
Ийик ийип жүн тытып.
Кыргыздын оюм-чийимин,
Ченебей эле чиймелеп.
Ала кийиз шырдактын,
Түрүнөн жасап алышат.
Айрыкча биздин айылда,
Кол ийик менен жип ийрип,
Килемдин түрүн согушуп.
Коордоп үйүн коюшкан,
Үймө үй кирсең көз түшөт.
Кештелип сайган саймалар,

Жалал-Абадская областная библиотека

Кыйкымдап курап, кураган.
Курак төшөк түрү бар,
Кол менен жасап зерикпей,
Сеп даярдап алышат.
Эркек балдар өзүнчө,
Устачылык эрмеги.
Кашыктан баштап чабышат,
Ат жабдыгын жасашат.
Комузду чаап өздөрү,
Ичегиден кыл тартып,
Кызыккан күүсүн чертишет.
Аалымдардын айтканы;
«Аккан арыкта суу агат»,
Деген элдин сөздөрүн,
Накылдыгы бар экен.
Мурдагы өткөн аталар,
Чынтемир ата жубазы.
Кадыркул ата узанган,
Темир устачылыкты.
Мурастап таштап кеткенби?
Темир комуз эсимде,
Кол менен жасап зерикпей.
Көргөнү барсак таңыркап,
Бирден колго карматчу.
Жыгач көмүр иштешип,
Тиричиликке керектүү
Үй эмерек жасачу.
Көптөгөн элдин талабын,
Аталар жасап аткарчу.
Учурда элдин талабын,
Атадан калган мураска.
Улантып улам кийинки,
Муундар жасап баратат.



Көп айылдан байкалбайт,
Буга окшогон көрүнүш.
Кылымдардан кылымга,
Жашап келген өнөрлөр,
Жашай берсин көөнөрбөй,
Өркүндөй өсө берсин.

Кымбаттуу менин айылымдын урпактары илимге болгон, маданият адабияты, искуствого, ыйманга эмгекке кызыгууңар өнүгүп өсө берсин. Көптөгөн таланттуулар, илимпоздор, уздар чыгаан уул-кыздар чыгышына толук ишенемин жана тилектешмин.

Жапаштын аты Тогуз-Булак аталып жүргөн. Сулайман пайгамбардын баласынын аты. «Жапаш болгону ошонун негизинде, ушул айылда төрөлгөндүктөн Жапаш деп аталып калган деп дагы айтылып жүрөт. Садыр пайгамбардын сөөгү Сарт-Мазарга коюлган экен. Ошол жерлер азыр түнтүшкөн токой алмалар, жаңгактар, канаттуу куштардын жапайы – кызыл китепке кирген жаныбарлардын мекени. Андан ылдыйлап бир бел ашкандан кийин «Арстанбап» пансионаты жайгашкан. Жыл сайын дүйнөнүн булуң бурчунан меймандар келишип, эс алып кетишет. Биздин жерлер азиз, ыйык жерлер болуп эсептелет. Адам ата жаралгандан баштап, жери – азиз, суусу – тунук. Тоосу бийик Кызыр ата жойлогон азиз абилиялар мекени болот. Алла таала жаратканда жарык дүйнөнүн бейиши болгон биздин элибиздин, жерибиздин өзү.

Арстанбап ата
Дастарлык ата
Тоскоол ата
Иннопаз ата
Чакырбап ата

Сарт мазар ата
Омор ата
Жай-Терек ата
Кожо-Ашык ата
Чакка ата
Мекке-Ата
Кара таш ата
Шамшикал ата
Кара Үнкүр ата
Көл мазар ата
Дөөт ата Кабада

Арстанбап аймагында мазарлардын ар биринин өзүнчө улуу касиети дагы таржымалы бар. Биздин ажайып кооз азиз жерибиз – жазылып бүтпөгөн роман, айтылып бүтпөгөн дастан. Ар бир колот –коктунун өзү сүрөттөп, боектоп жасалган «картина» десем жаңылбайм. Атаганат, жазуучулук же сүрөтчүлүк жогорку билимим жок. Мага ушул өкүнүч, өзүмчө. «Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет» – деген туура экен.

Айылдын эки баласы,
Диссертация жакташып.
Кандидат болду илимдин,
Акылмандыгын билгизип.

Уюткулуу айлымын,
Атагын бийик көтөрүп.
Артынарда жаштарды,
Уул кыздын бардыгын,
Ээрчиткиле билимге.

Кылымдар өтүп кетсе да,
Кызматың калат элине.
Жараткан өзү жар болсун,
Ден соолугу чың болсун.



Айылдан чыккан илимпоз,
Мыктарбек менен Дөөлөтбек.
Изилдөө ишин үзбөстөн,
Билимдин түшүп артынан,
Туу көтөрүп билимдин,
Чокусуна жеткиле.

Бел-Терек айлынын башчысы Борбуев Адилбектин, Назаралиев Шаршен экөөнүн демилгеси менен долбоор жазышып, «АРИС» программасына кайрылып, элдин жардамы менен 2006-жылы жолго шагыл төшөп, жолдор оңолду. Транспорт каттап элдин турмушу оңолду. Ошону менен бирге 2000-жылы Токтоболотов Кошматбек долбоор жазып, канчалаган айылдын ичинен биздин айылга клуб ремонттолуп, ишке киргизилген. Айыл маданиятын көтөрүп, ар кандай элге, жаштарга үлгүлүү иштер жүргүзүлүүдө.

Токтоболотов Кошматбек 1954-жылы 10-сентябрда туулган. Атадан төрт жашында калган. Чоң ата чоң энесинин колунда тарбияланган. Шартка байланыштуу үйлөнүп бала-чакалуу болуп, эне-атасынын алдында жүрүп, Токмоктогу маданият техникумун бүтүргөн, сыртта окуу бөлүмүндө окуган. Тубаса таланты менен элге таанылган инсан эле. Элдин арасында талантын көрсөтүп, клубда иштеп жүргөн. 2007-жылы жазган долбоорунун негизинде клубду ишке киргизип, айыл ичинде маданий иштерди жүргүзүп, 2009-жылы райондук кароолорго таланттууларды катыштырып жүргөн. Айыл маданиятын көтөрүп, айыл-айыл бөлүнүп «Ыр кесе» уюштуруп, элдин искусствого, маданиятка кызыгуусун арттырган. №39-орто мектепте музыкант мугалими болуп эмгектенип жүрүп, 55 жашында капысынан бул дүйнөдөн өтүп кетти. 5 уул, 1кыздын атасы. Айылды социалдык жактан тейлөө үчүн «Аптека» 2008-жылы ачылган. Медпункт, клуб, магазин,

Жалал-Абадская областная библиотека

аксакалдар үчүн мечит, бир топ жыл мурда эле курулган. Мечиттин алдына он метр айбанды Токтоболотов Алишер өзүнүн эсебинен куруп элдин батасын алды. Кулмашов Курсантбек ошол айылдын ичине, мектепке өзүнүн эсебинен таза суу чыгарып берди. Көпчүлүк айылдарда мынчалык байкалбайт. Учурда элдин ичинен өзүнүн көркөм чыгармачылык кружогун уюштурушуп, ар кандай белгилүү даталарда өздөрүнүн кызыгуусу менен «Ыр кесе» уюштурушуп, айыл маданиятын көтөрүп жүрүшөт. Ар бир жылдын жашоочулары мазартайып өткөндөрдү эскерүүнү, майрамдарды дагы маданияттуу өткөрүү үчүн кезектешип концерт, оюнзоокторду өткөрүп турушат.

Мисалы: бир жыл 1961–1962-жылдын жашоочулары өткөрсө, кийинки жылда 1963–1964-жылкы жашоочулар өткөрөт.

Бул болсо ошол айылдын ынтымакчылыгын жана биримдигин билдирет.

Адамзат жашоо үчүн бир жаралат,
Эмгеги кулк мүнөзү элде калат.
Кол жазмам, элим колдоп чыгып калса,
«Мурас» болуп түбөлүккө жашап калат.

*Салкын НУРКУЛОВА*

### Чиркейдин кичик уулунан

Назар ата болгон. Анын балдары: Султан, Райымбек, Кочкор, Таажи, Тилла беш перзенти болот. Тилла эженин Айчүрөк, Айканыш кыздарын билем. Айканыш Жумалы мектебинде иштеп, эс алууга чыгат. Алар согуштун убагында турмуштун айынан Жай-Терекке барып, эжеси Шаани эжелер менен жакындашып эришаркак болуп жашашат. Кийин Шыдыр айылына көчүп келип Райымбек аба 1939-жылы Жапашта туулган, жети уулдун атасы, 43 жыл мал баккан. Улуусу Султан



аке Жапашка көчүп келгенден кийин авто кырсыктан каза болуп калган. Балдары Айсамат, Апсейит, Калдар бир кызы бар. Эл катары болуп, үй-бүлөлүү болушуп жашап жатышат. Райымбек аба учурда «Арстанбап» токой чарбасында «Жарадар» айылында Аптоокан жеңе менен Алтынбек деген баласы болуп аксакалдар катары өмүр сүрүүдө. Небереси белгилүү ырчы Темир Назаров элге таанылып келе жатат. Кичүүсү Кочкор аке Кеңеш айылында жашап калган бала-бакыралуу өз алдынча өмүр сүрүүдө. Булардын эң жакыны Осмонов Ысман аке. Кыдыралиев Стамбайдан Гулсана 84 жашта. Кызыл-Сууда жашайт. Жети уул эки кыздын апасы иниси өтүп кеткен. Орунбайдан тогуз бала калган. Уул кыздары өз алдынча жашоодо. Муса абадан Ботобек аке, ал дагы жашыраак эле өтүп кеткен. Балдары өз алдынча очор бачар болушуп, эл катары жашоодо Улуу баласы Кубаныч Кекиликте жашайт. Чоң кызы Ооганталаада жашайт. Булардын чоң энеси Назбу эне 107 жашты жашап өттү. Жарадар айылына коюлган. Ботобек акенин балдарын чоң энеси тарбиялап, эрезеге жеткирди.

Апасы мурда өлгөн.

### АТА МЕКЕНДИК СОГУШ АРДАГЕРЛЕРИ



**Арпачиев Хайдаркул** – 1913-жылы туулган. Согушка Жапашта иштеп жүрүп кеткен. 1962-жылы туулуп өскөн айылы Чарбакка келген. Ал мезгилге чейинки өмүрү 17 жыл бою Красноярскийде үйлөнүп, Галинакамал аттуу жеңе менен жашап «Эне-Сайдан»бир уул, бир кыздуу болуп көчүп келген. Келин алып, кызын чыгарып 1980-жылы дүйнөдөн өттү. Могол айыл өкмөтүндө Ооган талаада уул кызы үй-бүлөлүү болуп жашап жүрүшөт, эл катарында.





**Жумашов Каблан** – 1917-жылы туулган. Ленинградды бошотуудагы Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1940–43-жылдары II топтогу майып болуп келген. Ата Мекендик согушка катышкан. Согуштан келип, айылда бригадир болуп иштеген. Согуштун ардагери.

**Жубайы Жумашова Ашир** экөө 5 баланы тарбиялап чоңойткон. Чоң баласы Кубанычбек. Ал жогорку билимдүү, математик. Бел-Терек мектебинде көп жылдардан бери эмгектенип жүрөт. Уул-кыздары да өз кесиби менен алектенет. 1980-жылы каза болгон.





**Мамасалиев Курманали** – 1899-жылы туулган. Согуш башталганда барып, II топтогу майып болуп келген. Жеңиштин 40 жылдыгы 1941–1945-жылдары көптөгөн медаль, ордендерди алган. Жубайы Мамасалиева Сардал эже да эмгек ардагер болгон. Ал 1924-жылы туулган. Тылдагы эмгектин алдыңкыларынан болуп 9 баланын ата-энеси болгон. Чоң баласы Шамши аке да эмгек ардагери болгон.

**Курманалиева Бүзүйра** 1947-жылы туулган. Маданият техникумун бүткөн. Китепканачы болуп иштеп жүрүп, ардактуу пенсияга чыкты. **Куманалиев Мурзабек.** 1954-жылы туулган. Жогорку билимдүү. **Курманалиев Жумабек.** 1956-жылкы жогорку билимдүү. Мамасалиева Айзирек жогорку билимдүү. Мамасалиева Кадича жогорку билимдүү. Мамасалиева Бактыгүл жогорку билимдүү.





**Бообеков Эргешбай** – 1925-жылы туулган. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, Эмгек ардагери. 1942-жылы согушка кетип, 1944-жылы келген. Согуштан башына ок тийип келип, Киров токой чарбасында багбан болуп 42 жыл иштеген. Үч уул, үч кызды чоңойтуп, очор-бачар болгон. I топтогу майып. Бир тууган карындаштары Каракыз 86 жашта. Орунбү 78 жашта тылдагы эмгек ардагери. Сыйлыктары: 1. Ардак белгиси; 2. Медалы Жуков; 3. Юбилейный медалы «20 лет Победы; 4. Юбилейный 50 лет Вооруженных Сил; 5. Юбилейный 60 лет Ворусил; 6. Жеңиштин 30 жылдыгы; 7. Жеңиштин 40 жылдыгы; 8. Жеңиштин 50 жылдыгы; 9. Орденская книжка награжденного орденом. 2003-жылы дүйнөдөн кайткан. Өзү жашаган айылына көчөнүн аты берилген. Гүмкана айылында.



**Чынтемиров Анаркул (Маша)** – 1915-туулган. 2002-жылы өлгөн. Кадровой армияга барып сегиз жыл кызмат өтөгөн. 1980-жыл «Ветеран труда». Бир нече медаль ордендер менен сыйланган. Сегиз баланын атасы.

**Чынтемирова Орозгүл** – 1922-жылы туулган. «Эмгектин ардагери» медалы 1982-жылы берилген. Кыяк тартып кароо-конкурстарга катышып жүрдү. 1982-жылы элдик таланттардын кароосуна катышып, Республикалык масштабка чейин барган.

Жалал-Абадская областная библиотека

**Чынтемиров Конокбай** – 1905-жылы туулган. 1989-жылы өлгөн. Япон согушуна катышкан, согуштун ардагери. Бир нече орден медалдардын ээси. Жети баланын атасы. Согуштан келип устачылык менен эмгектенди. Тегирмен жүргүзүп элди бакты. Атасынан калган ишин улантткан.

**Чынтемирова Уулбү** – 1917-жылы туулган. 1998-жылы өлгөн. Уулу Конокбаев Касымбек (Юрист Казакстанда.)



**Жолдошбаев Искендер** – 1925-жылы туулган. Калининградда салгылашкан. Белине ок тийип, жарадар болот. Бирок согуш бүткөндөн кийин келет. 11 медаль ордендердин ээси. Согуштан келгенден кийин Ачы районунда 1950-жылга чейин раис болуп иштейт. Арстанбапта Сельсоветте 3,5 жыл иштейт. Кызыл-Үнкүр сельсоветинде секретарь болуп иштейт. 1956–1958-жылдарда Правда колхозунда председатель, 1958-жылы Арстанбап селсоветинде иштейт. Ооган-Талаа айылында магазинде иштеген. Ачы лесхозунда жумушчу болуп иштеди. Могол айыл өкмөтүндө Бухгалтер болуп иштеп жүрүп, эс алууга чыккан.





**Базаркулов Зикир** – 1924-жылы 10-октябрда туулган. 9 медаль, ордендин ээси. «Кызыл жылдыз» медалынын ээси. Ата Мекендик согуштун ардагери. Согуштан келип, элдин экономи-касын көтөрүүгө элдик эсепчи, колхоз убагында эмгектенген. Кийинчерээк рабкоопто иштеген. Арстанбап айыл өкмөтүнө караштуу Арстанбапка рабкооп бөлүнгөндө, Арстанбапта иштеп жүрүп ооруп, 1994-жылы каза болгон. Үч уул, үч кызы бар. Чоң баласы Кадыркулов Жоробай, 33-жылдан бери Бишкекте врач болуп иштеп жүрөт. Калган балдары Айчүрөк, Бишкекте жашайт. Замира Россияда иштейт. Ооганбек Арстанбап токой чарбасында иштейт. Айбек менен Таалайбек Бишкекте иштешет. Айдай Кочкор-Атада иштейт. Балдары элдин керегине жарап, алдыңкылардан болуп, эмгектенип жүрүшөт.

**Осмонкулов Эрмек** – 1942-жылы Улуу Ата Мекендик согушка кеткен. Согуштан кайтпай калган. 4 баланын атасы. Смоленский обл. Посолек Пишина кыштагына сөөгү коюлган экен. Балдары өз алдынча очор бачар болгон. Небереси Эрмеков Бакыт Зулумбекович. Учурда Арстанбап-Ата токой чарбасында директор болуп иштейт. Башка балдары неберелери өз алдынча үлгүлүү өмүр сүрүшүүдө.

**Жолдошов Темир** – 1912-жылы туулган. 1978-жылы өлгөн. Согушка 1942-жылы кетип, 1945-жылы кайтып келген. Беш уулу бар. 1-даражадагы громатасы бар. Жубайы Жолдошова Мастан 1925-жылы туулган, 85 жашта. Бул адам жөнүндө Мансуров Карыбек жа-

Жалал-Абадская областная библиотека

зам деп, бирок бизге билгизе элек. Угушума караганда, «жазып кеткен» – дешет, башкасын билбейм.

**Энназаров Арин** –1922-жылы туулган. 1940-жылы согушка кеткен. Согуш бүткөнчө колуна ок тийип (мурунураак келип), табилчи болуп иштеген. Согуштун жана эмгектин ардагери 7 уулдун атасы. Бир канча орден-медалдардын ээси болгон. 1986-жылы 22-ноябрда өлгөн.



**Жубайы Энназарова Кишим** 1929-жылы туулган. 7 уулдун бардыгы үй-жайлуу. Небере-чеберелерин эркелетип эс алууда. Төртүнчү уулу Энназаров Садирбай Аринович, Авган согушунун ардагери.



**Абдыкадыров Асран** – 1915-жылы 20-июлда туулган. 1985-жылы февралда удостоверение берилген. 60лет Вооруженных сил СССР. 1978-жылы Русет медаль. II топтогу. Отечественная война №1963440. 1941–45-Кызыл жылдыз. Эмгек ардагери медалын алган. Абдыкадыров Орозду тарбиялап өстүргөн. Базар-Коргон автовокзалында алдыңкы кызматчы болуп иштейт.

**Базаркулов Зулкаары** –1916-жылы туулган. 1938-39-жылы Финсогушуна катышып келет. 1940-жылы бригадир болуп иштеген. 2 кг машактын айынан 6 ай түрмөдө жатат. Түрмөдөн нары. 1941-жылы согушка кеткен. 1941-жылы Москвага барып, айдын жарыгында туз төшөлгөндөй көрүнөт, аны Зулкаары аба жата калып жалайт. 1943-жылы майда колунан жарадар болуп, айыгып кайра согушат. 1944-жылы декабрь айында бутунан жарат алып кайтып келет. Согуштан келгенден кийин тип оорусу жайылып, балдары өлүп, жубайы Салима эже экөө калат. Журт которушуп Ийри арыкка барып, өгүз багат. Ошол учурда Палина деген орус келип доңуз багышат.Салима эже менен Палина ортак боло калат. Салима комсомол комитети болуп иштеп жүрөт. Палинаны өзүнө нике кыйдырып алат. 1948-жылы Людмила аттуу кыздуу болот. Аны улап Салима эже Орозгүл, Чыныгүл, Токторали, Мыктарали, Ырысгүл, Жамгырчы аттуу перзентке ээ болот. 1994-жылы 81 жашында дүйнөдөн кайткан.Украинада согушкан. Ошол боюнча пенсияда жүрүп, 1996-жылы 28-декабрда каза болгон. Акманда бригадир болуп иштеген. Кийин I топтогу майып болгон. Бир нече медаль, ордендер менен сыйланган. Смоленский согушунда 16 кг соот кийип, немистердин оборонун талкалаган экен. 1943-жылы сол колуна ок тийип, майып болуп келген. Үч кыз, эки уулдун атасы. Бала-чакасы өз алдынча үй-бүлөлүү болуп эмгектенүүдө. Людмила, Орозгүл, Токторали, Ырысгүл, Жамгырчы бешөө бир тууган болушуп, ынтымактуу жашап жатышат.



**Назаралиев Паяз** – 1914-жылы туулган. Согушка чейин завферма болуп иштеп турган убакта согуш башталат. Согушка катышып келгенден кийин, 1949-жылы Бишкектеги Колхоздордун председателдерин даярдоо боюнча Кыргыз Республикалык айыл чарба орто метебине кирип, толук курсун бүтүргөн. 9-октябрь 1952-жылы

Жалал-Абадская областная библиотека

Назаралиев Паязга кенже агроном деген наам берилген. КПССтин мүчөсү Жай-Терек колхозунда башкарма болуп иштеген. (1953-жылдарга таандык.) Ар кандай кызматта иштеп жүргөн. Бир топ медаль-ордендердин ээси. 11 баланын атасы. 2000-жылы каза тапты.

**Байтемиров Мамали** – 1895-жылы 20-декабрда туулган. 2004-жылы 4-июнда өлгөн.

1938-жылы кетип, 1945-жылы келген. Колхоздо иштеп жүрүп пенсияга чыккан. 5 баланын атасы 3 кыз, 2 уул.

**Байтемирова Бурма.** 1934-жылы 20-декабрь. Байтемир аба 3-жолу кулакка тартылып, карыгандагы жубайы. Мырзакулова Таажикан менен жашап, Карыбек деген уулдуу болушат. Ал уулу 1964-жылы окуучуларды пахтага алып барып келе жатканда авто кырсыктан каза болот. 7-класста окуп жүргөн убагында неберелери Имирсин, Кырбаш эриш аркак болуп, Тылда эмгектенип жүрүп эрезеге жеткизген. Байтемир аба Ата Мекендик согушка үч уулун жөнөтөт. Бактысына үч уулу тең өз мекенине кайтып келет. Балдарынын алдында 83 жашында кайтыш болот.



**Таштанов Тургунбек** – 1911-жылы 12-июлда туулган. Тоголок жетим болуп, агасы Таштанов Акмат экөө жетим балдар үйүндө тарбияланат. Таштанов Акмат 1909-жылы туулган. Туркестанский военный округда иштеген. Генерал майор Эргеш Алиевтин командири болгон. Ташкентте квартирада жашап жүрүп, көмүргө ууланып өлгөн. Тургунбек аба билимдүү болуп келип, биринчи биздин айылдын мугалими болуп иштейт Ачы районунда. Согуш учурунда Бел-Терек колхозунда председатель болуп иштеп туруп, элди тууганым дебей көпчүлүктү патриоттуулук сезими менен согушка айдаган. Мына ошондой жалын жүрөк интеллигенттерди уюштуруучулук эмгегинин негизинде Совет эли жеңишке ээ болгон. Балдар кыздарынын бардыгы өзү менен өзү турмуштан ордун тапкан. Тургунбеков Узакбай аке жөнүндө өзүнчө кайрылабыз. Тургунбеков Аким математик ОГПИни бүткөн. Тургунбекова Ырыс Политехникалык инииститутту бүткөн. Тургунбекова Үрпүя Бишкектеги финтехникумду бүткөн. Тургунбек аба 1997-жылы дүйнөдөн кайтты.





**Тургунбеков Сыргабай** – Жалал-Абад кесипчилик окуу жайын бүтүргөн. Учурда жеке ишкер. Бишкекте 4 уул, 2 кыздын атасы, 5 неберелүү. Жубайы Ибарат экөө ыйык перзенттин чоң эне, чоң атасы. Тургунбеков Ысмайыл кечипчилик окуу жайын бүтүргөн, бир уулдун атасы. Тургунбек абанын жубайы – Таштанова Шарапат эне 1926-жылы туулган. Эмгек ардагери, 9 баланын апасы. Небере-чөбөрөлөрдүн энеси. Гүмкапа айылында ардактуу карыялардын катарында. Уул-кыздарынын урмат-сыйын көрүүдө.

**Осмонкулов Кулмаш** – 1884-жылы туулуп, 1984-жылы дүйнөдөн кайткан. Согушка 1942-жылы кетип, 1945-жылы кайтып келген. Станкова пулемётту өзү

жалгыз согуш бүткөнчө сүйрөгөн экен. Согуштан бир нече орден-медалдардын ээси.10 эркек, 1 кыздын атасы. Осмонкулова Бүажар. 1925-жылы туулуп, 1995-дүйнөдөн кайткан. Эмгектин ардагери. Бул Кулмаш абанын балдарынын бардыгы айылдын алдыңкы лидерлери болуп саналат. Уулдары, неберелери билимдүү,ишкер өнүгүп өскөн, кызыр жылоологон адамдар. Балдарынын ошондо алдыңкы адам болуп өсүшүнө Кулмаш ава менен Бүажар эненин туура тарбия бергенинен деп белгилейбиз.



**Бегматов Исак** – 1920-жылы 1-апрелде туулган. Эл катары Улуу Ата Мекендик согушка колуна курал алып, батышты көздөй жөнөйт. 1941-жылы июль айында аткычтар-дивизия бөлүмүнө барып, атышып жүрүп колуна ок тийип, 1942-жылы 608 бөлүмүнөн майыптардын катарына үйүнө жөнөтүлөт. Согуштан келип, тылдагы эмгек майданына катышат. Эл арасында согушка дан жана башка үгүт насаат иштерин жүргүзөт. 7 уул, 2 кыздын атасы. Орден-медалдардын ээси. Уул-кыздары небере көрүп, ээрчитип калды. 1986-жылы дүйнөдөн кайткан.



**Абдыкадыров Мырзаали** – 1922-жылы Жапаш айылында туулган. Улуу Ата Мекендик согушка 1942-жылы эл катары барып, согушта жарадар болуп, госпиталда жатып, кайра согушка кирип, согуш бүткөндөн Жеңиш менен келген. Ата Мекендик «Кызыл жылдыз» орденин 1985-жылы алган. 1982-жылы 2-даражадагы Эмгек ардагери медалын алган. 1986-жылы СССРдин куралдуу күчтөрүнүн 60-жылдыгы медалын алган. 1985-жылы согуштун ардагери күбөлүгүн алган. Ильясова Алима эже экөө Ачы токой чарбасында кызмат өтөп жүрүп, элге эмгеги сиңген, эмгектин дагы ардагери болуп өмүр сүрүштү. Алардын басып өткүн жолу жаштарга үлгү болуп кала берди. 5 уул, 4 кыз. 1 неберени өстүрүп эрезеге жеткизди. Чоң уулу Алимбек Ноокендин алдыңкы тургуну. Абдыкадыров Мырзаали 1993-жылы 26-июнда өлгөн.





**Байдалиев Алмамат** – 1907-жылы туулган. Улуу Ата Мекендик согушта Ленинграддагы салгылашууга катышкан. Согуштан кийин дагы эмгектенип жүрүп, Байдалиева Улуш эже экөө «Эмгек ардагери» болгон. 1989-жылы дүйнөдөн кайткан. 3 уул 2 кызды тарбиялап өстүргөн.

**Кадыркулов Маадали** – 1914-жылы туулган. Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери. Бир нече орден-медалдардын ээси. Алты баланын атасы. Магазинде иштеген. Көп убакыт уста болуп эмгектенген. **Кызы Маадалива Пайиз** эже дагы Ардак тактадан түшпөй алдыңкы тигүүчү болуп эмгектенип, эс алууга чыккан. Учурда Кочкор-Атада жеке ишкер болуп эмгектенип жатат.





***Жубайы* Кадыркулова Каракыз** эже экөө 6 баланы тарбиялап өстүргөн. Балдарынын бардыгы уста.

Жалал-Абадская областная библиотека

## ЭМГЕК АРДАГЕРЛЕРИ

Тургунбаев Аскар – 1933-жылы туулган. Жалпы тылдагы эмгектенген өспүрүмдөр сыяктуу Согуш убагында эмгектенген. 1957-жылы Өзбекстандын Пахтабадд районунда койчу болуп иштеп жүрүп, 1993-жылы пенсияга чыгып, 1994-жылы Кыргызстанга көчүп келген. Айылдын алдыңкы аксакалдарынын бири.



**Тургунбеков Узакбай** – 1938-жылы туулган. Алайда ЗВТны бүтүп, Алайда иштеген. Ош областынын Алай районунун Правда колхозунда башкы зоотехник болуп иштеген. Ачы лесхозунда 1964–65-жылдарда зоотехник болуп иштеген. Жаңы-Жол районунда башкы зоотехник болуп эмгектенген. Базар-Коргон районунун Киров токой чарбасында, башкы зоотехник, 1967–1968-жылдарда жумушчу болуп иштеген. 1969-жылы Москвадагы Кызылтуу ордендүү ВЦСПС жогорку окуу жайына кирип, 1973-жылы бүткөн. 1973-жылы Ош областы боюнча 79га чейинки профсоюздар боюнча зам болуп иштеген. 1979-жылы 14-августа Арстанбап Пансионатында директор, андан кийин Ачы лесхозунда 8 жыл директор болуп эмгектенген. Комсомол колхозунда зампред болуп, айыл өкмөттө зампред болуп иштеген. 2001-жылы 24-майда каза болду.

**Мамажанов Касымбай** – 1936-жылы туулган. Базар-Коргондо 1-мартта 1956-жылы майзаводдо иштеген. 1958-жылы 23-декабрдан болуп эмгектенген. 1960-63-жылдары Токтогул районунда майзаводдо иш-





теген. 1967-жылы Ленин районунда Энгельс колхозунда эмгектенген. Социалисттик эмгектин Баатыры К. Абдураимовдун колунда иштеген. 1973-жылы 17-октябрдан баштап, Киров токой чарбасында иштеп, ардактуу эс алууга чыккан. Жубайы Үрпүя 9 баланын ата-энеси болушту. Дөөлөтбек 1959-жылы туулган. Токой чарба боюнча билим жактаган. Биология илимдин кандидаты. «Лесник» программасында иштешет. Ырысбү орус тил – мугалими. Венера – мугалим. Дамира – бухгалтер.



**Борбуев Шами** –1928-жылы туулган. 1984-жылы «Эмгек ардагери» деген медаль алган. Колхоздон эки медаль, лесхоздон эки медаль, Мактоо баракчалары Асанбековдун колу коюлган. М.С. Киров токой чарбасынын «Ворошиловград» медалдарынын ээси. Тогуз баланын атасы. Балдары Борбуев Зайирбек – профком. (Лесхоздо аарычылык боюнча) **Борбуев Шайимбек** – мугалим. Борбуев Адилбек – айыл башчы. Борбуев Максат – үйдө. Кыздары турмушта. Айылдын алдыңкы адамдары.



**Артыкбаев Нышанбай** – 1929-жылы туулган. 1959-жылы КПССтин мүчөсү болгон. 20 жыл Аралда, 2 жыл Шамалдысайда, 2 жыл Кызылжар совхозунда иштеген. Ачы лесхозунда 2 жыл. Киров лесхозунда иштеп жүрүп, эс алууга чыкты. Бир нече орден-медалдардын ээси. Он үч баланын атасы. 2004-жылы

каза болгон. Эмгек ардагеринин аты, өзү жашаган көчөгө берилген. Жубайы Артыкбаева Уулжан, баатыр эне, ардактуу эс алууда.



**Мавлянкулов Ибраим** – 1928-жылы туулган. Жалал-Абаддагы зоовет. Техникумун бүтүргөн. Жалал-Абаддагы ЗВТны Токтогулдан бери зоотехник болуп иштеген. Ташкенттеги айыл чарба техникумун бүткөн. Токой бөлүмүн. 1962–1966-жылы бүтөт. 1961-жылы 16-ноябрда КПССтин мүчөсү болгон. Грамоталары бар. Бир нече медалдардын ээси. 8 баланын атасы. Сапарбай 1952-ж. Калыскан 1955-ж. Жаныбек мектепте директор. Байышбек – мугалим. Түгөлбай почтальон. Айтмамат Жалал-Абадда ички иштер бөлүмүндө иштейт. Учурда орун басар. Нурмамат Бишкекте Республикалык УВДда иштейт. Бактыкан Бишкекте иштейт. Жубайы Мурзайым жеңе экөө балдарынын чайын ичип, бактылуу карылыкта өмүр сүрүүдө.

## ЭЛ АЛДЫНДА КАДЫР-БАРКТУУ КАРЫЯЛАР



**Кадыркулов Мамиш** – 1928-жылы туулган. Жети баланын ата-энеси. Тылдагы эмгектенгендердин катарына кирет. Атасы Кадыркул ата, өзүнчө өнөркана колдонгон. Жыгач көмүрдөн көөрүк менен темир узанган адам болгон. Колунан көөрү төгүлгөн уста болгон. Ооз комуздарды жасап, кыздарга берчү. Үй эмеректерин жасачу. Атасынын өнөрүн улап комуз чаап, түрдүү ат жабдыктарды жасаган уста. Бул өнөрүн колхоздо иштөө менен бирге алып жүрдү. Кадыркулова Айкан



политехникалык институтту бүткөн, Бишкекте паспорттук столдо иштейт. Кадыркулова Гүлийпа, 1967-жылы туулган. Бишкектеги кыргыз мектептери үчүн орус-тили, адабияты мугалими. Жогорку билимдүү. Азыр Бишкекте иштейт. Калган балдары да устачылык менен эмгектенет.



**Осмонов Ысман** – 1927-жылы туулган. 1944-жылы мугалим болуп иштеген. 1948-жылы Вет. техникумуна кирип, 1949-жылы бүтөт. 1950-жылы Правда, Көк-Алма, Моголдо мал доктор болуп иштеген. 1955-жылы 10-февралдан 25-мартка чейин Райпоодо завскладчы болуп иштеген. 1956-жылы госстрах инспектор. 1960-жылы КПССтин мүчөсү болгон. 1990-жылга чейин партияда иштеп жүрдү. Магазинде иштеп жүрдү. 1985-жылы ар кандай партиялык кызматтарда иштеп жүрдү. 1969-жылы Киров лесхозунда жаратылышты коргоодо иштеди. 1985-жылы эс алууга чыкты. 14 баланын атасы. Чоң баласы Жаныш. Военный училищаны бүткөн. Новосибирскийде окуган. Байыш – Политехникалык институтту бүткөн. Карамат – хим биолог. Абыш – Дүйнөлүк эл достугу П.Лумумба атындагы Москвадагы университетти бүткөн. Англия, Австралия, Нью-Йорк, Швецарияда иштеп, билим алды. Учурда Россия-Кыргыз эртех фирмасын жетектейт. Гүлайым – Москвадагы университетти бүткөн. Калыскан военный пропоршик. Пенсияда. Бактыгүл – военный врач капитан. Максуда – мед.училищаны бүткөн. Алишер – шофер. Аким – үйүндө шофер. Ырыс – Бишкекте. Адалат – дыйкан чарбада эмгектенет.

Жалал-Абадская областная библиотека

**Осмонова Тилла эже** 1928-жылы туулган. 1965-жылы Баатыр эне наамы берилген. 1982-жылы эмгек ветераны деген медаль менен сыйланган. Ысман аке менен Тилла эже айылдын алдыңкы өнүп-өскөн үлгүлүү үй-бүлөлөрдөн болуп эсептелет. 2009-жылы Тилла эже кайтыш болуп кетти. Ысман аке ардактуу эс алууда.



**Тургунбаев Кимсан** – 1928-жылы туулган. Бел-Терек айылында 13 жашынан мугалим болуп иштеген. Согуш убагында окуучуларды уюштуруп тылда эмгектенишип, согушка дан жөнөтүшкөн. 1946-жылы үйлөнгөн. 1949-жылы Аралга Интернационал колхозунда кассир, эсепчи болуп, иштеп жүрдү. 1956-жылы көчүп келип, мал чарбада иштеди. 1958-жылдан баштап 1962-жылга чейин лесхоздо иштеп жүрүп, пенсияга чыкты. 2003-жылы 6-майда кайтыш болду. №121 Ош областындагы 26-марттагы чечими менен, Эмгек ардагери медал менен 1987-жылы сыйланган. Он баланын атасы. Жубайы – Тургунбаева Молускан.



**Мавлянкулов Асилбек** – 1937-жылы туулган. 10-классты Кызыл-Октябрь орто мектебинде бүткөн. 1957-жылы Фрунзедеги бухгалтерский техникумду 1959-жылы 18-апрелде бүтүргөн. Киров токой чарбасында башкы бухгалтер болуп иштеп жүрүп, 1968-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине кирип, айыл чарбасын пландаштыруу адистиги боюнча толук курсун 1973-жылы бүтүргөн. 30-июнь 1973-жыл мамлекеттик экономист №731116 Фрунзе шаары,



5-июль. Удостоверение №374764 Казакстанга барып, 1977-жылы Алма-Атадан алган. Мамлекет тарабынан алган сыйлыктары: Көптөгөн мактоо граматалары бар, 5-жылдыктын ударниги деген медалын Бекбаев, Асанкожаевдин колунан алган. 1981-жылдан баштап КПССтин мүчөсү болгон. Армияда 1957–58-жылдары кызмат өтөгөн. 1975-жылдан Арстанбап айыл өкмөтүндө төрага болуп иштеп жүрүп, 1985-жылы авто кырсыктан каза болгон. Жубайы Мавлянкулова Айзада 1935-жылы туулган. Улуу баласы Эсен 1957-жылы туулган. Бишкекте эмгектенет. Политехникалык институтту бүтүргөн. Таштанбек 1959-жылы туулган. Жогорку билимдүү. Жалал-Абаддагы «Келечек» заводунда орун басар болуп иштейт. Жылдызкан 1961-жылы туулган. Кесиби врач. Чынара Чаткалда бухгалтер. Экономфакты бүткөн. Бактыбек Бишкектеги финтехникумду бүткөн. Бермет 1967-жылы туулган. Медициналык окуу жайын бүткөн. Динара 1969-жылы туулган. Жогорку билимдүү. Өз алдынча үй-бүлөлүү. Батма 1979-жылы туулган. Кенже кыз. Өзүнчө үй-бүлөлүү. Бардыгы турмуштан оордун тапкан. Үлгүлүү үй-бүлө ээлери. Бактылуу эне Айзада эжем.



**Чолпонкулов Иса Ажы** – 1926-жылы туулган. 1933-жылдан баштап жанчык айдаган. Оп майданы биринчилерден баштаган. Согуш убагында кош айдап, бутуна чөңөр кирип, тешип чыгып кеткен. Азапты аябай тарткан. Жаздан кышка чейин талаада жүрүп, 1949-жылы Ноокен районундагы интернационал колхозуна барып, 1959-жылга чейин малчы болуп иштеген. 1959-жылдан баштап Киров токой чарбасында иштеп жүрүп пенсияга чыккан. 2006-жылы Ажылык милдетти аткарган. Азыр ооруп төшөктө

жатат. Жубайы Чолпонкулова Батма 1930-жылы туулган. Колхоздо саанчы, лесхоздо бак өстүрүп, бак чарбада иштеген. 7 баланын ата-энеси. Иса Ажы 1995-жылы 2-майда «Жеңиштин 50 жылдыгы» медалына ээ болгон. 1988-жылы эмгек ардагери болгон. Жубайы да 1982-жылы эмгектин ардагери болгон.



**Канназаров Айти** – 1933-жылы туулган. Лениндин 100 жылдыгы медалын алган. Тылдагы эмгектенгендердин катарына кирет. Он баланын атасы. Согуш убагында тылда эмгектенген. Согуш учурунда машак терип, бүт балдар сыяктуу жан үрөп иштеген. Жубайы Канназарова Зейнеп эже менен жети уул, үч кызды тарбиялап өстүргөн. Улуу баласы – Канназаров Абдрахман. Ал «Ө.Атабекова» атындагы мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт. Айти аке менен Зейнеп эже айылдын алдыңкы аксакалдары. Балдары турмуштан өз ордун тапкан.



**Калназаров Райымбек** – 1928-жылы туулган. Тылдагы эмгектенгендердин катарына кирет. Бой тартып армия жашына жеткенден кийин, 1951-жылы 3 жыл 3 ай армияда кызмат өтөгөн. Армияда Восточный Казакстанда служба кылган 1,5 жылдан кийин Өмскиде бүтүрүп келген. Өмүр бою иштеп, карылыгы жеткенде пенсияга чыккан. 1995-жылы дүйнөдөн кайткан. Кызы Эркайым бала-чакалуу болуп, өзүнчө үй-бүлөлүү.





**Зулпуев Маданбек** – 1932-жылы туулган. Согуш убагында өгүз кош айдап, жанчык айдап жүрүп, согуш бүткөнчө талаада жүрүп күн көргөн. 1951-жылы 3-жыл 3 ай армияда кызмат өтөгөн. Армияда Восточный Казакстанда служба кылган. Бир жарым жылдан кийин Омскиден бүтүрүп келген. 8 баланын атасы. Ардактуу эс алууда. Эмгек ардагери медалы бар, 1982-жылы алган. Жубайы Зулпуева Турсун жеңе экөө бактылуу карылыктын өмүрүн сүрүүдө.



**Нуркулов Матай** – Тылдагы эмгектенгендердин катарына кошулат. 1930-жылы туулган. Согуштун убагында күндөп-түндөп талаада эмгектенген. 1951-жылы үч жыл үч ай армияда кызмат өтөгөн. Армияда Восточный Казакстанда служба кылган. Бир жарым жылдан кийин Омскиде бүтүрүп келген. Беш кыз эки, уулдун атасы. Иштеп жүрүп карылыгы жетип, пенсияга чыккан. 317 номерлүү жолдонмосу бар. Айылдын алдыңкы аксакалдарынын бири Жубайы Нуркулова Зулайка экөө уул-кыздарынын урмат-сыйын көрүп, өмүр сүрүүдө.



**Калбаев Акматали** –1933-жылы туулган. Атасы согушка кетип, согуш учурунда күндөп-түндөп эмгектенишип, тылдагы эмгектенгендердин катарына кирет. Атасы согуштан кайтпай калат. Апасы «Тагдырдын өгөй балдары» сыяктуу эмгектенип жүрүшүп эрезеге жетет. Жети баланын атасы. Уул-кыздарынын бардыгы турмуштан

Жалал-Абадская областная библиотека

ордун таап небере-чөбөрөнүн атасы. Бактылуу карыялардан болуп, Үрүнса жеңе менен балдарынын чайын ичкен убагы.



**Тагаев Абдиллабек** – 1924-жылы Бел-Терек айлында туулган. Ата –энесинен жаш кезинен ажырап, томолой жетим болуп көрүнгөндүн колунда жүрүп чоңоёт. Окуп, жети жылдык билим алат. Бой жеткенде согуш мезгилинде Бел-Терек колхозунда, бухгалтер болуп иштеген. Кийин үйлөнүп, 8 балалуу болот, эки кыз, алты уул бардыгын тарбиялап өстүрүп, окутуп, өз колу менен үйлөп жайлап кадырлуу карылыктын чайын ичет. Кийин лесхоз курулганда жумушчу болуп иштеп, лесхоздун бак чарбасында он беш жылга жакын багбан болуп иштеген. Кийин карылыгы жетип, пенсияга чыгып, кутман карылыкта жашап калат. Кийин оорудан 75 жашында, 1998-жылы августун 17 синде кайтыш болот. Азыр анын балдары жана кыздары очор-бачар болуп, бардыгы уул кыздары, кыз берип, келин алышып неберелүү болушуп өз оокаттары менен үзүрлүү болуп жашап жатышат. Тагаев Абдиллабек – эмгек ардагери жана Эмгек кызыл туу ордени менен сыйланган. Азыркы мезгилде анын аялы Тагаева Анар 86 жаш курагында. Кутман карылыктын чайын ичип жашап жатат. Тагаева Анар да согуш убакта орок оруп, жер сугарып, чөп чаап, кетмен чаап аткарбаган иши калган жок.

**Султаналиев Өскөнбай** – 1949-жылы туулган. Шартка байланыштуу 2 жыл мугалим болуп иштеп, үй-бүлө куруп, андан кийин 1968-жылы Жалал-Абаддагы педа-





гогикалык окуу жайын Сырттан окуу бөлүмүнө тапшырып, 1971-жылы аяктаган. Эки жыл мугалим болуп иштеген. Техникумдун бухгалтерия бөлүмүн бүткөн, 27-жыл М.С.Киров токой чарбасында эсепчи болуп иштеди. Үч уул, үч кыздын атасы. Балдары: Алмазбек, Жеңишбек, Кеңешбек, Нурзат, Гүлзат, Назгүл. 2005-жылы узакка созулган оорудан көз жумган.



**Ормонов Сатыбалды** – 1936-жылы туулган. Согушта жанчык айдап, апасы Салтанат эне экөө тылда эмгектенген. Өмүр бою эмгектенип жүрүп, азыр эс алууда. Согуш убагында жанчык айдап Салтанат эне экөө ээрчишип колхоздун аткарбаган жумушу калбайт. Атасы Осмонкулов Ормон аба согуштан кайтпай калат. Атадан калган туяк элинде эрезеге жетип, очор-бачар болуп азыр ардактуу эс алууда. Эркек балдары, кыздары өз алдынча эл менен эмгектенүүдө. Ормонова Ырыс эже экөө уул-кыздарынын урмат сыйын көрүүдө. Улуу баласы Кубанычбек учурда токойчу болуп эмгектенет.



**Бобеков Бейшемби** – 1931-жылы туулган. Лесхоздо корукчу. Өмүр бою ушул лесхоздо иштеген. 11 баланын атасы. Ата кесибин улантып, учурда уулу Токтосун дагы токойчу болуп иштейт. Башка балдар-кыздары өзүнчө эл катары очор-бачар болуп жашоодо. 1988-жыл «Эмгек ардагери». 1941–1945-жыл ВОВ 50 лет войны 2-май 1995-жыл.

Жалал-Абадская областная библиотека



**Ражапов Мажит** – 1928-жылы туулган. 7-класс билими болгон. Пед училищаны бүткөн. 1955-жылы Жай-Теректе, 1956-жылы Ботмойнокто, 1957-жылы Дашманда иштеген. Бел-Терек мектебинде кырк жылдан ашык эмгектенди. Үч уул, үч кыздын атасы.

Парта жок жерге саманда,
Төшөп бир алып тизеден,
Тамганы тактап билгизген,
Ошондой татаал шарттарда,
Кесибин таштап кетпеген.
Агайдан тамга үйрөнүп,
Эчендер чыкты айылдан.
Айтылып калды агай,
Жүрөктө калды сакталып.

*2005-жылы 28-февралда дүйнөдөн кайткан.*

**Мамбетов Камал** – 1925-жылы туулган. Базар-Коргон районуна караштуу Бел-Терек (Жапаш) айылында туулган. Улуту – казак. Согуш убагында тылдагы эмгектенгендердин катарына кирет. Колхоздо, кийин токой чарбада 57 жыл корукчу болуп иштеген. 1988-жылы эс алууга чыкты. Кызыл жылдыз, Эмгек ардагери, Лениндин 100 жылдыгы аттуу медалдардын ээси. Бир нече грамоталарды алган. 7 баланын атасы. Раймжан, Токтокан, Садир, Бурма, Сатар, Таажи, Жумалы. Азыр 86 жашта. Ардактуу эс алууда. Бир тууган агасы согуштан мурда чапкан жыгач күрөгүн, ушул убакытка чейин сактап жүрөт. Согуштан кайтпай калган Убалы агасы да, дарексиз жоокерлердин катарында.

**Бакыев Сатаркул** – 1932-жылы туулган. 1948–1951- жылдары Жалал-Абаддагы пед. училищаны бүтөт. 1951– 1981-жылга чейин Бел-Терек мектебинде мугалим болуп иштейт. 1961–1967-жылдары Ош пед. институттун физика-математика бөлүмүн бүткөн. 31-жыл иштегенден кийин эмгек сиңирген мугалим бо-





луп, пенсияга чыкты. Жубайы Бакыева Аптоокан 1934-жылы 20-октябрда туулган. Бир уул, бир-кыздын энеси. Айылда төрөткана жок. «Он төрт жашынан баштап, кой кайтарып жүрүп кой төлдөттүрдүм. Он тогуз жашыман баштап, аял төрөттүм». Түшүнөн аян берген, кырк кулактуу казан алган. Тубаса таланты менен аялдарды төрөтөт. Айылдын Умай энеси болуп эсептелет. Эженин колунан төрөлгөн кыздар, небере көрүп калышты.



**Нуркулов Максытали** – 1932-жылы туулган. Согуш убагында тылда эмгектенгендердин катарына кирет. Айылда санжырачы. 11 баланын атасы. Уул-кыздары турмуштан өз ордун тапкан. Жубайы – Нуркулова Насийпа 1937-жылы туулган. Экөө Киров токой чарбасында жылкычы болуп иштеп жүрүп, эс алууга чыгышты. Нуркулова Насийпа жеңе «Баатыр эне». Экөө небере, чөбүрө көрүп, бактылуу карылыктын үзүрүн көрүүдө.

Жалал-Абадская областная библиотека

**Алыбаев Чоңду** – 1931-жылы туулган. Тылдагы эмгектенгендердин катарына кирет. 1951–1953-жылдары корукчу болуп эмгектенген. Андан кийин 25 жыл шофёр болуп иштеген. Сегиз баланын атасы. 2004-жылы каза болду. Эмгек ардагери.



**Осмонов Аттокур** – 1929-жылы туулган. Атасы согуштан кайтпай калган. Согуш убагында тылда эмгектенген. Он баланын атасы. Жубайы Осмонова Калыйпа эже экөө учурда бактылуу карылыктын үзүрүн көрүүдө. Калыйпа эже Баатыр эне болгон. Осмонов Абдималик 1960-жылы туулган. Бишкектеги Скрябин атындагы айыл чарба институтун бүтүргөн. Абдыманап 1962-жылы туулган. Экономист. Областтык салык инспекциясында иштейт. Абдыкайым 1966-жылы туулган. Шофёр. Бакыт 1968-жылы туулган. Шофёр. Советбек 1972-жылы туулган. Экономист. Райондо салык инспекциясында иштейт. Кыздарынын бардыгы турмуштан ордун тапкан. 41 небере, 7 чөбүрөсү бар.



**Паязов Аваз** – 1942-жылы туулган. Орто мектепти бүтүргөндөн кийин, Пржевальскийдеги Киров атындагы токой чарба техникумуна окуйт. 1959-жылы бүтүрөт. Токой чарбада 42 жыл эмгектенген. Токойчулуктун бир нече жолку медаль, грамоталары менен сыйланган. Киров токой чарбасы, токой инженери, мамлекет токой сакчылыгы менен сыйланат. Арстанбап токой чарбасы тарабынан Мамлекеттик токой сакчылыгында көп жыл иштегендиги үчүн значок менен сыйланат. 2003-жылы Мусуралиевдин колунан алган. 10 баланын атасы. Жубайы Паязова Токтокан «Баатыр эне». Бала чакасы туш тарапта, өз алдынча жашашат.





**Базарбеков Уюл** – 1924-жылы Токтогул районуна караштуу Ичке-Сай айылында туулган. Апасы Мыскал жэебиз Үч-Терекке сиңдисинин үйүнө барып калат. Ошол убакта Базарбек жезденин эки баласы калып, аялы өлүп калган экен. Мурда балалуу болбой, турмуштан ажыраган Мыскал эжебизди ошол жерден эмчектеги баланы эмиздирип, Базарбек жездеге үйлөнүп алат. Мыскал эжебиздин жетимдерге энелик мээримин төккөнүнөн, төрөбөгөн Мыскал эжебизден сүт чыгып, Эмилбекти эмизип, Орунбек деген экөөнү асырап багып калат. Анын артынан 1924-жылы Уюл, Буркан, Кулша аттуу үч балалуу болот. Базарбек жезде дүйнөдөн өтөт. Өзүнүн бир тууган иниси Осмон эл башкарып турган убагы экен. Токтогулдан балдары менен алып, баса берет. Согуш убагында Орунбек согушка кетет. Эмилбек Жалал-Абаддан пед.техникумду бүтүп, кайра Токтогулга кетет. Уюл аке айылда талды эмгектенет. Жапаштан Суранчы кызы Зулайка эжени алат. Жапашта алдыңкы жумушчулардан болуп иштеп жүрүшүп, эки кыз, эки уул чоңойтот. 1964-жылы Кызыл-Суууга көчүп келет. Ачы токой чарбасында жылкычы болуп иштеп жүрүшүп, эмгектин алдыңкы

Жалал-Абадская областная библиотека

катарында жүрүп, жашы жеткенде, персоналдык пенсияга чыгышат. Ачы лесхозу жигули машинасы менен сыйлаган. Кичине уулу Базарбеков Жоробек Алматыда айыл чарба институтун бүтүп, азыр Алматыда жеке ишкер болуп эмгектенет. Экөө тең эмгек ардагери. (медалдардын ээлери). Зулайка эже 1929-жылы туулган. 2004-жылы дүйнөдөн кайткан. Базарбеков Уюл 2006-жылы каза болгон.





**Осмонов Өсөркул** – 1920-жылы апрель айында Базар-Коргон районуна караштуу Коргон-Жар айылында кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1942–1949-жылдар ичинде Бел-Терек башталгыч мектебинде иштеп, анан зав.школ болуп көп жылдар бою эмгектенген. Эл агартуу ишинде жакшы эмгектенгендиктен Өкмөт тарабынан эмгегин баалап, эл агартуу отличниги деген наам, көптөгөн грамоталар менен сыйланган. 9 баланын атасы. Азыр тогуз баласы тең бар. Ар кимиси ар кайсы иштерде иштеп, алды пенсияда жашап жатат. Осмонов Өсөркул өмүрүнөн акырына чейин эл агартуу майданында эмгектенип, көптөгөн жаш муундарды тарбиялады. Оорунун айынан 1988-жылы июнь айында бул дүйнө менен кош айтышты. Ошентсе да, эмгеги элдин жүрөгүндө түбөлүккө сакталат деп, окуучулары эскеришет. «Атамын кесибин мен алып калып, эл агартууда 36 жыл эмгектенип келдим. Эл арасында кадыр- баркка ээ болдум. Атамын кесибин ардактап алып келдим. Азыр ардактуу пенсиядамын» – деп, эскерет кызы Айымкан Өсөркулова.





**Алманбетов Турдумат** – 1954-жылы Бел-Терек айылында туулган. Эр жигиттик өз милдетин өтөп келүү менен, 1974-жылдан баштап сержант болуп иштейт. Сырттан окуп жүрүп, билимге жана капитандык наамга чейин жеткен. Ош окуясына дагы катышып, абийирдүүлүк менен аткарып, ички иштер тарабынан ар кандай сыйлыктарга татыктуу болгон. Баткен козголоңуна барып катышып, ошол учурда бир бутунан жарат алып келет. Ошонун кесепетинен ал жараты ракка айланып кетип, 2008-жылы 4-мартта дүйнөдөн өтүп кетти. Туулуп өскөн айылынан Турдумат биринчилерден болуп, ички иштер кызматында иштеген. Анын жаркын элеси кызматташтарынын жана айылдаштарынын жүрөгүндө түбөлүккө жашай берет. Артында калган эки уулу, эки кызы, жубайы эл арасында Кеңеш айылында кадыр-барктуу жашап жатышат.



**Кулмашова Ирсалат** – 1958-жылы Жапашта туулган. Бишкектен финансылык техникумду бүтүп келип, райондо РСК банкта 32 жылдан бери эмгектенип, алдыңкы айымдардын бири. Үй-бүлөлүү, үч баланын апасы.



**Садыркулов Сатыбалды** – 1925-жылы туулган. Согуш убагында тылдагы эмгектенгендердин катарында. Бир нече грамоталар менен сыйланган. Лениндин 100 жылдык медалы менен сыйланган. 1974-жылы Социалисттик жарыштын жеңүүчүсү медалы менен сыйланган. 1995-жылы 14-мартта

Жалал-Абадская областная библиотека

өлгөн. Жубайы Садыркулова Катча 1932-жылы туулган. Экөө алты уул, алты кыздын ата-энеси. 1983-жылы «Баатыр эне» наамы берилген. Тылдагы эмгектенгендердин катарына кирет. Азыр ардактуу эс алууда. Кызы Сатыбалдиева Пазилат Москвадагы Мичуринский институтунун орус тили, адабияты бөлүмүн бүтүргөн.



**Кулмашов Турсунали** –1948-жылы 12-июнда туулган. Ал Бел-Терек мектебинде 4-класска чейин окуп, кийин орто мектепти бүтүп, Бишкектеги айыл чарба институтуна тапшырып, аны 1972-жылы бүтүп чарбасына агроном, семеновод болуп ишке кирет. Андан кийин 1974-жылы агроном болуп иштеди. 1979-жылдан 1980-жылга чейин Базар-Коргондо Госинспекцияда инспектор болуп иштеди. 1980–81-жылдары Ооган-Талаада спец отрядда начальник болуп иштеди. 1983-жылдары Базар-Коргондо «Комсомол» колхозунда партком болуп иштеди. 1983-жылдан 1988-жылга чейин Ачы токой чарбасында партком болуп эмгектенген. 1988–1990-жылдары экономист болуп иштеген. 1990–1995-жылдары ДОЦта начальник болуп иштеди. Гүмкана айылында элге бий болуп жүрдү. Той, аш, өлүмдө элди башкарып жүрдү. 1995-жылы 26-ноябрь күнү улак болгон жерде жүрөгү кармап мүрт кетти. Артында беш баласы калды. Балдарынын баары жогорку билимдүү. Балдары атасындай жакшы адам болууга дайым аракет кылышат. Жубайы Кулмашева Кимия 1951-жылы туулган. Бухгалтер-экономист. Экөө тең КПССтин мүчөсү. Базар-Коргон айыл өкмөтүндө төраганын орун басары болуп иштеген. Могол айыл өкмөтүндө катчы, Ачы токой чарбасынын



алдындагы балдар бакчасынын башчысы, Арстанбап айыл өкмөтүндө төраганын орунбасары, катчы, болуп иштеп жүрүп, 2002-жылы пенсияга чыкты. Пенсия убагында дагы, айыл аялдарын уюштуруп, «Мээрбан» коомдук бирикмесин жетектейт.



**Досматов Темирбай** – 1995-жылы туулган. 15 жашында үйлөнгөн. Төрт уул, эки кыздын атасы. 1930-жылдан баштап, эсепчи болуп эмгектенет. 1932-жылы зав. ферма болуп эмгектенет. 1934-жылы Кызыл-Алма колхозунда башкарма болуп иштеген. 1938–42-жылдарда Киров колхозунда башкарма болуп иштейт. 1942–50-жылдар ичинде Жай-Терек колхозунда башкарма болот. 1950–1954-жылдары Көк-Алма колхозунда башкарма болуп эмгектенет. 1954–73-жылдары Киров сельсоветинде председатель болот. 1973-жылдан Арстанбап пансионатын курган. Анан пенсияга чыгат. Арстанбаптагы мөмө-жемишти кайра иштетүүчү заводунда иштеп жүрүп, 1978-жылы март айында 63 жашында дүйнөдөн кайткан. Темирбай абанын эл менен иштешине тил табышып, 3-класс билими менен ушунча жыл эл алдында эл башкарып өткөзгөндүгү, ал адамдын өлбөс эмгек калтыргандыгын далилдейт. Артында калган төрт уулу, эки кызы эл алдында кадыр барктуу. 1969-жылы КПВКнын алдыңкы билимин жогорулатуу күбөлүгүн алган. КПССтин мүчөсү. 1976-жылы Кыр-

Жалал-Абадская областная библиотека

гызстанда эки этаж объектини биринчилерден болуп, биздин Арстанбап сельсоветинин конторун салдырган. Ардак грамота, орден, медалдардын ээси. Бул Темирбай абанын балдары: Темирбаев Жолчу 1940-жылы туулган. Темирбаева Токтакан 1942-жылкы, он эки баланын энеси. Темирбаева Өктөмкан 1945-жылы туулган. Темирбаев Рахимжан 1947-жылы туулган. Темирбаев Азимжан 1953-жылы туулган. Темирбаев Алимжан 1956-жылы туулган. Арстанбап элинин алдында жүзү жарык, өздөрү жашаган көчөнүн аты берилген. Темирбай абанын эмгеги дагы эл менен кошо жашап жүрө бермекчи. Улам кийинки муундар, улуулардын басып өткөн жолу, аткарган жумушу силер үчүн улуу сабак болууга тийиш.



**Алдозова Салима** – 1930-жылы 15-майда Жапашта туулган. 1949-жылга чейин эл катары согуш мезгилинде тылда эмгектенет. 1949-жылы азыркы Ноокен районуна Интернационал колхозуна көчүп келип иштеп калышат. Ошол жерде иштеп жүрүп, КПССтин мүчөсү болот. Кийин «Арал» совхозу болду. Бир нече жолу айылдык, райондук, областтык советке депутат болуп шайланган. Кийин «СССРдин 50 жылдыгы» совхозунда алдынкы звеновой, алдынкы сугатчы болуп иштеп жүрүп, 1991-жылы пенсияга чыкты. Бир нече грамота, ордендердин ээси болду. Эки кызды тарбиялап өстүрдү. 1996-жылы 1-январда дүйнөдөн кайтты. Кызы Кимсанкан Жолдошова эки кыз, төрт уулду тарбиялап өстүрүп, коомдук иштерде иштеп жүрүп, эс алууга чыккан Ноокендин алдыңкы айымдарынын китебине кирген. Кичи кызы Жолдошова Кимияткан үч кыздын апасы.





**Канназаров Барпыбай** – 1964-жылы туулган. 6 жыл Бел-Теректе окуду. 8-классты Бөкөнбаев мектебинде бүтүп келип, Сейдикумда музыкалык мугалим болуп иштеп жүрүп, армияга кетет. Бишкекте милиция окуу жайын бүтөт. Бишкекте ЭНВПда иштейт. Министерствого чейин иштеди. Полковник наамы бар. Бишкекте эки баланын атасы. Үй-бүлөлүү.



**Курманалиев Шамши** – 1930-жылы туулган. Атасы согушка кетип, тылдагы эмгектенгендердин катарына кирет. Жанчык айдап, соко тартып, машак терип согуш мезгилинде алдыңкы жумушчулардын катарында болот. Согуш басылгандан кийин армияга чакырылып, үч жылдан ашык кызматын өтөп келген. Лесхоздо картошкачы болуп иштеп жүрүп, бир га (дан), 30 центнерден түшүм алган. Кийин корукчу болуп иштеп жүрдү. Көптөгөн медаль, грамоталардын ээси. Он баланын атасы. 2008-жылы дүйнөдөн кайтты. Жубайы Курманалиева Апиза эже балдарынын чайын ичип өмүр сүрүүдө.



**Мамажанов Дөөлөтбек** – 1959-жылы 14-декабрда туулган. 1978-жылы орто мектепти бүтүргөндөн кийин Ташкент айыл чарба институтуна кирип, аны 1983-жылы аяктаган. 1983–1999-жылдары областтын токой чарбаларында эмгектенген. 1999-жылдан баштап токой институтунда илимий кызматкер болуп иштейт. 2007-жылы кандидаттык диссертация жактаган, биология илимдеринин кандидаты. Үй-бүлөлүү, төрт баланын атасы.



**Эннազаров Садирбай Аринович** – 1961-жылы 28-февралда. Арстанбап айыл округуна караштуу Бел-Терек айылында туулган. 1979–1981-жылдарда Афган согушуна катышкан. Герат, Кондагар, Кабул шаарларында душмандарды тазалоодо каармандыгын көрсөткөн. Мамлекеттик эрдигин эске алып, Советтик Армиянын 70 жылдыгы, Авган элинин ыраазычылык, Эрдик каармандыгы жана эрдиги үчүн медалдардын, бир нече грамоталардын ээси. Райондук ардагерлер кеңешинин мүчөсү. Учурда №39 Бел-Терек орто мектебинде мугалим.



**Нурманбаев Муктарбек Жакыпович** – 1963-жылы туулган. Орто мектепти аяктагандан кийин, Бишкектеги университетти биология факультетин бүтүрөт. Бүтүп ЖАГУга мугалим болуп иштейт. Илим изилдөө ишин улантып, биология жана жаратылышты коргоо боюнча диссертация жактаган. Илимдин кандидаты. Үй-бүлөлүү, үч баланын атасы.



**Алдозова Жамийла** – 1936-жылы 15-мартта туулган. Аралда жашап жүрүп, Көчөров Калык жезде менен баш кошуп, төрт уул, төрт кызды тарбиялап өстүргөн. Жыйырма эки небере, бир чөбүрөнүн энеси. Аралда жашап жатат. 1981-жылдан бери ардактуу пенсияда.





**Романов Шакир** – 1931-жылы туулган. Үч бала тоголок жетим калып, согуш убагында көрбөгөн кордукту көрүп чоңоюшат. Тылда машак тергендердин тобуна кирет. Армия жашына жеткенден кийин, 1951-жылы июль айынан баштап, 394-аткычтар бөлүмүнө барып, 1954-жылы келген. Үйлөнүп он бир баланын атасы болду. 1976-жылы каза болгон. Жубайы Раманова Үмүт 1933-жылы туулган. Эже уул-кыздарынын урмат-сыйын көргөн убагы. Баатыр эне. Тылдагы эмгектенгендердин тобуна кирет. Уул-кыздарынын бардыгы өз-өзүнчө очор-бачар болуп олтурат.



**Жакшыбаева Анар** – 1923-жылы Жапаш айылында туулган. Кызыл бурч болуп иштеп жүрүп пенсияга чыккан. Социалисттик эмгектин баатыры Шеркулов Асан абанын жубайы болгон. Кийин Шеркулова Анар болуп которулган. Анар эже эки уул, эки кыз төрөп чоңойтуп жогорку окуу жайларды бүтүрүп,үйлөп-жайлап коюп, 1988-жылы өтүп кетти. Кыздары Уметалиева Айнаш, Уметалиева Гүлбара, балдары Баатырбек жана Алибек.



**Курманбаев Токтобай** – 1939-жылы туулган. Мектеп жашына келгенде Бел-Терек башталгыч мектебин бүтүп, азыркы Капарбек атындагы мектеп интернатында жатып орто мектепти аяктагандан кийин Жалал-Абадда соода техникумун аяктап, сатуучу болуп иштейт. 1968-жылы мектепте мугалим болуп иштейт. 1969-жылы Ош педаго-

гикалык институтка сырттан тапшырып, 1975-жылы жогорку билимге ээ болот. 25 жыл мугалим болуп мектепте иштеп жүрүп, «Эмгек сиңирген мугалими» наамын алып, эс алууга чыккан. 1992-жылдан бери Арстанбап токой чарбасында багбан болуп Кара-Алмада эмгектенет. Ар түрдүү мөмө-жемиштердин көчөтүн өстүрүп, жылда кардарларга башка токой чарбаларга өткөзүп берет. 2009-жылы 35500 даана көчөт элге тартуулаган. Тогуз баланын атасы, жубайы Пазилат эжем экөө бир нече неберелердин, чөбүрөлөрдүн чоң ата, чоң энеси. Айылдын алдыңкы аксакалдары.



**Сулайманова Алийма** – 1926-жылы туулган. Улуу Ата Мекендик согуш убагында бригадир болуп иштеп жүрүп алдыңкы эмгекчилердин катарында болот. Коммунисттик эмгектин ударниги, Эмгек ардагери медалдары менен сыйланган. Эки уул бир кыз тарбиялап өстүргөн.1970-жылы дүйнөдөн кайткан. Кызы Сулайманова Гүлүйпа Аралда эс алууда. Уулдары Сапар Сулайманов Ысык – Көлдө, Канат Ноокенде эмгектенет.



## МЕНИН ОЮМ

Көңүлүм чөгүп негедир,
Каламын кээде тунжурап.
Көңүлдө турган толгоомду,
Коёмун өзүм ыр ырдап.

Мейли ырымды басма басып чыкпасын,
Мейли ырымды окурмандар укпасын.
Балдарым бар үшүгүр деп соороном,
Мен эч качан ыр жазуумду койбосмун.

*1989-жыл*

## МЕНИН ЫРЫМ

Менин ырым ырым эмес бүт сырым,
Менин ырым жашоодогу кайыгым.
Өмүр чиркин өтүп кеткен кездерде,
Мезгилимди эстеп жүрөөр бир ыгым.

Мен ырдаймын эл журтумдун кыймылын,
Мен ырдаймын бул турмуштун чындыгын.
Эгер менин окурманым табылса,
Бул жашоодо ошол менин сыймыгым.

*1989-жыл «Арстанбап таңы» 04.06.06*

## 45 МҮНӨТ ТАРАЗАБЫ ЧЫН ЭЛЕ?!

Тактап айтсам мугалиммин мен өзүм,
Окурманым оюнду айтчы сен өзүң.
22 жыл эмгектендим жазынып,
Рахат эмес наалатка мен кабылдым.
Ызаланып 22 жыл мезгилдин,
Барактарын бирден ачып санадым.
Кайсы күнү жакшы чыкса сабагым,

Жалал-Абадская областная библиотека

Ошол күнү ачык болду кабагым.
Менин сүйгөн кесибиме таянып,
Эчен каардуу, эчен суук бороонуна чыдадым.
Мен мактанбайм жакшы эжей эмесмин,
Бирок эстейм кокоч мурун балдарды.
Колдон кармап олтурууну үйрөттүм,
Ал жеткенче «Алиппени» сүйлөттүм.
Семинарда бир мугалим жамандап,
Жар салынып газетага илиндим.
Кабарчыга кандай айтып жеткизем,
Эй, мугалим, ойлоноорсуң сен дагы.
Чейрек кылым эмгегимди тартуунун,
Таразасы 45 мүнөт элеби?



Биздин айыл Жалал-Абад облусуна караштуу Базар-Коргон районундагы Арстанбап айыл өкмөтүнүн Бел-Терек айылында жашаган. (Жапаш); Аялдардан Арстанбап өрөөнүнөн атка минип, эл башкарган аялды бала кезибизде көрүп, аябай карап калат элек. Ал биз сөз кыла турган, коомчулуктун көңүлүн бурганы турган каарманым Калыгулова Күлүша эже жөнүндө болмокчу.

– Айылдын ортосунда башталгыч мектеп бар эле. Ал жерде жыйналыш болуп, эл чогулуп турчу. Атты минип, эл алдына чыгып сүйлөп, эл арасында үгүт-насаат иштерди көп жүргүзчү. Билимге, эмгекке элдин турмушун, экономикасын көп айтып сүйлөгөндөрү али да көз алдымда элестеп турат. Ал кандай аял болду экен? – деп, суктануу менен карайт элек. Ал эже жөнүндө,өзүмдүн апам айтып берген. Ал Калыгулова Күлүша эже 1921-жылы биздин айылда туулган. Тогуз жашка чыкканча тоголок жетим калат. 1930–1937-жылдарда элдин сабатсыздыгын жоюу боюнча, республика аймагында ири масштабда иштер жүргүзүлүп комиссия келип калып, Фрунзе шаарынан келген комиссия тобу Арстанбап аймагында болуп, элге жарыяланат. Ошол убакта атасы менен бир тууган абасы болот. Ташбай аксакал Ачы районунун борборуна келет. Ошол комиссияга тапшырат. Ошондо сынактан өткөн Калыгулова Күлүша эже Фрунзедеги жетим балдарды тарбиялоочу мектеп-интернатынын тарбияланууччусу болуп калат. Бул мектеп-интернатында 7 жылдык билимге ээ болот. Эже өз билимин улантуу максатында 1938-жылы С.М.Киров атындагы айыл чарба техникумуна документтерин тапшырып, аты аталган окуу жайынан «Артыкчылык» дипломун алууга жетишет. Ал окуу жайда окуган студентка убагында Москвага комсомолдордун съездине катышат (өз оозунан уккам). Эже өзүнүн эмгек жолун ошол учурда Ачы районунун Кызыл-Октябрь колхозунан ферма башчысы болуп баштаган. Кийинчерээк мезгил талабына ылайык, билим берүү тармагында кадрлар аз болгондуктан, агартуу системасына которулат. 1940–1955-жылдардын аралыгында мурдагы «Правда» орто мектебинде башталгыч мектеп мугалиминен тартып, мектептин директору болуп иштеген. 1955-жылдан баштап 1977-жылга чейин, он сегиз жылдык өмүрү Могол Айыл Өкмөтүнүн төрайымы, калган өмүрүн айыл өкмөттө жооптуу катчы болуп иштеп жүрүп, 1977-жылы ардактуу эс алууга чыкты.1987-жылы июнь айында бул дүйнөдөн өтүп кетти.

Калыгулова Күлүша эжебиз эл депутаттарынын айылдык, райондук, областтык кеңештеринин бир нече жолу депутаты болуп шайланган. Кайтыш болгондо райондук жетекчилер катышып, кайгылуу митинг өткөзүп, узатышкан. Ошол бойдон эженин аты аталган жок.

Жалал-Абадская областная библиотека

## ЭМГЕГИ ЭЛДИН ЭСИНДЕ

*«Өмүрдүн түпкү максаты,*
*Өлгөндөн кийин жашап калуу».*

*( М. Жалил)*

Кыркарлуу тоонун боорунан,
Кийиктер жүрчү жол жатат.
Күйүтү батпай ичине,
Күйгөндөн пенде ыр жазат.

Алакандай айылдан,
Алдыңкылар көп экен.
Октябрь нуру эң алгач,
Айылыма тийген өндөнөт.

Аялдардан биринчи,
Калыгулова Күлүша эже.
Карлыгач болуп борбордон,
Билим алган эжебиз.

Он төрт – он беш жашында,
Москвага жаштардын
Съездине катышкан.
1940-жылдан берилеп.
Эл менен иштеп талыкпай,
Бүт өмүрүн арнаган.

Кыдырып барса айылга,
Жашы менен карыга.
Эркек аял баарына,
Акыл-насаат көп айтып,
Ээрчиткен билим жолуна.



Эжени көрүп эчен кыз,
Ээрчиди билим жолуна.
Ар түрдүү кесип ээси бар,
Туруктуу диплом колунда.

Эженин айткан сөздөрү,
Түбөлүк калды жүрөктө.
Элеси калды сакталып,
Жашап бир жүрөт каректе.

Өчкөн өмүр кайтпас из,
Сыяктуу болуп эжелер.
Кайтыш болгон боюнча,
Айтылбай калды эмнеге!?

Быйылкы мурас жылында,
Эженин атын эскерип.
Коюп бир койсо болбойбу,
Бир көчөнүн атына?
Коомдук жайдын бирине.

2006-жылы «Арстанбап таңы» гезитине 4-ноябрда «Эмгеги элдин эсинде» аттуу эскерүү жаздым. Бирок,ушул мезгилге чейин жыйынтык чыга элек. Ал эскерүүнү жазуу менен бирге, көп улгайган адамдар менен эмгек ардагерлер менен пикир алмаштым. Эмгек ардагерлери, баатыр энелер жылуу пикирлерин айтышып колдогон. Эгемендүүлүктүн шартында эженин атын коомдук жайлардын биринеби, туулуп өскөн айылынабы, атын коюп койсо эч кандай ашыкча болбойт эле ! Ардагер Нышанов Көчкөн абага эже жөнүндө пикириңиз кандай? – деп суроо менен кайрылдым.

– Ал Калыгулова Күлүша эже бул дүйнөгө бир келип бир кетти. Анын эмгеги айтып бүткүс дастан. Кайраттуулугу менен өзүнүн жөнөкөйлүлүгү менен эрки күчтүү патриот эже болгон. Аны менен мен көп

Жалал-Абадская областная библиотека

иштештим, ал эженин атын даңазалаган эч ким жок. Ошол үчүн эже көмүскөдө калып жатат, мына ушундай жооп алдым.

– Ар бир айылдын тарыхында өзүнүн өмүрүн өрнөктүү өткөзгөн алдыңкы лидери болот эмеспи.

Бул эже Арстанбап аймагынан чыккан чыныгы иш билги, улуу-кичүүгө жашына, улутуна, социалдык абалына карабай, түздөн-түз айкөлдүк менен мамиле жасаган. Чыныгы элдин оңолушуна, сабаттуулукка, эл үчүн жанын үрөгөн патриот эже болгон. Өз заманында; Алайдан чыккан Курманжан энебиздей, Таластан чыккан Алтынай Сулаймановадай, Ноокаттан чыккан Уркуя Салиевадай эле эмгеги калган. Эмне себептен аты аталбай калып жатат? Учурдагы интеллегенттер тааныбайбы?!

– Аз эле иштегендердин аты коюлуп эле жатат. Эже акылмандуулугу менен 22 жыл Могол айыл өкмөтүндө иштегендир. Согуш убагында мугалимден директорлук орунга чейин жеткен. Правдадан райондук борборуна жөө жалаңдап келип, чогулуштарга катышып, жаңылыктарды жеткизген. Окуучуларды уюштуруп машак тергизип, эл катары тылда эмгектенген. «Фронт үчүн, Жеңиш үчүн» – деген ураандын негизинде эже четте калган эмес. Канчалаган кыйынчылыктарды, элдин ички катмарын иликтеп иштебесе, ошончо жыл иштей алат беле?!

Азыркы Арстанбап сельсоветин Досматов Темирбай аба башкарып турган убакта, Калыгулова Күлүша эже Могол Сельсоветинде иштеп турган убагы экен. Күлүша эже обкомдо өзүнүн докладында?: «Жапаш айылында магазин жок, мектеп салыш керек. Турмуш тиричилик жактан кыйналып жатышат. Ал айылдын турмушун тез арада оңоо керек» – деп, доклад жасайт.



Ошонун негизинде обкомдо Досматов Темирбай абага катуу милдеттеме берилет. Тез аранын ичинде элдин турмуш-тиричилиги үчүн «Магазин», билим алуу үчүн «Жаңы мектеп» салынат. Эженин айткан сөздөрүн укпаган ал өрөөндө эч ким калган эмес. Канчалаган үйбүлөлөр эженин сөзү менен жашап калды. Үзүлгөндү улаган, бузулганды түзөгөн канчалаган адамдарды жакшы жолго салган. Эже өзү замандын юристи дагы, милициясы дагы, кеңешчиси дагы өзү болуп кызмат өтөгөн. Айрыкча жетим балдарды терип мектепке, интернаттарга жайгаштырган. Атын атасак Мавлянкулов Асилбекти Кызыл-Октябрь орто мектебинин интернатына жайгаштырган. Абдрешов Казакты интернатка окууга жөнөтүүгө шарт түзүп берген. Жогорку юрист болгон. Апамдан ал эженин өмүр жолун уккандан кийин, балалык кыял менен окуучулар кандай аял адам, кызматта болот экен? Кантип элди башкарат болду экен? Биз дагы билимдүү болоор бекенбиз? – деген ой чын жүрөктөн орун алдык.

Туулуп өскөн айылы биздин айыл болгондуктан, эже менен бирге КПССтин мүчөсү Жакшыбаева Анар эжебиз экөө бирге келип кетишет эле. Ал эже экөө ээрчишип атка минип, жакшылык жамандыкта элдин алдына чыгып, жыйналышта сүйлөгөн сөздөрү биздин көзүбүзгө аябай жакшы көрүнөт эле. Ал эжелердин баскан-турганын, кийген кийимин, минген атына суктануу менен карайт элек. Ал эжелер кеткенден кийин, эжелердин ролун аткарып ойнойт элек. Өрмө чачтарыбызды жазып, эжелердин чачтарындай түйүп, жоолук салып эл баштайбыз, билимдүү болобуз деп, тилек кылат элек. Ар түрдүү оюндарды ойнойт элек. Ошол эжелердей болобуз дечү элек. Жаштын тилегин берет тура. Ошол эжелерди туурап, ролун аткарып ойногон

Жалал-Абадская областная библиотека

кыздардын көпчүлүгү жогорку жана орто билимдүү болду. Эл менен иштеп жүрүп эс алууга чыктык. Азыркы учурда небере багып калдык. Атын атасам: Канназарова Лайли КМУнун хим.биология факультетин бүтүп, Нарын облусунун Ат-Башы районунда «Кызыл-Туу» мектебинде директор болуп иштеген. Эс алууга чыкты. Борбуева Сонунбүбү КМУнун тарых факультетин бүтүп, С.Долбаев атындагы мектептен эс алууга чыкты. Сатыбаева Шаазада ОшМУнун тарых факультетин бүтүп, иштеп жүрүп пенсияга чыкты. Нуркулова Саткын Токтогул мектебинде иштеп жүрүп чыкты. Курманалиева Бүзүйра Мичурин мектебинде китепканада иштеп жүрүп чыкты. Улам кийинки муундар билим жолун улантып, Кулмашова Айсулуу, айыл чарба институтту бүттү. Эсепчи болуп иштеп жүрдү. Мавланкулова Жылдыз – врач, Мавлянкулова Азимкан ЭлТРде, Искендерова Кандалат Макаренко мектебинде иштейт. Паязова Айчүрөк, Ысманова Карамат Маяковский атындагы кыз келиндер институн бүтүшкөн. Кадыркулова Айкан Политехникалык институтун бүттү. Нуркулова Канышай – математик. Ош пединститутун бүттү. Базаркулова Замира Россияда элчи, жогорку билимдүү. Маданбековна Алима Татыкулова ОшМУну бүткөн. Мамасалиева Бактыгул ОшМУну бүтүп, Лейлекте иштейт. Сатыбалдиева Пазилат Москвадагы Мичурин атындагы жогорку окуу жайын бүткөн. Кулмашова Ирсалат Бекишовна РСК банкта 32 жылдан бери, бир орунда талыкпай иштеп келе жатат. Мавлянкулова Чынара Ала-Букада бухгалтер болуп иштейт. Мамажанова Ырыс Мамбеталиев орто мектебинде иштеген. Артыкбаева Күмүшай ЖАГУда мугалим болуп иштейт. Жана ушул сыяктуу кыздарыбыз ондоп саналат. Ар түрдүү кесиптин ээлери. Бул айылдын кыздарынын билимге, кызматка болгон кызыгуусуна, түздөн-түз ушул эжелердин тийгизген таасири деп ойлоймун. Эл аралап жүргөнү «Миң уккандан бир көргөн» – дегендей элге, айрыкча биздин айылдын кыздарына тийгизген таасири деп эсептейм. Анча-мынча теңтуштар менен сөз талашып, тамашалашканда, Октябрь нуру биринчи биздин айылга тийген. Күндүн нуру дагы биринчи биздин айылга тиет. Деңиз деңгээлинен 2500 метр бийиктикте жайгашкан. Башка айылдарда барбы, караңгылыкта билимдүү болуп, эл башкарган кыздарыңар деп, сыймыктануу менен сүйлөйбүз (тамашалап).



Калыгулова Күлүша эженин жеке турмушунан сөз кылсак. Түштүк Кыргызстанга элдин сабаттуулугун жоюу үчүн, борбордон (түндүк) агартуу кызматкерлерди жиберет. Ошол өкүлдөрдүн бири болгон Алыбаев Казыгул 7 жылдык билими менен мугалим болуп иштеп жүрүп, баш кошуп агартуу системасында эмгектенишет. 1941-жылдын аяк ченинде Улуу Ата Мекендик согушка жөнөйт, эл катары. 1942-жылы улуу кызы Марапат эже төрөлөт. Согуш убагында кызматын күнү-түнү иштеп жүрүп, окуучуларды эмгектендирип, согушкадан жөнөткөн. 1946-жылы жезде согуштан келгенден кийин; эмгек жолун улап, мугалим болуп иштешет. Жезденин Казыбек деген агасы Жалал-Абадда ЭНКВда иштеп жүргөн убакта, Казыгул жезде ушул жакта жашап калат. Согуштан кийин 1947-жылы Малика кызы төрөлөт. Ал Ала-Букада врач болуп иштеп жүрүп, пенсияга чыкты. Күлүша эже эки кыз, үч уулду бир небересин кошуп тарбиялап өстүрдү.

Балдары;

1949-жылы Анаркул – Ооган-Талаада.

1961-жылы Жумабек – Базар-Коргондо.

1961-жылы Тайирбек – Кара-Көлдө. Небереси.

1968-жылы Жанышбек – Жалал-Абадда.

Жалал-Абадская областная библиотека

Ооган-Талаа айылында жашап жүрүшүп, ошол айылда калды. Казыгул жезде мугалим болуп иштеп жүрүп, кийин айыл өкмөттө Маданият үйүн жетектеп жүрдү. Комуз чертет эле. Мугалим болуп иштеп жүрүп, кийин Могол Айыл Өкмөтүндө Клубдун башчысы болуп иштеди. Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери. Кароо сынактарга катышат эле. Туулуп өскөн айылы Бишкекте. Москва районундагы Беловодский айылында чоңойгон. Ооган –Талаада жашап жүрүп өмүрлөрүн өткөзүштү. 1980-жылы каза тапкан. Жайы Жаннаттан орун алсын.



# А Р Н О О Л О Р

## КУРУЛТАЙГА

Ынтымактуу курултайдын өтүшү,
Ырыскынын ынтымактын өсүшү.
Эгемендүү элим кыргыз экенин,
Жер шаарынын элдеринин көрүшү.
Делегат түрдүү кесип ээси бар,
Эл ичинен тандап алган жакшылар.
Бут бардыгы ачык айтты өз оюн,
Бардык элдин шайлоочунун атынан,
Тычтык бакыт достук элдин тиреги.
Манас ата коргойт кыргыз элимди,
Ала-Тоом ажайып кооз Арстанбаптай жер сууну.
Элим үчүн Алла бизге анык өзү бергенби?
Ынтымактуу курултайы куш болун!
Кыргыз элдин ырыскысы бек болсун!
Өз отуна күлдү тарткан өзүмчүл,
Элди бузбай өз ордунан жок болсун!

*21.03.2010-жыл.*

## ЧЫҢГЫЗГА

Чыңгыз деп айтса «кыргыз»
деп дүйнөгө атын билгиздиң,
Толгонайдай эненин образын сүрөттөп.
Төгөрөктүн төрт бурчуна түгөлөй,
Эчендеген энелердин жүрөктөрүн сыздатты,
Түркүн тема чыгармасын жазыптыр,
Даниярдын Жамилянын сүйүүсүн,
Жөп-жөпжөнөкөй сөздөр менен жеткизип.

Жалал-Абадская областная библиотека

Ийине-ийлеп келтирген сүйүнүн бүтпөс темасын,
Суктандырып Чыңгыз агай ааламды,
Басмаларга бардык мүнөз жазылды.
Бар болгондо 80 жылдык маарекеде,
Арман болбойт эле го бүт эли.

## ТАБЫПКЕР ЭНЕГЕ

Түн катар, түндөй энебиз,
Таланты күчтүү элденбиз.
Адилет жашоо чындыкка,
Жарык дүйнөгө келгенбиз.
Мезгил сизди эркелетип койбоптур,
Мээнет берип эчен жолу сындаптыр,
Бүт бардыгы акыл менен кечирип,
Алла эгем сүйгөн пенде болуптур.
Сыркоологон түрдүү адам келишет,
Сиздин колдон шыпаа таап кетишет.
Сизди сурап издеп таап эчендер,
Өмүр улап, перзент тилеп келишет.
Ачык айтсам бул дүйнөнүн, эже, сиз,
Умай эне улукманы элесиз.
Өспөй калган наристелерге,
Сиз өстүрүп кайра өмүр бердиңиз.
Байкашымча отуз жылдан өттү окшойт,
Элди карап сиз табыпкер болгонго.
Ошондогу сиз өстүргөн наристе,
Азыр эми опол тоодой адамдар.
Сиздин кылган кызматыңыз-ишиңиз,
Эл өмүрүн чүрпөлөрдү көбөйтүү.
Адам санын көбөйтүүгө арналган,
Мындай иштер кимдин колдон келе алат.
Мезгилине башкасына карабай,



Сыркоологон сиз кармаган адамдар,
Сиздин колдон эчен адам айыгып,
Сизди сүйүп Алла эгем өзү берген керемет.
Эми сизге айта турган бул сөзүм.
Эч оорубай узак өмүр сүрүңүз,
Эл кадырлап урмат сыйда жүрүңүз.

*08.03.07-жыл.Малай кызы Чөдөнгө.*

## СОЦФОНДДО ИШТЕГЕН БИРӨӨГӨ

Болуп жатат үйрөнүлгөн көнүмүш,
Акча алып иш бүтүргөн көрүнүш.
Кызматчынын жан дүйнөсүн ээлеген,
Атаганат «коррупсия» өкүнүч.
Колдон келген иштер неге жөн бүтпөйт?
Кызматына не кыянат кылышат?
Ишендирип бүтүрөмүн мен дагы,
Ошол жигит көп жашабайт өнүкпөйт.
Насибиңди агытасың канчалык,
Жөнөкөй эл күтөт сенден жакшылык.
«Бүтүрөм» деп, 300 сомуңду,
Жутуп койдуң качан эле аш кылып.
Пособиям качан келет экен деп,
Күтүп жүрөт эл катары алам деп,
Алты ай болду акча эмес аты жок.
Күтүп жүрөт күйбөй толу калам деп.

*26.07.06-жыл.*

Жалал-Абадская областная библиотека

## АТАМА

Жаным ата, кечир мени кечиргин,
Суранамын арбагыңа жалынып.
Дем алышта мен барчу элем шашылып,
Сен калчу элең мен кайтаарда бата берип жалынып.
Эркелитип өстүргөнсүң сен мени,
«Эркек кыз» – деп, жеңелерим тергеген.
«Намыс» менен акыйкатты сүрөттөп,
Үйрөткөнсүң эл ичинде термени.
Мугалимсиң сабагыңа бар десең,
Бир он күндөп, колум менен бакпапмын.
Атаганат атакебай, кечирчи!
Кечиримди суранамын жалынып,
Кыялымда арбагыңа сыйынып.

*1990-жыл 21-июнь.*

## ЖЕҢИШТИН ТАҢЫ

*(9-май)*

Бүгүн мына Жеңиш күнү ачылган,
Эмгекчи эл, бейпил турмуш жараткан.
Кай жерге бар, тоого чыгып кулак сал,
Үн кубулжуп, булбул сайрап үн салып.

Бак-дарактар гүлүн ачып бүт төгүп,
Келечектүү мөмө байлап алышкан.
Берекелүү Жер энем да кошулуп,
Адам затка кучак жайып үн салып,
Эмгек кылгын! Эмне эксең аласың.
Ырыскыңды менден казып табасың.
Оо, адамдар, мен каалаймын силерге



Мени айдап, үрөн сээп койгула.
Эмгек менен ынтымакта болгула.
Жеңиш туусун бийик кармап алгыла,
Бүт ааламдын бурч –бурчуна сунгула!

*1990-жыл.*

## ЫЗАЛЫК

Жашоо күрөш түгөнбөгөн кармашуу,
Ким жеңилсе – ошол адам бактысыз.
Тагдыр берсе ичээр суумду көбүрөөк,
Бакыт өзү бир күн келээр шаштырып.
Максатсыз жашоо өлүм менен барабар,
Мезгил неге учкан куштай шаштыраар.
Татаалдыктын арабасын жетелеп,
Кайран өмүр өтүп жатат билинбей.
Ооба турмуш, мен турмуштан жеңилбеймин жеңемин,
Анткени мен аппак уул, кызыл кызга энемин.
Ыйык тутуп «эне» деген атымды,
Аткараармын өмүр берсе милдетимди эненин.
Ызалыктан тагдырыма там берип,
Дептериме сөз тизмегин тиземин.

*1988-ж.*

## ЖҮРӨКТӨ ДАЙЫМ САКТАЛСЫН

Караңгы түндүн койнунда
Кашкайып чыккан Токтогул,
Караңгы кыргыз калкына,
Шам болуп жанган Токтогул.
Өз оюн ачык айтам деп,
Айдалып кеткен Токтогул.

Жалал-Абадская областная библиотека

Балдан да таттуу сөзү үчүн
Башка улут менен баарлашып.,
Достошуп келген Токтогул.
Үч кылдуу жыгач комузун,
Үн кошуп мукам добушун,
Сибирдин суук жерине.
Угузуп келген Токтогул.
Ак калпак кыргыз элине,
Ала –Тоо кыргыз жерине,
Бузулбас бекем достуктун,
Сыймыгы сенсиң Токтогул.
Алгачкы кыргыз элинен,
Атабыз улуу Лениндин,
Апасын мактап ырдаган
Акыны сенсиң Токтогул.
Насыят санат ырларың,
Жаштарга болот гүл азык,
Демократ жаштарың.
Калкыңда жашайт түбөлүк.
Токомдун ырын ырдайлы,
Ак дилден эмгек кылайлык,
Арада «Бюрократты»,
Тазалап алып таштайлык.
Ааламда тынчтык бек болсун,
Токомдор иште так болсун.
Токомдун насаат ырлары,
Жүрөктө дайым сакталсын.

*1994-жыл.*



## ЖЕРДЕШТЕРИМЕ

Арстанбапка ак тилегим айткым келет,
Аралап токоюна баскым келет.
Түркүн куш сайраганын укканымда,
Жайында боз үй тигип жаткым келет.
Күзүндө мөмө жемиш бышып турат,
Жыты аңкып адам затка ырахат сунат.
Эсепсиз жемиштериң бышканында,
Көрбөгөн адам келсе суктанышат.

Ар дайым ак кар кетпес тоосу сонун,
Жап жашыл жаз жарымдай жайлоо сонун.
Мөлтүрөп токсон булак бир чогулуп,
Аталган Тогуз булак суусу сонун.

Айтылуу Арстанбаптын жери сонун,
Жапайы өсүп чыккан багы сонун.
Ар дайым мейман келсе эшик ачык,
Ак пейил дасторкондуу эли сонун.

Сыймыгым сулуу жерим Арстанбабым,
Сактагын жаратылыш жан шеригим.
Чырпыгың чынар болуп жетилгенче,
Бак үчүн эмгегиңди аябагын.

*22.03.1987-жыл*

## АПАМА

Бардык эле эне төрөйт баланы,
Эне деген жылдызы го баланын.
Табийгаттан сураныч бир гана,
Айрыбасын жылдызынан баланын.

Жалал-Абадская областная библиотека

Алмадай эки эмчегиң,
Аккан бир суугa тең бекен.
Тогузду tyyп өстүргөн,
Кайратың тоодой чоң бекен.
Баркыңды билээр убакта,
Дүйнөдөн кайттың жаш эле.
Шашылыш ишиң бар беле,
Эненин жыты башка экен.
Эненин айткан бир сөзү,
Кыз үчүн мүрөк суусу экен.
Жал ооруп издейм көп элден,
Жалынып сендей таппадым.
Дүйнөдө биздей бар бекен,
Карааның издеп сагынып.
Чырпыктуу дарак башына,
Канаттуу куштар уялайт.
Кусалык менен мен аңдып,
Куштардын билдим турмушун.
Жумуртка туул басышып,
Учуруп алат баласын.
Аттиң ай адам баласы,
Карабай кетет өксүтүп,
Өзүнүн тууган баласын.
Акы менен Жусүнүн,
Ак тоюн көрүп кетпедиң.
Алтынай менен Абиңди,
Өксүтүп жетим таштадың.
Шашылыш эрте кеткидей,
Өмүрүң неге аз экен.
Эчен жыл узап кетсе да,
Мээримиң мага башка экен.
Энеси болуп мен калдым,
Кызыл кыз, аппак уулдун.



Издеймин апа дагы эле,
Ак сарыл кырдач мурундуу,
Ак көйнөк кийген боюңду.
Окшошту сендей таппадым!
Кантейин апа, кантейин,
Ичимде толгон муңумду
Кагазга чийип кетейин.
Кадырың билбей өткөздүм,
Карып бир калган убакта,
Балдарга жомок айтып жүрөйүн.

*1988жыл.18.12*

## ЗАМАНА

Теңчилдик заманама мен кубанам,
Текебер өспүрүмдөр сага айтам.
Биз үчүн оңой келбес укуктуулук,
Бул үчүн эчен адам эмгек кылган.
Кыргыздын эле кызы болуп туруп,
Чулдурап тилин буруп сүйлөгөн бар,
Чычайтып колго чылым кармап алып,
Оозунан көк түтүнүн чыгарган бар.
Кыз төрөп эми гана бөлөгөндө,
Тил чыгып эми гана сүйлөгөндө,
Мынчалык болбос эле текеберлер.

*1988-жыл.08.03*

## ПЕНДЕЛЕР ЫРЫСКЫСЫН СИЗДЕН ТАБАТ

Айланам кандайдыр бир өзгөргөнсүйт,
Жапжашыл ыраңынан бут коштошуп.
Саргайган жалбырактар токтоно албай,
Шамалга түшүп жатат шуулдашып.

Жалал-Абадская областная библиотека

Кайраттан, кычыраган кыш чилдеде,
Ордуна ороносуң аппак селде.
Жашарып келишсе экен, аман-эсен,
Кайрадан жаз жаңырып келген кезде.

Булбул куш бутагыңа уя салат,
Боз торгой ырын ырдап обон салат,
Кадаңча гүлүн ачып мөмө байлап,
Пенделер ырыскысын сенден табат.

*10.11.90-жыл.*

## КҮЙДҮРГҮ

Күйдүргүм ий күйдүргүм,
Күйдүрдүң мени күйдүрдүң.
Чындыкта өзүм жашайм деп,
Жүрөгүм күйүп жүдөдүм.
Сай боюнда тал бекен,
Сагызган жүрчү жай беле?
Сайрандап эркин эрке өскөн,
Саймалуу сүйкүм кыз элем.
Көл боюнда тал белем?
Көкүрөк сырдуу жан элем,
Көрүнгөн сүйлөп жүрчүдөй,
Көмүскө бүткөн мал белем?
Жер бетин каптап муз тоңсо,
Көк шибер чыгып эритет.
Көңүлгө толгон көк музду,
Кандай бир шарттар эритет.
Көчөнү каптап сел басса,
Көп элдин күчү токтотот,
Түйшүктүү өткөн өмүрүн,
Кандай бир наадан эскербейт.



Жашоого адам бир келет,
Ар кимден калсын жакшылык,
Урпактар улап калчудай.

*1990-ж.30.03.*

## УККАНДА БҮТ ЭНЕЛЕР ЫЙЛАП ЖАТАТ

Оо адамдар! Эмне болуп баратабыз,
Чындыкты неге жокко чыгарабыз?
Адилет чындык үчүн сүйлөгөндү,
Закончу, бузуку-деп, каралайбыз?
Канакей бири-бирине жардамдашуу,
Канакей улуу-кичүү саламдашуу.
Биликтен өзүмчүлдүк өсүп чыгып,
Арада болуп жатат араздашуу,
Айрыкча аскердеги балдар үчүн.

Ар түрдүү маалыматтар болуп жатат,
Асырап баккан уулун мекен үчүн.
Ак пейил эне берет кызмат үчүн,
Эртеңки келечектин ээлери үчүн.

Эмне үчүн командирлер түз карабайт?
Ар бири өз милдетин так аткарбайт?
Аскерден качып келген жаш жоокерден,
Армия жөнүндөгү шум кабарды,
Укканда бүт энелер сыздап жатат...

*28.01.91-жыл.*

Жалал-Абадская областная библиотека

## МЕКЕНДИ ДАЙЫМ КОРГОСУН

Мээримдүү эне ар дайым,
Балага арнайт өмүрүн.
Алыста жүргөн уулунун,
Тынчтыгын тилейт элинин.

Жалпы эл тегиз ойлочу,
Улутту бөлүп койбочу,
Коргоп мекен сакчынын,
Тартиби жакшы болсочу.

Жоокерден качкан болбосун,
«Чептен эрдин күчү бек».
Экендигин эске алып,
Мекенин дайым коргосун.

*31.01.1991-жыл.*

## АРСТАНБАП СУУСУ ТУПТУНУК

Асман тиреп Бабаш-Ата тоосу бийик,
Арстанбаптын бүт жаралган жери ыйык.
Миңдеген мейман келип ар жыл сайын,
Сукtanышат аккан суугa туп-тунук.

Жылгадан жылып аккан тунук булак,
Кышында бүт жамынып аппак бубак.
Эмнегедир жаратылыш жардам берип,
Кышында кандайдыр бир жылуу сымап.

Атыңдан айланайын Арстанбабым.
Ыймандуу, ырайымдуу сенин элиң.
Кай жерде кайсы мезгил болсо дагы,
Пенде үчүн дайым даяр сенин кениң.



Эзелтен бүт мусулман сыйынышкан,
Балдарга ныяз коюп жыт чыгарган.
Баласыз адамзаттар сага келип,
Тиленип, тилек шамын жагып кайткан.

Арстанбаптын тунук суусу агып жатат,
Өкүнүч болуп жатат ушул шарттан.
Сактабай тунук суунун тазалыгын,
Ар кандай ыпласты салып жатат.

Эй адамдар! Акыл эсти жыялычы,
Сууларга жаман нерсе салбайлычы.
Биз үчүн мөмө-жемиш чачкан дешет,
Арстанбап атабыздын берекесин.

Кастарлап, кор кылбай биз сактайлычы,
Арам деп, аккан сууну айтпайлычы!
Байыркы бабалардын айткандарын,
Аздектеп мурас кылып сактайлычы.

*(түшүмөн аян берген). 27.01.1991-ж.*

## АТКАРА БИЛ УШУЛ СЕНИН КАРЫЗЫҢ

Ак пейил эне күн сайын,
Асырап баккан баласын,
Жоокери болуп жүрсө да,
Аткарды элдин жүгүн деп,
Күн сайын эне сүйүнөт.
Абайлап балдар караңар,
Араңарда бар чыгаар.
Атасын коюп таанышка,
Амалын таап жол издеп,
Бекинип үйдө калышка.

Жалал-Абадская областная библиотека

Ошентип, калган балдардын,
Ашык эмес кыздардан.
Ак эмгекчил кыздар бар,
Кызматы ашык балдардан.
Уул бала кызга дагы баары бир,
Мекенди сактоо намысы.
Жан-дилиң менен сактай бил.
Ата Мекен коргоо ыйык милдетиң.
Аткара бил, ушул сенин парызың.

*23.02.91-жыл.*

## ЧЫНДАП САЛЫМ КОШУШСУН

Көз каранды болгум келбейт жашоодо,
Көөдөнүмдөн чыккан сөздөр колдоодо.
Көрө албаган кара ниет адамдар,
Көрүнбөстөн колдон келсе короодо.
Эмгегим бар жаңылануу жарчысы,
Эмгегимдин 23 жыл фактысы.
Жөлөмөмдүн, кошоматым жогунан,
Мени көрсө көп адамдын келе калат күлкүсү.
Күлсө күлсүн ары жоктор күлүшсүн,
Оозу менен айткан кайра куруугa,
Элим менен маалымдуулук шартына,
Ар бир адам чындап салым кошушсун.

*27.03.91-жыл.*

## ЖӨНДӨМҮНӨ ЖАРАША»

Жасабадым жасалмалуу сабакты.
«Жаман» десе мен салбаймын кабакты,»
«Жыл мугалим» боломун-деп,кээ бирөө,
Бир сабакты жүз кайталап жадатты.



Мейли болсун,болсун «жылдык мугалим»,
Эл ичине жарык маанай тийгизип.
Куп курулай жасалманы үйрөтпөй,
Үйрөтпөйбү? Чып чындыкты билгизип.
Жаш муунга жасанууга не пайда,
«Акыйкатчыл болгун» – деген, сөз кайда?
Мейли бала кабыл алсын алынча,
Жашап өтөт жөндөмүнө жараша.

*1991-ж.*

## АЙТКЫЛАЧЫ КЛАССТАШТАР КАЙДАСЫҢАР?!

Чейрек кылым агып өттү билинбей,
Бир минута секундага илинбей.
Тирүүчүлүк, жашоо менен күрөшүп,
Биз жүрөбүз дайыныбызды билгизбей.
Бактылуу балалыкты кош айтышып,
Туш- тушка учуп кеттик кайырлашып.
Кез-кезде учурашсак саламдашып,
Өтөбүз кайдыгердей ишке шашып.
Өттү өмүр, өттү бизден алыстап,
Мезгил өзү таразалайт калыстап.
Биз баягы ак лентаны таккан кезди,
Бердик окшойт бой тирешкен сулууларга мурастап.
Мына эми кара чачка ак аралап,
Келдик окшойт элүү жашка кадам таштап.
Айткылачы классташтар кайдасыңар?
Белгилейли бүт баарыбыз бир чогулуп,
Бактылуу балалыкка бир күн арнап.

*5.05.1991-жыл.*

Жалал-Абадская областная библиотека

## БОЛООР БЕКЕН БУГА ЧЕК

Ак караны ылгабай,
Айрым бир күн сатылат.
Алааматтай таймашуу,
Улам күчөп баратат.
Жолдон, өтсөң көз түшөт,
Муш кетти менен талашка.
Уялып бетиң чыдабайт,
Оозунуп бирди алышка.
Ал жерде турган көпчүлүк
Үйдө отурган аялдар,
Дагы чыгат кадырлуу,
«Талон» сатып алгандар.
Ар бир үйдөн бүлөөлөп,
Кезек күтүп алган бар.
Ырыскысын багыштап,
Түн ичинде сатууга,
Максат кылып койгон бар.
Караң калсын арактын,
Кээде тиет пайдасы.
Түн ичинде сатылат,
Жүз пайызга пайдасы.
Өз алдынча ошолор,
Завод куруп алганбы?
Тиешелүү жетекчи көрсө
дагы көрмөксөн.
Так өздөрү турса да,
болуп калат билмексен.
Жашоо үчүн күрөшүү болуп
келген ээлтен,
Айткылачы доордо болоор
бекен буга чейин.

*Ооган-Талаа айылы 07.05.91ж.*



## КАСИЕТТҮҮ НООРУЗ КҮНДҮН МАЙРАМЫ

Мурдагы улукмандар майрамдаган,
Түр тамак даам татып сайрандаган.
Башына ак элечек жоолук ороп,
Энелер касиеттүү сүмөлөгүн даярдашкан.
Нооруз сен Түрк атанын балдарынын,
Бузулбас достуктун символусуң.
Жылдар өтүп жарык көрбөй көпкө жүрдүк.
Нооруздун атын угуп биз сүйүндүк.
Өзүнчө Эгемендүү эл болгон соң,
Дем алыш майрам күнгө айландырдык.
Нооруз сен Түрк атанын балдарына,
Ынтымак ырыс кешик алып келгин.
Умай эне тилек тилеп урпактарга,
Жети шамын дайым ороп жага берсин.
Жыл сайын жаңыланып жакшылыкча,
Жаңырып элим үчүн келе берсин.
Нооруз сен төгөрөктүн төрт бурчуна,
Боорукер мээримиңди төгө бергин!

*21.03.92-жыл.*

## ЖАШООНУН КҮЗҮН КҮТӨМҮН

Тараза жылдыз пир чолпон,
Таң менен көрдүм ойгонсом.
Талыкшып капа болгомун,
Таалайым сени ойлосом.
Кудайдан тилеп тынбастан,
Курдаштар менден тың баскан,
Кысылып тагдыр жолуна,
Кыялга батып ыр жазгам.
Жашоонун жазын өткөзүп,

Жалал-Абадская областная библиотека

Кутүүсүз кышка туш келдим.
Жабыгып күтүп эчен жыл,
Жашоонун жайын өткөздүм.
Өмүрлөр өттү билинбей,
Мүнөттөр секунд илинбей.
Көөдөндө калды көп ырлар,
Кагазга түшпөй билинбей.
Саамайга карлар себелеп,
Бырыштар басты желелеп.
Уул-кыздан көргөн неберем,
Ээрчип бир жүрөт эркелеп.
Сабырдын түбү сары алтын,
Деген сөз элден укканмын.
Туруктуу мүнөз эр менен,
Жашоонун күзүн күткөмүн.
Жупуну жүрүм-турумда,
Өмүрдүн күзүн күткөмүн.

*1.01.46 жаш*

## ТУРМУШ ТЕРМЕСИ

Өмүрлөр өтүп барат миң түрлөнүп,
Адамзат жашап өтөт баарын көрүп.
Ачууга алдырбастан, таттууга балкыбастан,
Турмуштун туткасын сен кармасаң.
Адамдык парызыңды, абийир менен аткарасың.
Кээ бирөө тагдырын тобокелге салып келет.
Кээ бирөө сабырдуулук сактап өтөт.
Азыраак көңүл калуу болуп өтсө,
Турмуштун тайгагынан тайгаланып,
Өкүнүп өмүр бою зарлап өтөт.
Өзүңдүн керт башыңды ойлобогун,
Келечек максатыңды көп ойлогун.



Жумушту кайра баштоо оңой нерсе,
Турмушту кайра баштоо оңой эмес,
Жаңылып, «кайра баштайм» – деп ойлобо!
Дарак дагы бир жерден өскөн жакшы,
Аял дагы бир жерден өткөн жакшы,
Наристесин кор кылып жалдыратпай,
Үй-бүлө толук туруп маңдайлашып,
Ата-эне көз алдында баккан жакшы.

*05.02.93-жыл.*

## БИР КЕЛИНГЕ

Өзүмдү эркин сезип жүрөмүн деп,
Эл көзүнө көрүнүп күлөмүн деп,
Өзүңдүн баш ээнди кууп чыктың,
Турмуштун бут жүгөнүн колго алып.
Жүрөсүң аялдардан кыйынмын деп.
Үйүңдө наристелер күтүп турат,
Айла жок айтканыңа көнүп жүрөт.
Акылы, күчү жеткен мезгил келсе,
Ак жүзүңө бырыш түшүп, чачың түшсө,
Ошондо өз балаң да сүйлөп коёт.
Таң калам бир келиндин мүнөзүнө,
Ак чачтуу адам менен жүргөнүнө.
Үйүңдө да бир киши күтүп турат.
Адамдан ашыксынган, жеңил ойлуу,
Алажаңдап аша чаап күлгөнүнө.
Адамда үч уят бар билип алгын:
Өз никеңди ыйык тутпай булгаганың,
Уурулук кылып алып алдаганың,
Ушак айтып ээн баш сайраганың,
Үчөөнөн алыс болсоң аял заты,
Оо дүнүйө бул дүйнөдө жыргаганың.

*07.01.93-ж.*

## МАЙ ТҮНҮ

Бак-дарактар бажырайып гүл ачкан,
Жыты аңкып суктандырып караткан.
Түн бир оокум өкүм сүрүп калса да,
Тышта жамгыр тыным албай жаап жаткан.
Ар бир үйдө түркүн кызык көрүнүш:
Музыка угуп олтурушта жүрүшөт,
Эки-экиден кол-кармашып бийлешип,
Бирдеке айтып шаракташып күлүшөт.
Дагы бир үйдүн атакеси мас келип,
Идиш-аяк чылапчынын апкелип,
Өзүн билбей өхө-өхө, өхөлөп,
Кусуп жатат жагымсыз бир жыт берип.
Бала ыйлайт бешик менен бир болуп,
Кыз олтурат ак көңүлү кир болуп.
Аял шордуу тагдырына там берип,
Түн күзөтөт уйку көрбөй суу берип.
Майрам күнгө маани берсек болбойбу?
Үй-бүлөнү тып-тынч койсок болбойбу?
Өмүр чиркин өтүп кетет зуулдап,
Гүл өмүрдүн келбестигин ойлойлу.

*01.05.93-ж.*

## БҮГҮН МАЙРАМ

Бүгүн майрам – Билим күнү аталат,
Жаш бөбөктөр мектебине шашылат.
Сырдашышкан класстары ачылып,
Тынчтык сабак коңгуроосу кагылат.

*1993-жыл. 01.09.*



## КОШ БОЛ, МЕНИН МЕКТЕБИМ

Кош болгула менин эже-агайым,
Кош бол менин касиеттүү сарайым.
Канча жолу тентектенип ичинде,
Мен шоктонуп, далай чуркап кеткемин.
Мына эми бүгүн сезип олтурам,
Партам менен түбөлүккө ажырайм.
Бактылуу балалыктын минутасын,
Дайыма эстегенде сагынармын.
Канчалык алыстыкка кетсем дагы,
Мектебим мээриминди аябагын.
Балапан наристелер жылда келет,
Аларга тынчтык болсун арнаганың.

*20.05.94-жыл.*

## ШАҢДУУ ЫРДЫ ЫРДАЙЛЫ

Айланам сары жамынып,
Дарактар мончок тагынып.
Күзгү жел соксо жай гана,
Мөмөсү жерге жайылып,
Жер энем төккөн мээримин,
Эмгеги деймин элимин.
Күн-түндөн жыйнап жатышат,
Өзүнүн баккан эгинин.
Берекелүү алтын күздүн ырагы,
Эмгектенген алп дыйкандын сырлары.
Сыймык менен салып бүгүн сиресеп,
Эмгекчи элге шаңдуу ырды ырдайлы.

*25.11.92-жыл.*

Жалал-Абадская областная библиотека

## УГАСЫҢБЫ УЧУРДУН АДАМЗАТЫ

Салт-санааңда сабыңда тең жүргөн,
Санааң менен периштелер бир келген.
Алла таала жаратканда пендени,
Керек го деп ыйманыңды бир берген.
Бирок, бирок өзгөрүүсү замандын,
Алыстатты ыйманынан адамдын.
Өз алдынча эгемендүү эл болдук,
Ар бир адам тазаласын ыйманын.
Болуп жатат түркүн кызык көрүнүш,
Алып сатаар адам болду көнүмүш.
Дүкөн ачып сатып жатат карачы,
Көз көрүнө эселентип алдап жатат саначы.
Насибиңди агытасың канчалык,
Момун элдин бир күткөнү жакшылык.
Ыйманыңды тапкыла деп канчалык,
Күндө сайрап айтып жатат жар салып.
Мезгил келип ыйманыңды табарсың,
Соодагерлер тиешеңди алаарсың.
Эртедир бир кечигип бир мезгилде,
Написиңди бузган айрым адамдар,
Эл ичинде уят болуп калаарсың.

*05.05.93-жыл.*

## НООРУЗ

Жер-бети ымыр-чымыр чөп болгондо,
Чигитек күрүч гүлдөр эми өскөндө.
Аңызын бүт толтуруп кыкты чачып,
Кашегин топтоп анан өрт койгондо.
Топ балдар төштө ойноп жүрсөк дагы,
Биз чуркап келчү элек секирүүгө.



Анда атам өз алдынча бирдеке айтып,
Апакем челектерин каңгыратып;
«Белиме-таш»-деп, калчы эле бирдемке улап,
Эң алгач күн күркүрөп өткөн кезде.
Көрсө алар жакшылыкты айткан тура,
Ал ушул нооруз майрам күнү тура.
Бул күнү умай эне сурпа жайып,
Тилек тилеп жети шамын жакканда,
Бул майрам жан-жаныбар төлү тура.
Бул күндө адам-ата улукмандар,
Бул күндө кызыр ата байгамбарлар,
Пенде үчүн ырыскысын чачкан тура.
Ушул күндү урпактар улай берсин,
Ар дайым нооруз келе берсин.
Дайыма асманыбыз ачык болуп,
Ар дайым күн жаркырап тие берсин.

*1990-жыл.20.03.*

## МЕН ДЫЙКАНДЫН КЫЗЫМЫН

Жаз алды менен атам кетмендерин,
Сокосун атка шайлап кошоор эле.
Дың жерди терең айдап эгин сээп,
Кайракы бышат ушул дээр эле.
Ак эгин, кара эгиндин бүт бардыгын,
Зерикпей көп-көп кылып эгээр эле.
Күн сайын аңызына өзү барып,
Чаңкатпай суусун өзү койоор эле.
Аңгыча алтын күздүн берекеси,
«Жыйнап ал»-деп, адырдан үн созоор эле.
Буудайын оруп топтоп бастыраарда,
Дайыма мени ээрчитип алаар эле.
Моло ташты жалгыз атка кошуп алып,

Жалал-Абадская областная библиотека

Үстүнө мени мингизип айландырып,
Майдалап саманынан бөлөөр эле.
Түн бою жыгач күрөк кармап алып,
Кып –кызыл ак буудайын алаар эле.
Түшүмүн чоң каптарга салбай туруп,
Өзүнчө бир нерсе айтып бата кылып,
Өзүнүн кырманынын чекесине,
«Бул аккула» бул – деп төгүп коюп,
Андан кийин таар капка салаар эле.
Эмне үчүн эмгегиңди таратасың?
– деп сурап мен түшүнбөй сураар элем.
– Анда атам:
«Жан-жаныбар» баары ооз тийсин,
Курт-кумурска канаттуулар тоюшсун.
Акыретте мага тиет сообу.
Дүнүйөкор болбо, болбо балам оболу
деп, жөн гана маңдай терин бир аарчып,
Түшүндүрүп берээр эле ал өзү.
Көрсө атам баба дыйкан өзү экен,
Бүт турпаты айтканынын бардыгын,
Акыл менен акыйкаттын көзү экен.
Өмүр бою сабаты жок болсо да,
Туруктуу бол, эмгекчил бол, дегенин.
Сыймыктанып, толкунданып айта алам.
Эй, замандаш! Бул ким экен дебегин
Бүт дүйнөгө берешендүү таанылган,
Берекелүү пейли кенен жериндей,
Арстанбаптык алп дыйкандын кызымын.

*23.03.1990-жыл.*



## АСКЕРДЕГИ УУЛУМА

Мен энемин уул төрөп өстүргөн,
Мекенимдин керегине жараган.
Мен ар дайым айтаар элем уулума,
СССдин булуң-бурчу сеники,
Өз көзүңдүн карегиндей сакта деп.
Коом өсүп бүт жаңырып шашылат,
Эл ичинде улутчулдар таралат.
Сен эч качан бөлүнбөгүн, эч качан,
Мен бир апаң экинчи энең СССР.
Мейли орус, мейли немис, дунган бол,
Мейли казак, Кыргыз, өзбек, чечен бол.
Ар улуттан ак дилиңден дос күтүп,
Ата Мекен өз элиңди коргоп кел.

*13.10.1989-жыл.*

## ОКУУЧУЛАРЫМА

Мейли мени чоңдор сүйлөп тилдесин,
Жараксыз деп анализин топтосун.
Мени карап жоодур көздүү бөбөктөр,
«Эжеков» – деп, дайым ээрчип жүрүшөт.
Жүрөгүмдөн мен ошого ыраазымын,
Кош болгула, менин окуучуларым,
Ак жол каалайм, чын сөзүмдү айтамын.
Кечээ эле колуң кармап үйрөткөн,
Кыйшык жазсаң, канча жолу түздөгөм.
Эсиң болсо, эстеп мени коёрсуң,
Эжекем – деп салам айтып өтөөрсүң.
Эстебесең, түк албасаң капарга,
Салам айтпай зериккендей кетээрсиң.
Дайым айтып ак тилегим арнаймын,

Жалал-Абадская областная библиотека

Мейли окуп билимдүү бол эмгекчил,
Мейли иштеп баатыры бол эмгектин.
Иманыңды таза сактап акактай,
Ата Мекен, эл жериңди коргогон.
Келечекте акыйкатчыл адам бол!

*25.05.1990-жыл.*

## БУЗУЛБАС ДОСТУКТУН ТУУСУ КОНСУН

Баракелде көңүл койгон элиме,
Берекелүү кен байлыктуу жериме.
Бабаш-Ата, Арстанбабым, Ooганым,
Бүт жаңырып кут береке бергиле.
Эмгекчи элим түрдүү кесип ээлери,
Жаңы жылда жарык маанай бергиле.
Жар чакырып оюн шөөк башталат,
Кана эмесе! Бүт баарыңар келгиле.
Мына бүгүн эмгекчи элим бүт жаңы,
Эртеңибиз ынтымактын тең шаңы,
Баары улуттун өкүлдөрү бардыгың,
Мурдагыдай биримдикти колго алып,
Бардыгыбыз бирдей паспорт ээлери.
Жаңылануу жаңы жылдын сыймыгы,
Касиеттүү арча болсун оболу,
Жашыл түстүү жаш балаты ийилип,
Кел бийле деп, кар кызына кошулуп,
Айбанаттар баары келди жыйылып.
Ушул жыл токчулуктун жылы болсун,
Элиме ынтымактык алып келсин.
Ак пейил дастарконун кайра жыйып,
Бузулбас достуктун туусу консун!

*28.12.90-жыл.*



## ЖАРАЛУУ ЖҮРӨК АЙЫГАТ

Акыйкат издеп табалбай,
Айла жок амал табылбай,
Арызчыл болуп кеттим бейм,
Жаралуу жүрөк айыкпай.
Атыңды окуп сүйүндүм,
«Акыйкаттын жарчысы».
Аргасыз жазып олтурам,
«Арстанбап жердин сонуну»
Деген сабактын форумун.
Замандын сүрдүк жакшысын,
Кагаздан топтоп фактысын.
Сенектик – деген доорго,
Сенейип тоңгон экенбиз.
Адамды адам кордоого,
Чындап бир сурап акыйкат,
Айтууга жүрөк батынат.
Жарыя кылып койсоңор,
Жаралуу жүрөк айыгат.

*1994-ж. Май айында тапшыргам*

## КЫШТООЧУ КУШТАР ДОСУБУЗ

*(Балдар темасы)*

Эртең менен эрте туруп,
Сыртка чыктым жүгүрүп.
Үшүп калган өңдөнөт,
Чыйпылдашып чымчыктар.
Учуп-конуп жем издеп,
Үйгө кирип акшактан,
Алып чыктым бир кесе.
Аштоосуна чымчыктын,

Жалал-Абадская областная библиотека

Салып койдум заматта.
Учуп келип чымчыктар,
Жемге тоюп ыр ырдап,
Шактан шакка конушуп,
Теректерге зуулдап.
Жайды жайлай кыш менен,
Бирге жүрөт биз менен.
Асырайлы багалы,
Өз пайдасын алалы.
Канаттулар сүйлөшүп,
Бир чечимге келишет.
Кара чыйырчык баш болуп,
Мындай кеңеш беришет.
Өткөн жылы бир шумдук,
Болуп өттү көрдүңбү?
Картошкага курт түшүп,
Жеп коюшту билдиңби?
Касиеттүү канаттуу,
Тоок жылы баш алды.
Токчулукка өбөлгө,
Быйылкы жылдын саякат.
Жаңы куртту жок кылып,
Картошканы сактайлы.
Жок кылуунун абалын,
Адамзат да ойлосун.
Канаттуунун бардыгын,
Кырып алып жүрбөсүн.
Жер бетин аппак кар басса,
Көк шибер чыгып эритет.
Кеткен бир куштар келишип,
Токойго уя салышып,
Түркүн куш сайрап кубулжуп
Көңүлдү көккө көтөрөт.

*21.02.93-жыл.*



## КЫШКЫ ОЮН БАЛДАРГА

Айланам аппак кар баскан,
Жер энем тып-тынч уктасын.
Коньки, лыжа, чана тээп,
Жаш балдар такыр тынбасын.
Шак-шакка конуп чымчыктар,
Шакылыктап сайрады.
Жаңы жылды жакшылап,
Достошууну каалады.
Канаттууга достошуп,
Кадырлашып жүрөлү.
Карды ачып калбасын,
Жем чачууну ойлойлу.
Жаңы жылда жаңыча,
Биз окуйлу, балдар ай
«Кызыл тумшук», «Көк тумшук».
Көп ойнойлу тоңдурбай.

*29.12.93-жыл.*

## ЧАКЫРУУ КАТ

*(50 жашты белгилөө)*

Турмуш мени эркелетип койбогон,
Төө мингизип, жөө жүргүзүп ойногон.
Ийне менен кудук казган өңдөнүп,
Эми жеттим «элүү жашка» ойлогон.
Ушул күнгө туш келиптир элүү жаш,
Уул келин, кыз күйөөнүн көөнү шат,
Бир азыраак убакытты үнөмдөп,
Биздин үйдөн дасторкондон даам тат.

*21.01. 1997-жыл.*

Жалал-Абадская областная библиотека

## МЕН КЫРГЫЗ ДЕП БҮТ ДҮЙНӨГӨ ЖАР САЛАМ

Эне тилим эне сүтүм кете элек,
Мен ойлоймун айкын болсо келечек.
Эзелтен энелерим кийип келген,
Периштелүү башка кийген элечек.
Аталар узун чапан, ак калпак,
Ала-Тоолук экендигин аныктап.
Ат жабдыгын кооз жасап кол менен,
Жигиттерин узатышкан сапарга.
Кыргыз менен кылым бою жашап келген,
Түндүгүнө көзөнөктөн уук тиккен.
Боз үйдүн түндүгүнүн нагыз өзүн,
Биздин туунун ортосунан орун берген.
Бул байрак бүт дүйнөгө көтөрүлөт,
Эмгекчи элди алга карай жетелеп.
Ала-Тоолуу мал киндиктүү элимди,
Мен кыргыз деп, бүт дүйнөгө жар салам!

## УШУЛ ДЕЙМИН КЫРГЫЗЫМДЫН БЕЛЕГИ

Көз каранды болуп келдик канча жыл,
Кыргыз элим ашып келдиң канча кыр.
Буйрук берди аткарабыз милдет деп,
Жалын жүрөк атуулдар жок болду.
Мына бүгүн өз эркине ээ болдук,
Көз каранды эмес деген ат койдук.
Кыргыз элим өз алдынча эл болуп,
Жер шарына кыргызмын деп таанылдык.
Кыргыз элдин жүрөгүндө тең жүргөн,
Ала-Тоонун кучагында өнүккөн.
Санжыралуу салт оюну ойнолот,
Адамзаттын жан-дүйнөсүн козгогон.



Көтөрүлсүн кыргызымдын желеги,
Бүт ааламга тийсе экен кереги.
Өз алдынча курултайын өткөздү,
Ушул деймин кыргыз элдин белеги.
Улантылсын курултайы кыргыздын,
Ала-Тоосу дүңгүрөсүн жеримдин.
Бүт ааламга тынчтык менен үн кошуп,
Бийик турсун кыргызымдын желеги!

*30.08.92-жыл.*

## ЫЙМАНЫН ӨЗ ДИЛИНЕН ТАПСА ЭКЕН

Кыргыздын ак калпагын кийгин, жигит,
Аттарды ат чабышта мингин, жигит.
Ала-Тоо, Ата Мекен ыйыктыгын,
Акылың менен билип жүргүн, жигит.
Аркалап өрмө чачың өргүн, кыздар,
Чачыңа ак лентаны таккын кыздар.
Бирөөнүн бүлөсүсүң бир мезгилде,
Жөнөкөй жубайлардан болгун, кыздар.
Картайган ак ала чачтуу адам,
Каалганын каруусун туткан адам.
Беш убак намаз окуп, келме айтып,
Ыйманын өз дилинен тапса экен.

*19.01.1993-жыл.*

## АРБАГЫҢДАН АЙЛАНАЙЫН

Сагынып кусаланам кээ күндөрдө,
Кез-кезде кумарыңды издегенде.
Кантейин тагдырга биз баш ийебиз,
Пенделик парзыбызды аткарганда.

Жалал-Абадская областная библиотека

Далай жыл добулбас уруп көпкө жүрдүм,
Турмуштун ысык-суугун көп өткөздүм.
Өзүңөрдүн түйшүк кирип калганынан,
Турмушумду табакелге сала албадым.
Кыйла жыл өтүп кетти андан бери,
Ак ала чачтар басты мына эми,
Уул-кызым бой жетишти шүгүр дейм,
Өздөрү таап алды өзү теңди.
Дайыма арбагыңа жалынамын,
Азыр да анда-санда сагынамын.
Мурастап турмуш жолун берипсиңер,
Ата-апа арбагыңдан айланайын.

*28.04.93-жыл.*

## ШҮГҮР ДЕЙМИН УШУГА

Улуулар айткан билемин,
Сабырдуу болгун дегенин.
Санап бир жылдыз таң аткан,
Сан күндөр өттү эстесем.
Саймалуу чачым ак баскан,
Гүл кайыр гүлдөй буралган.
Сулуу кыз чыкты сыланып,
Убалуу уул жетилип.
Улуунун ишин улайм деп,
Керимселдей сулуун,
Келтирди бүгүн никелеп.
Убайым күндөр унутулуп,
Кубаныч бизге жык толуп.
Куттуктап бизди ак дилден,
Тең туштар үйгө жык толду.
Сүйүнүч батпай коюунума,
Шүгүр деймин ушуга.

*21.07.1991-жыл.*



## ЖАШТАРГА АЙТААР НАСААТЫМ

Жер энемди ыйлатпастан,
Эгинди сугарганда, булунтпостон,
Эгияттап ыйык туткан,
Тээ мурдагы дыйкан атам.
Өзү эккен ак буудайын,
Моло таштап майдалаган.
Түшүмүнөн бөлүшөөрдө,
Ыр менен жел чакырган.
Аны уккан шамал шаңдуу,
Заматта пайда болгон.
Шамалга ырын айтып,
Күрөктөп дан сапырган.
Береке кырманынан
Кап-каптап түшүм алган.
Сайроочу куштар келип,
Топтонуп даам таткан.
Тойгон соң кызыл данга,
Сайрашат безеленип,
Катарлаш бак-дарактар
Шамалга теңселишип.
Комузун күүлөгөнсүйт.
Адам ата жаалганда,
Арнаган инсан үчүн,
Курчап турган дүйнөнү,
Карегиңдей сактагын.
Келечеги эл үчүн,
Көчөнү көркко келтирген,
Көк терек кырчын тал болот.
Аарыны баксаң асырап,
Даарылуу таттуу бал берет.
Айылды көркко келтирген,

Жалал-Абадская областная библиотека

Алмалуу мөмө бак болот.
Асырап багып өстүрсөң,
Мөмө-жемиш көп берет.

*04.05. 1994-жыл.*

### ЖАЙЛООГО

Улуу бир того сен чыксаң,
Уларлар сайрап ышкырат.
Кымыздык, ышкын сен терсең,
Кулундар чуркап кошкурат.
Жайлоого чыгып көргүлө,
Миң түстүү боёк гүлү бар.
Коктудан ылдый ырдаган,
Туптунук булак суусу бар.
Аскалуу тону этектеп,
Жыты аңкып эрке жел келет.
Кыялга батып ырдасаң,
Жаңырып зоолор үн берет.

*15.05. 1999-жыл.*

### КАЛСА ЭКЕН

Мен жашоодо жакшылыкты,
Бала кезде түбөлүккө буттүмбү?
Тагдырым сен таарып жүрүп,
Өмүр чиркин, көз ирмемдей өттүңбү?
Эх, тагдырым! Мынча мени кысасың,
Жакшылык күн мынча менден качасың.
Өксүп ыйлап жаш келинчек кезимде,
Кызыл-тазыл жибек көйнөк ордуна,



Көктү кийип күйгөнүмө күбөсүң.
Мына ошондон татаал турмуш башталды,
Кескин түрдө кулк-мүнөздөр өзгөрттүң.
Туруктуулук, сабырдуулук кылам деп,
Гүл өмүрүм күйүт менен өткөздүм.
Өкүнгөндөн келмек беле кайран жаш,
Агып жүрүп кургап бүткөн көздөн жаш.
Ой санаада өткөнүмдөн күбөөсү,
Бүт төгүлүп, кайра өсту жалгыз каш.
Ызалыктан курчуйт менин калемим,
Ар күн сайын арбыйт менин арманым.
Алыкулча жакшы өмүр сүрбөсөм да,
Окуп чыгып бир суктанып алгыдай,
Ырым калсын адамдарга белегим.
Эл кызыгып окуганга жетсе экен,
Кулк-мүнөзүн түздөп анан кетсе экен.
Чындык менен тактык сырын мен жазам,
Элим үчүн өз пайдасы тийсе экен.

*17.04.1990-жыл.*

### ЖАҢГАКТАРГА АҢОО СӨЗ

Жаңы өскөн көчөткө,
Жасап жатат кыянат.
Жулуп келип сатканын,
Көрүп калдым базардан.
Жаңгак терип түшүмүн,
Үй башына тапшырат.
Сокур тыйын алышпай,
Бекитмейге айланды.
Жергебиздин жаңгагын,
Жер шары сүйүп аздектейт.
Адат болуп баратат,

Жалал-Абадская областная библиотека

Аралап капка толтуруп,
Андижанга айдашат.
Шланбавда тургандар,
Ырыскысын, алкымын,
Агытышып алганбы?
Аны көргөн жетекчи,
Көрмөксөнгө салганбы?
Мындай болсо, жаш достор,
Кууратасың ааламды.

*29.10.1998-жыл.*

## ЖҮКТӨП КЕТТИ ДЕП УКТУМ

Жаратылыш байлыгын,
Ыйык туткан абалтан.
Убалын такай ойлобой,
Карапайым жумушчу,
Ай сайын айлык жогунан,
Көр оокаттын айынан,
Базарчыга айланган.
Ак талаадан жетекчи,
Районго келиптир.
Баштабай туруп жумушун,
Башчысына ДОЦтун,
Минтип буйрук бериптир:
«Асыл жаңгак урунан,
Сулуу жыгач шумунан,
Арча, катыраңкыдан,
Үй эмерек жыгачтын
Бүт бардыгын даярдап,
Үйүмө алып кел» – дептир.
Аткарууга башчылар,



Жанталашып шашыптыр.
Бошогондо жумуштан,
Ак талааны көздөтүп,
Кумурскадай тизилип,
Арстанбаптын жаңгагын.

## ЖҮРӨКТӨН КЕТТИ ДЕП УКТУК

Жетекчинин сөзүнө,
Жетеленип жүрбөйлү.
Эгемендүү эл болдук,
Ээн баштанып кор кылбай,
Жашыл токой ааламды,
Келечек үчүн эл үчүн,
Жаңы көчөт көп эгип,
Жаратылышты коргойлу!

*1996-жыл. 5.02.*

## КАНТЕЙИН

Жалындаган жаш өмүр,
Өткөндүгүн кантейин.
Кайран көздүн каруусу,
Кеткендигин кантейин.
Жаш баламды бешикке,
Таңып коюп бешикке,
Мектеп үчүн кар кечип,
Кеткендигим кантейин.
Узак жаткан кеселдеп,
Өз атамды бакпастан,
Сабагымды калтырбай,
Жүргөнүмдү кантейин.
Түн ичинде олтуруп,

Жалал-Абадская областная библиотека

Ар тараптан изденип,
Эртеңкиге даярдап,
Бала бакча эшигин,
Түк өмүрдө көрбөгөн,
Көпөч мурун балдарды,
Колдон кармап жетелеп,
Жүргөнүмдү кантейин.
Кирди чыкты акылы
Менен келген балдарга,
Тарбиялык сөздөрдү,
Тажабастан күн сайын,
Айтканымды кантейин.
Чала сүйлөп чулдурап,
Жаңы келген балдарга,
Ал жеткенче тырмышып,
Алиппени үйрөтүп,
Койгонумду кантейин.
Эс алууга чыкканда,
Өмүр бою бекерчи,
Үйдө олтурган аялдан
Пенсиянын маянасы,
Аз болгонун кантейин.
Акыйкаттын асманга,
Учкандыгын кантейин.
Мен чындыкты сурасам,
Чындык үчүн чөнтөккө
Акча экенин кантейин.
Татаал турмуш закымдап,
Өткөндүгүн кантейин.
«Намыс» деген нерсени,
Ыйык тутуп дайыма
Жүргөнүмдү кантейин.
Дос душмандын ичинде,



Кемчилдикти бетке айтып,
Койгонумду кантейин.
Жамаатымдын ичинде,
Жөлөмөмдүн жогунан
Кайран гана эмгегим,
Убагында бааланбай,
Көрүнгөндүн колунда,
Кеткендигин кантейин.
Ушул өткөөл заманда,
Дарыгер менен дарылар,
Кымбаттыктын кырына,
Жеткендигин кантейин.
Ден соолугум начарлап,
Дарман кетип алсырап,
Жүргөндүгүм кантейин.
Үшүгүр деймин ушуга,
Каниет кылып жүрөйүн,
Кудайым берсе өмүрдү
Мындан аркы калганы,
Ыйык перзент неберege,
Жомок айтып ыр ырдап,
Үйрөтөйүн жүрөйүн.

*12.08. 1997-жыл.*

## ТАГДЫР

Талантты Алла бизге берет экен,
Таалайга түркүн тагдыр келет экен.
Тагдырдын сыноосуна чыдай албай,
Кээ бирөө тайгак жолдо калат экен.

Адамдар аң-сезимдүү эл болобуз,
Жашоого чагылгандай бир келебиз.

Жалал-Абадская областная библиотека

Эрктүүлүк, туруктуулук дайым болсо,
Ар түрдүү татаалдыкты биз жеңебиз.

Бакытты базарларда сатпайт экен,
Энчилеп колго бирөө бербейт экен.
Туруктуу эмгектенип, чыдап жүрсөң,
Бакыт өзү сени издеп табат экен.

*09.01.2005-жыл.*

## ӨКҮНҮЧ

Атаганат тагдыр мени куушуруп,
Ак кептердей уча албадым көкөлөп.
Жаратылыш берген учкун талантты,
Кондурамын сабагыма түтөлөп.
Бирок, кантем жөлөмөмдүн кошоматтын жогунан,
Мен жүрөмүн арсыздарга басынып.

*1989-жыл.24.10.*

## КУТТУКТОО

Куттуу болсун 8-мартыңар,
Ушу олтурган улуу-кичүү жалпыңар.
Оору-сыркоо алыс болуп силерден,
Үй-бүлөнүн берекеси эне деп,
Дайым болуп алга жүрсүн баркыңар.

Ушу олтурган ак байбиче апалар,
Кызыл-тазыл жоолук салган сиңдилер.
Көңүл буруп убакытын үнөмдөп,
Келген ушул жалпы олтурган туугандар.
Силер үчүн башты ийип бүгүн мен,
Чын жүрөктөн рахматымды айтамын.



Ушул майрам улуу аял Кларанын айтканы,
Элдин ушул салтанаттуу майрамы.
Эл журт дүйнө баарыбыз тынч болуп,
Бул майрамды дайым тосуп жүрөлү.

*07.03.1998-жыл.*

## САНДАР СҮЙЛӨЙТ

*(наристелер үчүн)*

1 Бир боломун мен деген,
Өңчөй сабак билбеген.
Тентек балдар жолдошум,
Бирин-бири тилдеген.
2 Эки деген менмин,
Куйругум бар элпек.
Жакындаба жаш достор,
Бүт турушум тентек.
3 Үч деген сан мен болом,
Экинин эле жолдошу.
Үчкө окусаң досторум,
Пүч болгонуң так ошол.
4 Төрт деген сан боломун,
Төп келишкен баланын,
Дептерине жөн эле,
Өзүм барып кономун.
5 Беш деген сан мен болом,
Белим кымчоо иймекей.
Тырышкыла жакшылап,
Мага жетип билмекке.
6 Эки так сан биригип,
Алты жуп сан мен болом.
Так сан менен жуп санды,

Жалал-Абадская областная библиотека

Ажыратып билип ал.
7 Так сан менен жуп сандан,
Түзүлгөн жети мен болом.
Жети жашка толгондо,
Мектеп ырын ырдаган.
8 Эки жуп сан биригип,
Жалгыз өзүм сегизмин.
Ажыратсаң досторум,
Эки төрттөн эгизмин.
9 Менин сегиз досум бар,
Баары менден кичине.
Жаңылбастан санап көр,
Таап аласың тез эле.
10 Оюндун баарын толтурган,
Он деген сан мен болом.
Окумуштуу математиктин,
Бир онуна тең болом.

*05.01.1998-жыл.Н.С.Н.*

## МАТЕМАТИКАЛЫК ОЮНДАР

*(космоско учуу оюну)*

Амалдардын тартибин,
Аткарабыз жазабыз.
Асманга учуу башталды,
Аткарууга шашабыз.
(балык кармоо)
Көк деңиздин ичинде,
Сүзүп жүрөт көп балык.
Кайырмакка илинер,
Кана балдар таштайлык.
Ак кептерден баштаган,



Жан-жаныбар бардыгы.
Тып тынчтыкты каалашат,
Биз да балдар жөн турбай,
Тынчтыкта эсеп иштейлик.

## КАРТАЙГАНДА ЫР ЖАЗДЫМ

Ызаланып ыйлап жүрүп ыр жаздым.
Кесибиме 45 мүнөт ат коюп.
Ачылбаган жүрөк сыры кыйналып,
Ырлар болду булак суудай куюлуп.
Кээ бир наадан тыңдуу сынып жүргөндөр,
Айласыздан арсыз мага күлгөндөр,
Чындык үчүн мен күрөштүм тартынбай,
Ал күнөөсүн өз мойнуна алгандар.
«Намыс» деген ысым ыйык турбайбы,
Максат менен изденүүдөн талбайбы.
Кээ бирөө бар, тар көкүрөк мактанчаак,
Так ошолор тамыр кесет турбайбы!

*16.05.1990-жыл.*

## АК КЕПТЕРДИ МЕН УЧУРУП ҮН САЛАМ

Тынчтык деп күндө ураан жадырабыз,
Достукта жашоо бизге рахат сунат.
Көп улут кыргыз элим жер жүзүнө,
Достош деп туу көтөрүп обон салат.
Достукту ыйык тутуу кандай сонун,
Достошкун африкалык жаш досторум.
Жан берди, өмүр берди, кызмат берди,
Авгандык досторумдун эртеңи үчүн.
Уктап жатат түбөлүккө бейиште,
Баатыр Ю.Исламов, Олжобой Мамыров агалар.

Жалал-Абадская областная библиотека

Достуктун болот символу,
Алар жатат түбөлүккө бейитте.
Жаш кыргындай эми ачылган гүл менен,
Ук жер жүзү, бүткүл аалам кулак сал,
Ак кептерди мен учуруп үн салам!

*14.02.1991-жыл.(Афганистердин күнүнө)*

## ЖАКТЫРБАЙ ООН КАРАЛАЙТ

Атам кыргыз, энем өзбек
Энем кыргыз, атам өзбек.
Эки элим эт жүрөгүм,
Эки элден кайрат алып,
Билимди бекем тутам бек.
Көрө албас душман алыстан,
Көк түтүн көккө чачам дейт.
Жол бербейт биздин ак кептер,
Достукту бекем сактайм деп.
Жер жүзүндө эл жашайт,
Ак, сары, кой көз адамдар.
Достошуп колду бек кармайт,
Бей баштык кылса кайсыл эл,
Жактырбай оон каралайт.

*10.09.1991-жыл.*

## БИЗ ДАГЫ СОЛДАТ БОЛОБУЗ

Арадан адамдар чыкпасын,
Адамдар бейпилде уктасын.
Эл бузуп ушакты тараткан,
Азаптуу ажалга жолуксун.
Асманда ак кептерлер учушат,



Биздерден тынчтыкты күтүшөт.
Дайыма ынтымак биз болсок,
Бекемдеп тынчтыкты сакташат.

*17.09.1991-жыл.*

## ЖООКЕР БОЛОБУЗ

Азыркы биздин армия,
Тынчтыктын болот сакчысы.
Агалар өтөт эки жыл,
Кайтарып элдин бактысын.
Агалар жолун жолдойбуз,
Тынчтыкты биз да коргойбуз.
Он сегиз жашка толгондо,
Биз да жоокер болобуз.

*1988-жыл.23.02.*

## ДАЙЫМ ЖАШАЙТ

Аттиң өмүр деген мынча кыска,
Жокемдин эмгектери баары нуска.
Элинин жүрөгүнө таасир берип,
Кулк мүнөз сапаттарын оңдоого уста.
Ал азыр токсон жашта болбойт беле,
Эл үчүн эчен томдор жазбайт беле.
Кыргыздын кыркалуу тоо таштарын,
Кулпунтуп түр боёкко салбайт беле.
Торколуу токойлоруңду тоңоп жатат,
Таланттуу бүт кыргыздар ырдап жатат.
Тармал чач Жоомарт агай жап жаш бойдон,
Кыргыздын жүрөгүндө дайым жашайт.
Жоомарттын Кулубеги ырлар жазбайт,

Жалал-Абадская областная библиотека

Ала-Тоо ыйык сырын ачып жатат.
Илимдин чыгып бийик чокусуна,
Үрөнүн бүт дүйнөгө чачып жатат.
Эмне болот антебиз,
Кайран союз барында.
Кашар толо мал эле,
Төрт түлүк мал жык толуп,
Элге пайда берчү эле.
Эгемендүү эл биз деп,
Энчибиз колго тийди деп.
Эл турмушун ойлобой,
Эчендеген чоң сөрөй,
Энчи кылып бүт талап,
Бөлүп алды коркпостон.
Айыл ичин аралап,
Басып калсаң көз түшөт.
Кайран гана авто унаа
Ай талаанын алдында,
Ачык жатат дат басып.
Өксүп ыйлап айла жок,
Айтайын десе тили жок.
Аралашып көң менен,
Ар мүчөсү ажырап,
Айласыз жатат жер менен.
Акыйкаттын асманга,
Чыккандыгын кантебиз.
Акыйкатка жетүүгө
Акча шаты экенин,
Ачык эле айтабыз.
Түркүн куш сайрап үн салган,
Түшүмүн элдер көп алган.
Түнт токойлор кыйылып,
Ат чабарга айланды.



Кой терисин жамынган,
Карышкырлар сыяктуу,
Буйрук берип чиновник,
Кайран жаңгак жыгачын,
Кыркылып таза сорттору,
Сырт жактарга айдалды.
Акча өлгүрдүн ай сайын,
Тийбегенин кантебиз.
Тирүүлүккө күнүмдүк,
Тыйын тыпыр жогунан,
Карыз болуп базардан,
Жүргөнүбүз кантебиз.
Качан сурап ийет деп,
Камерсантты көргөндө,
Ком сопобуз кетебиз.
Деги ушундай көрүнүш,
Боло берсе көнүмүш.
Кыргыз элдин тагдыры,
Эмне болоор экенбиз?

*1995-жыл.05.06.*

## ЖАҢЫ ЗАМАН ЖАҢЫЧА

Ишин баштап жүрсө экен,
Элдин ички катмарын,
Кызматына кошсо экен.
Эр азамат жаштарды,
Толук ишке тартса экен.

*25.03.2005-жыл.*

Жалал-Абадская областная библиотека

## ВЕТЕРАНДАРГА

Кандуу согуш жүрүп жаткан мезгилде,
Мылтык алып, кызыл чокто жүрдүңүз.
Тайманбастан Герман менен атышып,
Артка кууп, так Берлинге жеткенсиз.
Мезгил өтүп жеңиш күнгө бүгүнкү,
Мына 65 жыл толуптур.
Эчендеген эр азамат, эр жигит,
Эли үчүн, жери үчүн, жаш өмүрүн бериптир.
Эл эскерип, эчен акын ыр жазып,
Эч эскирбес эстеликтер коюптур.
Эл ичинде кызыр ата өңдөнүп,
Ветерандар эсептелүү калыптыр.
Бар болгула, аппак сакал аталар,
Майрам сайын байым болуп биз менен.
Тынчтык күндү салтанаттуу белгилеп,
Эч көөнөрбөс жомок айтып бергиле.

*2000-жыл. 09.05.*

## ЖАЗДЫ КҮТҮҮ КАНДАЙ БОЛДУ АДАМЗАТ

Карлар ээрип, муздар кетти суу болуп,
Жер энебиз мына ачылды түздөлүп.
Күн өткөзбөй мүнөт текке кетирбей,
Чык! Жумушка,тырмооч күрөк колго алып.
Жердин бетин бүт тазалап айдагын,
Баба дыйкан бергенинен калбагын.
Бар күчүңдү жумшап койсоң астейдил,
Алтын күздө мол түшүмдү алганың.
Ар бир адам, ар кыл мүнөз жаралат,
Иштерман да, жалкоосу да баратат.
Күн өткөзбөй кумурскадай эмгектен,
Жашоо үчүн ошол берет бакыбат.

*(2000ж.)*



## ПИКЕТКЕ ЧЫГЫП ЖАГАМ ДЕП

Даркан талаа куу талаага жалгашты,
Мезгил өтүп кийин эккен эгинге.
Отоо чөптөр огородко жык толуп,
Түшүмүнө кара куйөө жармашты.

*25.09.2005-жыл.*

## ӨМҮРҮҢДҮ АРНАЙСЫҢ

Канат күүлөп алга карай учкула,
Ак дилимден ак жол каалайм уккула.
Алыспы же жакын жерде жүрсөң да,
Акыл эстүү адамдардан болгула.
Бүгүн мына коштошууда турасың,
Минутага чындап көңүл коёсуң,
Кандай жолдор күтүп турат чиркин ай!
Ойлоп силер түшүнө албай жүрөсүң.
Кээ биреөңөр кайра парта улайсың,
Кээ биреөңөр кайра жумуш кармайсың.
Кээ биреөңөр турмуш жолуна түшүп,
Жашоо үчүн өмүрүңдү арнайсың.

*1993-жыл.*

## КЕМПИРДИН ОЙ ТОЛГООСУ

Уул улан-кыздар жубан болушуп,
Туш тарапта тууруна конушуп.
Өз алдынча эмгектенип үй куруп,
Адам болду эл ишине жарашып.
«Шүгүр» – деп, чай ичишип отуруп,
Айылдашсак уул-кызга ээрчишип.
Майрамдарда баары келип чогулса –

Жалал-Абадская областная библиотека

Ыйык перзент неберреге жык толуп.
Качан гана тынч олтуруу болот деп,
Күндө тилейм баш оорубай өтсө деп.
Уул-кызымдын кадыр баркы кетет деп,
Теңелбеймин ушул жашоо жетет деп.

*09.06.2006-жыл.*

## СЫЙМЫКТАНАМ

Өкүнбөйм өтүп кеткен өмүрүмө,
Өкүнбөйм калып калган көңүлүмө.
Күн бүтүп дүйнөдөн өтүп кетсе,
Сөзүм бар окуучумдун жүрөгүндө.
Тагдырды тобокелге салганым жок,
Турмуштун агымынан калганым жок.
Татаал жолду тайгаланбай басамын деп,
Оюмду түз айтуудан кайтканым жок.
Тагдырым аяган жок тартуусунан,
Аллага шүгүр деп таазим кылам.
Артымда улантылаар урпагым бар,
Бакытым – уул-кызым деп сыймыктанам!

*07.07.2006-жыл.*

## ЖАҢЫЧА ЖАШОО БОЛСО ЭКЕН

Момун кыргыз элимдин,
Пайдаланып эмгегин.
Алкымын ачып араандай,
Акаев өзү баш болуп,
Ажыдаар болду тайманбай.
Көр оокаттын айынан,
Опол тоодой кыргыздар.



Өзү билген иш жасап,
Сыртта жүрөт зар болуп.
Кендирди кескен жокчулук,
Курчутту элдин кыжырын.
Адилет чындык жабылып,
Калгандыгын билген эл,
Ынкылапты чыгарып,
Адилет издеп бетме-бет,
Ак үйгө кирип барышты.
Ошондогу акаевчилер,
Алды алдынан качышып.
Кечирим сурап коңо албай,
Ажобуз качып кетиши,
Уяттан уят эмеспи,
Дүйнөлүк элдин алдында.
Аңгырай ак үй бош калып,
Эл ак үйгө жык толуп,
Жетекчи жок томсоруп,
Турганда келди Бакиев.
Акаевтин өз милдетин аткарып,
Он беш жыл жаткан оорулар,
Ошондо элим козголуп,
Баш аламан талаптар,
Негизи жок пикеттер,
Туш-тушунан көбөйдү.
Туруктуу мүнөз, асыл сөз,
Курманбек өзү жөндөгөн
Жумушчу элдин катмарын,
Кыдырып чыгып түздөгөн!
Иш билги сөзү жетиктүү
Эл турмушун ойлогон.
Темирдей тартип кармаган,
Феликс менен Курманбек.

Жалал-Абадская областная библиотека

«Коррупция» деген кара туманга,
Аңсуз күрөш жүргүзүп,
Жаңыча жашоо болсо экен!

*24.03.2005-жыл.*

## ЭНЕ ЖҮРӨГҮ

Уул үйлө, кыз узатып чоңойтуп,
Өз алдынча адам болду үй күтүп.
Алла өзүңө «Аманат» деп күн сайын,
Теспе тартат бир кудайга жалынып.
Коом өстү, көз караштар өзгөрдү,
Бала эстеп коёр бекен бир жолу...
Кайсы балам кандай шартта жүрөт деп,
Кыялданып барып келет түн ичинде он жолу.
Сыздаганын сагынганын билет бекен баласы,
Жүрөгүнөн орун алган оюн-күлкү санаасын,
Кандай татаал, кыйын убактарда чоңойтконун эскерип,
Айыкпаган жарат болот энекеңдин жүрөгү.

*11.01.2007-жыл.*

## АТА СӨЗҮ

Турмушка жаңы эле чыктым эле,
Тун уулум балтыр бешик убагы эле.
Турмуштун ачуусунан берди урмат,
Таарынып төркүнүмө бардым эле.
Баламы маңдайынан, атам эркелетип,
Мени да ойлуу карап аягансып.
Айланам атам тайлак алтын кызыл,
Сыр айтам кулагыңа илип алгын:
Маңдайынан ырыскысы жанып турат,



Чакырсаң жарпың жазып күлүп турат.
Үшүгүр бала, бакыт-наристең бар,
Ачуунду жутуп, балам бир мен үчүн,
Тезирээк кечикпестен үйүңө бар.
Турмушта боло берет ачуу таттуу,
Сен энесиң сабырдуулук сактап өткүн.
Эч качан наристеңди жалдыратпай,
Өз балаңды экөөң багып тез өстүргүн.
Күкүкчө жумуртканды таштап кетпей,
Өмүрдүн күз мезгили келген кезде,
Мөмөсүн өзүң көргүн насип этсе
(эркелеткен сөзү)
Атамдын ошол сөзүн ыйык тутуп,
Турмуштун толкундарын басып өттүм.
Жаштарга тийер бекен пайдасы деп,
Жашырбай ички сырды жазып койдум.

*14.12.2009-жыл.*

## САЛАМДАШУУ

Салам айтам улуу кичүү баарыңа,
Жашыл аалам, жашыл токой жалпыңа.
Жаратканга биз ыраазы бололу,
Жакшынакай жаратылыш шартына.
Жылгасынан суу аккан,
Жыгачынан май аккан.
Жакшы жерден жайгашкан.
Жамаатынын баарынан,
Жалындуу ысык салам.
Кыргыздын кыраан Манасы,
Кылымдар канча өтсө да,
Көңүлдө жүрдү жашарып,
Дүйнөлүк кыргыз атасы.

Жалал-Абадская областная библиотека

Эгемендүү эл болуп,
Энчибиз тийди колуна.
1000 жылдык тоюн өткөзүп,
Дүйнөнүн булуң бурчунан,
Манастын жери Таласка,
Меймандар келип кетиши.
Достуктун болот сыймыгы,
Осуятын атанын,
Аткаралы баарыбыз.
Баары улуттун жаштары,
Бириккиле биздерге,
Айкөлдүк менен иш баштап,
Гумандуулукка, Ата Мекенди,
Жаратылышты сүйүүгө.
Табиятка таттуу мамиле жасоого,
Түшүнөлү баарыбыз.
Түптөлүшүнө кыргыздын,
Кошууга салым биз дагы,
Дайыма даяр туралы.
Арабызда жок эмес,
Жаратылыштын байлыгын,
Өз алдынча колдонуп.
Көбөйтүүнүн ордуна,
Өз отуна күл тартып,
Жок кылуунун жолунда.
Келечектин ээлери,
Биз болобуз жаш достор,
Курчап турган дүйнөнү,
Жан дил менен бак тигип –
Өстүрөлү жолдоштор.



## ОЙ ТОЛГОО

Кайран совет багында,
Космоско учуу шарт болуп.
Табигый жаратылыштар,
Өз алдынча зор болду.
70 жыл курулган
Коомдук короо сарайлар,
Кароосуз калып талаада –
Таламайга айланды.
Чытырман кооз токойлор,
Иретсиз жактан кыйылды.
Аралап жүрсө көз түшөт,
Жаратылыш байлыгын
Абайлап элим сактагын.
Асыл жаңгак токойдун,
Чырпыгын бекер кыйбагын.
Жөнөкөй кыргыз жаштары,
Акчанын түшүп артынан,
Кары менен момунду
Алдамайга айланды.
Кары картаң адамдар,
Кайра баштан жалжалдап,
Үйлөнгөн уул кыздары,
Таштап кеткен балдарын.
Багып жатат бөпөлөп.
Өз балдарын өзү багып өстүрсө,
Ата-энеси эрезеге жеткирсе,
Ак-караны, жокту-барды билгизип,
Жаш жубайлар кыргыздарды көбөйтсө.

*09.20. 2000-жыл.*

Жалал-Абадская областная библиотека

## КАЛЫП КАЛААР

Күндөн күнгө ден соолугум начарлайт,
Өмүр өтүп мезгил учуп закымдайт.
Кандай гана өмүр сүрдүм экен деп,
Ойлор келет, келаткасыйт өлүм мага жакындайт.
Атаганат тагдыр мени куушуруп,
Уча албадым ак кептердей көкөлөп.
Көкүрөктө жатка айтылган сөздөрдү,
Жазгым келет ак кагазга чиймелеп.
Кыргыз элим кылымдардан жашап келген,
Сөз тизмегин, үрп-адатын сактай билген.
Жакшылык, жамандыктын бүт бардыгын
Жүрөгүнөн кайнап чыккан сөз берметин –
Тайманбай топту жайып айтып келген.
Калса экен көкүрөктө жүргөн жатка,
Уул-кызым калып калса таза сакта.
Кылымдардан жашап келген оозекилер,
Пайдасы тийип калаар бир убакта.

*Жалал-Абадда 1.11.2009-жыл.*

## КЫЗ УЗАТУУ КОШОГУ

Апасынын көрүшүүсү,
Сагызгандар биригип,
Сайга конмок болуптур.
Сан жакшылар биригип,
Сени алмак болуптур.

Көгүчкөндөр биригип,
Көлгө конмок болуптур.
Көп жакшылар биригип,
Сени алмак болуптур.



Ак түйүнчөк ичинде,
Данакер бекен кыз байкуш.
Апасынан алыстап,
Айыпкер бекен кыз байкуш.

Барган бир жериң бай болсун,
Баш кошуп алган түгөйүң.
Баркыңды билген бөпөлөп,
Акылман айкөл жан болсун.

Эшигиң толо мал болсун,
Үйүң толо жан болсун.
Үлпөттүп алган түгөйүң,
Эстүү бир эркек шер болсун.

## ЖЕҢЕСИНИН КОШОГУ

Өз атаң эшик пакта эшик,
Пакта эшикти басып өт.
Кайнатаң эшик такта эшик,
Такта эшикти айып өт.

Үй-бүлө куруу улуу иш,
Үйрөтүп кетүү кыйын иш.
Үлпөттөп баккан кызыке,
Үйрөтүп кетүү кыйын иш.

Аяк табак кагышса,
Акырын басып отургун.
Алоолоп жанып ачыкса,
Аздектеп секин өчүргүн.

Алганың келсе жумуштан,
Айылдап басып кетпегин.

Жалал-Абадская областная библиотека

Анча мынча сөз өтсө,
Күлө кагып кечиргин.

Ак бийке кызды асырап,
Ай тийбес жерде бакканбыз.
Алганы келген күйөөжан,
Алтындан сөйкө салып ал!
Ай тийбес жерге багып ал!

Керимселдей сулууну,
Күн тийбес жерде бакканбыз!
Күйөөлөп келген жаш жигит,
Күмүштөп сөйкө салып ал!
Күн тийгизбей багып ал!

«Энеси мактаган кызды эр албайт,
Жеңеси мактаган кыз эрден калбайт»

*(Макал)*

*1968-жылы 54 жашында апама айтылган*

## АЙДАРАЛИ КЫЗЫ БҮҮЧА ТОГУЗ БАЛАНЫН АПАСЫ

Ай асмандын кулпу экен,
Апа бир кызга мүлк экен.
Ал мүлкүнөн айрылса,
Кызга бир кыйын иш экен.

Ак чабыкка нур салдың,
Айта элек башка ый салың.
Ак чыбыкка нур жаман,
Айта элек башка ый жаман.



Көк чыбыкка нур салдың,
Көрө элек башка ый салдың.
Көк чыбыкка нур жаман,
Көрө элек башка ый жаман.

Калемпир салдың ашыма,
Кайгыңды салдың башыма.
Кагылсам апам күйөрүм,
Калемпир салсаң жөтөлөм,
Кайгыңды кантип көтөрөм.

Кучала салдың ашыма,
Күйүтүң салдың башыма.
Кагылсам апам кутманым,
Кучала салсаң жөтөлөм
Күйүтүң кантип көтөрөм.

Аркар бир жылдыз баткыча,
Алты айланып эмиздиң.
Ак элечек сулуулар,
Кимдин бир кызы дегиздиң.

Үркөр бир жылдыз баткыча,
Үч айланып эмиздиң.
Эр азамат уулдар,
Кимдин бир уулу дегиздиң.

Сылап бир чачым өстүрдүң,
Сыр дайрадан өткөздүң.
Сыйымды көрөөр убакта,
Сызып бир кайда жөнөдүң?

Суу үстүндө муз калды,
Саамайын сылап кыз калды.

Жалал-Абадская областная библиотека

Көкүрөгүн көтөрбөй,
Коодактарың жаш калды.

Арка бир чачың тараттың,
Айлансам апа куйөрүм.
Алтынай менен Абиңди,
Аганын көзүн караттың.

Желке бир чачын тараттың,
Жетиле элек балдарды.
Кагылсам апам күйөрүм,
Жеңенин көзүн караттың.

Босого түркүк илерим,
Айлансам апам муңдашым.
Бостойгонун билерим.
Кереге түркүк илерим,
Кагылсам апам кутманым,
Менин кейигеним билерим.

Күйөрүм апам өткөн соң,
Эми кейигеним ким билет.
Азыр мен жазып, мен барсам,
Алдымдан тосуп ким чыгат?..

Босого бою жакандос
Айлансам апам базарым
Бойпоңдогон мейман дос,
Кереге бою жакын дос.
Кагылсам апа күйөрүм,
Пейили жакшы меймандос.

Мекенден алган беш алма,
Мекемдеп салсам бөлүнөт.



Берекем апам жоктугу,
Эми мага бир кыйын билинет.

Ак ичикти желбегей,
Жамынамын дечү элем.
Айына эмес күнүнө
Мен апамды көрбөсөм,
Сагынамын дечү элем.
Көк ичикти желбегей,
Жашынамын дечү элем.
Күнүнө эмес айына
Мен апамды көрбөсөм,
Сагынамын дечү элем.

Жол боюнда рават,
Жолоочуга үй болот.
Жаным апам өткөн соң,
Жалынсам сиздей ким болот!?..

Сай боюнда рават,
Соодагерге үй болот.
Сыймыгым апам өткөн соң,
Сагынсам сиздей ким болот!?.

Ак карагай дилгирем,
Арманым айтып билдирем.
Арманым айтаар апам жок,
Алыста ыйлап мен жүрөм!

Сыр карагай дилгирем,
Сырымды айтып билдирем.
Сырымды айтаар апам жок,
Зыркырап ыйлап мен жүрөм.

Жалал-Абадская областная библиотека

Булбулдары сайрабас,
Муңдуу токой мында экен.
Муңумду айтып алаарга –
Менин муңдашым апам кайда экен!?
Муңдашым апам сурасам,
Мен көрбөс муздак жайда экен!

Кукуктөрү сайрабас,
Куйпул токой мында экен.
Куйүтүм айтып алаарга,
Куйөрүм апам кайда экен?!
Куйөрүм апам издесем –
Күн көрбөс күңүрт жайда экен!

Ай тийбейт үйдүн түбүнө,
Айылдап барам күнүгө.
Айылдап барсам апам жок,
Армандуу кайтам үйүмө.

Күн тийбейт үйдүн түбүнө,
Көргөнү келем үйүнө.
Көргөнү келем апам жок,
Куйүттүү кетем үйүмө!

Карагайдан жыгачка,
Камкаңды жайдың турат деп.
Камкаң бир турбай жыгылды,
Кагылсам апам кутманым,
Калкыңа келбей үзүлдүң!

Долонодон жыгачка,
Торкоңду жайдың турат деп.
Айлансам апам базарым,



Торкоң бир турбай жыгылды,
Тобуна келбей үзүлдүң!

Жайылган сууну кечпедим,
Айлансам апам базарым.
Тогуз балаң биригип,
Жаның бир барда жетпедик!

Ак учугун саптаган,
Айлансам апам базарым.
Ак куштай боюм таптаган,
Көк учугун саптаган,
Кагылсам апам кутманым
Көк куштай боюн таптаган.
Оромолго гүл тиккен,
Айлансам апам базарым.
Ойдуңдап жерге үй тиккен,
Такыяга гүл тиккен,
Кагылсам апам кутманым,
Такырлап жерге үй тиккен!

Абалап учкан ак куштун,
Канатында соогасы,
Азыраак айтып ыйлайын
Балдарыңдын тобасы.

Көмүркөй толгон көп алдым,
Кай жакты көздөй чачайын?
Куйүттө кеткен апамдын,
Кайсы бирин айтайын!

Кызыл памил чайларым,
Көп кайнаса карыгат.

Жалал-Абадская областная библиотека

Күйүтүм айтып отурсам,
Келген мейман зарыгат.

Арка алдың май болсун,
Айлансам апам базарым.
Аркаңда калган балдарга, –
Ак батаңды берип жат.

Аз айтайын кейишти,
Айланайын жан апа.
Аралап жүрүң бейишти,
Көп айтайын кейишти.
Кагылсам апам кутманым –
Көрүп бир жүрүң бейишти.

## 1978-ЖЫЛЫ ӨЗҮМДҮН АТАМА АЙТЫЛАТ

Ай чыгат тоодон кылайып,
Далалатим атам өткөн соң –
Арманым айтам муңайып,
Күн чыгат тоодон кылайып,
Кутманым атам өткөн соң –
Күйүтүм айтам муңайып.

Балдыркандуу белестин,
Башына барып эл конот.
Давлатим атам өткөн соң,
Башкасы андай ким болот?!

Кымыздыктуу белестин,
Кырына барып эл конот.
Кымбатым атам өткөн соң,
Кызыксам сиздей ким болот?!



Персентке колуң узарган,
Дөөлөткө бетиң кызарган.
Небере үйдө ыйлаган,
Айлансам атам давлатим –
Сизди бир Кудай сыйлаган.

Жазы-жарым жайлоо жайлаган,
Жайылтып малын айдаган.
Айланайын бай атам,
Сободо кымыз кайнагын.

Сере жайлоо жайлаган,
Сүрүлтүп малын айдаган.
Кагылсам атам кутманым,
Сүрсүтүп чучук чайнаган.

Жакалуу жакшы тон болсо,
Кыздарым кийсин дечү элең.
Улакка чабаар ат болсоң,
Балдарым минсин дечү элең.

Алтындан чапкан комузуң,
Ачасы кана дебейби.
Аркаңда калган Абиңди,
Атасы кана дебейби.

Күмүштөн чапкан комузуң,
Күүлөп бир коюп кетпедиң.
Кенже уулуң Абиңди,
Үйлөп бир коюп кетпедиң.

Үйүмдүн үстү үч өрүк,
Үч айланып өтчү элем.

Жалал-Абадская областная библиотека

Үйүм башка болсо да,
Үйүмдө апам жогунан,
Күнүгө үч маал өтчү элем.

Элиңе не бир иш түшсө,
Элди жыйып сөз айтып.
Элгарчилик соопдеп,
Эчендин ишин бүтүргөн.

Тууганга түйшүк иш түшсө,
Топтошуп тууган урукту.
«Туугандын турганы алтын» – деп,
Тополоң иште тик туруп,
Туугандын ишин бүтүрдүң.

Күн тие турган жагына,
Күл кайыр чыгып чайланды.
Кагылсам атам давлатим,
Келбеске башың байланды.
Жашынганың сур болсун,
Айлансам атам давлатим,
Жашыңдан бейиш кут болсун!

Сай боюнда четендер,
Сөздүүгө сүйлөт чечендер.
Барганына кайгырба –
Байыртан өткөн нечендер.

Көл боюнда чечендер,
Кептиге сүйлөйт чечендер.
Кеткениңе кайгырба,
Кылымдан өткөн нечендер.
Алтындан теспе имерген,
Айлансам атам давлатим.
Аллага дилин жиберген...



Эртең менен багымдат,
Намазыңды окуп жүр.
Айланайын бай ата,
Арканда калган балдарды,
Арбагың менен колдоп жүр.

Сай боюнда оттогон,
Сан жылкы такыр бөлүнбөс.
Сагынып издеп мен келсем,
Сырттаным атам өткөн соң –
Сагынсам такыр көрүнбөс.

Көп үйүрдүү топ жылкы,
Көл боюнда жуушасын.
Куйүтүн айтпай коеюн,
Күл бейиш кеткенбай атам.

Көңүлү ачык уктасын,
Ача туюк кара уй.
Эшиктен өксү болгон жок,
Узун куйрук кылдуу жал,
Казыктан өксү болгон жок.

Кыра кырка көп терек,
Көп терекке суу керек.
Айлансам атам кутманым.
Уул үйлөп кыз берсем, –
Кеңешиңиз эң керек.

Темир тапан үзөнгү,
Теминемин дечү элең.
Бул теңсиздик дүйнөдө,
Мен атамдын барына –
Кемибеймин дечү элем.

Жалал-Абадская областная библиотека

Күмүштөн менин казыгым,
Күнчүлүк жерде жүрсөм да,
Кутманым атам сөздөрү –
Күл азык экен сыягы.
Күндө бир эстеп кыялдап,
Мен үчүн айткан сөздөрүн.

Алтындан сандык чаптырып,
Салып бир коёр болсочу.
Сагынганда балдары –
Ачып бир көрөөр болсочу.

Айтып айтпай пайда жок,
Армандуу өлүм кимде жок.
Айлансам атам давлатим,
Ал дүйнө кеткен сиз үчүн,
Эми курандан башка айла жок.

«Апамдан алты жашында калган, отуз жети жашында өтүп кеткен, бир тууган инимдин кошогу (АБДУВАЛИГЕ айтылган).»

Өзөндөн бассаң саз бекен,
Айланайын күйөрүм.
Өзүңдүн өксүктүгүн аз бекен…
Четенден эксең тал бекен,
Кагылайын күйөрүм,
Сенин жетимдигиң аз бекен.

Адырга чыккан тал белең,
Аз эле жашап өткүдөй.
Айланайын Абиңим,
Аманат бүткөн жан белең!?



Белеске чыккан тал белең,
Бүрт эле кетип калгыдай –
Кагылайын Абиңим,
Сен бекерден бүткөн жан белең?!

Жети канат ак өргө,
Желкесинен капшырдың.
Жетиле элек балдарды,
Жетелеп кимге тапшырдың?!

Алты канат ак өргө,
Аркасынан капшырдың.
Ардактап баккан балаңды
Атайлап кимге тапшырдың?!

Карайган тоонун боорунан,
Каргалар учат жем үчүн.
Какшанып ыйлап отурсам,
Кайгырган эжем үнү деп,
Кайрылаар белең мен үчүн?!

Бозоргон тоонун боорунан,
Боз торгой учат жем үчүн.
Боздоп бир айтып отурсам,
Боздогон эжем үнү деп,
Бурулаар белең мен үчүн?!

Ай төөбөдөн түш болду,
Алыстап кетип калгансың.
Айланайын күйөөрүм,
Сенин арманың бизге күч болду!!!

Күн төбөдөн түш болду,
Кагылсам Абиң күйөөрүм.

Жалал-Абадская областная библиотека

Күнчүлүк жерден жан берип,
Сенин күйүтүң бизге күч болду!!!

Аскалуу тоодо оттогон,
Аркарлар мүйүз ийдибейм.
Аз эле жашап өтүүгө,
Адамдын көзү тийдибейм.
Адамдын көзү тийбесе,
Алла эгем өзү сүйдүбейм!!!

Күн төбөдөн түш болду,
Кыр карлуу тоодо оттогон.
Кийиктер мүйүз ийдибейм,
Капилет өтүп кетүүгө,
Курдаштын көзү тийди бейм.
Курдаштын көзү тийбесе,
Сени кудайым өзү сүйдүбейм!!!

Алтындан кемер курчаган,
Айланайын Абиңим,
Айдай бир жүзүң нур чалган,
Күмүштөн кемер курчанган,
Кагылайын күйөөрүм,
Күмүштөй жүзүң нур чалган.

Алтындан чапкан комузуң,
Ачасы кана дебейби.
Айланайын Абиңим
Асырап баккан балдардын,
Атасы каңа дебейби.
Кара бир манат көпчүктү,
Кайрып бир атка токуду.
Каалап бир алган жубайың,
Кадырың билбей өткөздү.



Кандай бир болуп кетти деп,
Камыгып ыйлайм эстесем.
Ичим бир күйөт жалын чок,
Басып бир жүрөм айлам жок.

Түк кирбейсиң түшүмө,
Түгөнбөс арман ичимде.
Түн ичинде баскыдай,
Душманың сенин бар беле?!

Жетимдер ыйлап күн көрөт,
Улак маарап суу ичет.
Кырчындай кезде мүрт кеткен,
Абиңим кантип күн көрөт!!!

Айыпкер пенде айтабыз,
Ажалы жетсе кантебиз.
Күнөөкөр пенде айтабыз,
Күнүбүз бүтсө кантебиз.

Айлансам Абиң жолборсум,
Жолуңду кудай оңдосун.
Душманың болсо кол салган,
Эки дүйнөдө оңбосун!

Алла кылса айла жок,
Айласыз каниет кылабыз.
Аркаңда калган эжеңдер,
Арманың айтып жүрөрбүз.

Үшүгүр дейм ушуга,
Көрүп бир жүрөөр кумарга.
Көкүрөккө тумарга

Жалал-Абадская областная библиотека

Атыңды алып жүрөөргө,
Уул-кыз калды артыңда.

Таңга маал сайраган,
Булбулдун үнү минайим.
Барганыңа жараша,
Бейишиң болсун ылайым.

*1998-жыл. 10.19*

## 54 ЖАШЫНДА АКБАРАЛИГЕ АЙТЫЛГАН КОШОКТОР

Аттиң бир өлүм бей даба,
Табылбайт экен эч даба.
Кайрыдык талдын паркинан,
Кайгырдык өлүм дартынан.
Сыдырдык талдын паркинан,
Сыздадык өлүм дартынан.
Аргымак атың бар беле,
Аягынан шал беле!
Алтымыш жашты жашабай,
Анчалык шашып баргыдай.
Сенин шашылыш ишиң бар беле?..
Төөбурчак атың бар беле,
Тумшугунан шал беле.
Тойлорун көрбөй балаңдын,
Томсортуп эрте кеткидей,
Сенин тополоң ишиң бар беле?!

Жаным бирге дечү элем,
Айлананайын күйөрүм,
Жаным башка турбайбы.



Токойлуу жердин булбулу,
Айлансам Акым күйөрүм
Тобунан чыккан туйгунум.
Эң кейиш жердин булбулу,
Айлансам Акым күйөрүм –
Элинен чыккан туйгунум.

Катуу ирик иш түшсө,
Кайратым Акым дечү элем.
Башыма не бир иш түшсө,
Белдерим Акым дечү элем.
Ай караңгы түн болсо,
Жарыгым Акым дечү элем.
Тунжурап өзүм калганда,
Таң эрте тийген түн элең.

Сагызган учат сай менен,
Соодагер жүрөт мал менен.
Санаңды тарткан мен эжең,
Сагынып ыйлайм эстесем.

Кекилик оттойт кыр менен,
Кербендер жүрөт мал менен.
Кейишиң тарткан мен эжең,
Кумарың эстеп күн көрөм.

Күрөбөс жайлоо жайлаган,
Кыргоолду жайлоо жайлаган.
Калпакты кийген кайран баш,
Караңгы жерде жаткандыр.

Суусамыр жайлоо жайлаган,
Суурду түлкү баскандыр.

Жалал-Абадская областная библиотека

Суусарды кийген кайран баш,
Суук бир жерде жаткандыр.

Аяктай таштын түбүндөгү,
Алтының калды айтылбай.
Айлансам Акым белдерим,
Алыскы жерден жан берип,
Арманың калды айтылбай.

Күрөктөй таштын түрүндө,
Күмүшүң калды ачылбай.
Кагылайын күйөрүм,
Күнчүлүк жерден жан берип, –
Күйүтүң калды айтылбай.

Абдесте менен кумгандыр,
Кумгандын суусу тунгандыр.
Күйөрүм эжем келет деп,
Айласыз көзүн жумгандыр.

Ак чыбыктай шың этип,
Сынганыңды көрбөдүм.
Айлансам Акым күйөрүм,
Ак кептердей тырп этип,
Учканыңды көрбөдүм.

Кургабайт жолдун баткагы,
Кулптанбайт көлдүн капкагы.
Кыйла жыл узап кетсе да,
Кумарың.эстеп күн сайын
Кургабайт жаштын акканы.

Ачылбас көлдүн капкагы,
Арыбас жолдун баткагы.



Арадан жылдар өтсө да,
Арманың айтып ай сайын,
Арыбас жаштын акканы.

Төгүлгөн аяк толбостур,
Жүрөгүм Акым дечү элем,
Жалынып тууган кылсам да,
Балдарың сендей болбостур.
Чайпалган аяк толбостур,
Чагылгандай жан боорум –
Чакырып тууган кылсам да,
Балдарың сендей болбостур.

Жаткан бир жериң жапырмак,
Жанымдай көргөн күйөрүм.
Эми башыңа күйсүн шам чырак.

Ай тие турган жагыңа,
Ак кайың чыксын чытырлап.
Алдыңда кеткен күйөрүң,
Акы акем келип калды деп,
Алдыңдан чыксын утурлап.

Күн тие турган жагыңа,
Гүл кайыр чыксын чытырлап.
Көрбөй бир кеткен атакем,
Акымбай келип калды деп,
Күтүп алсын утурлап.

Ариет менен намыска,
Аёосуз күрөш жүргүзгөн.
Айлансам Акым күйөрүм,
Арстандай күчтүү шер элең.

Жалал-Абадская областная библиотека

Элимдин иши дегенде,
Илбирстей сүрүң бар эле.
Кагылсам Акым күйөрүм,
Кайратман күчтүү жан элең.

Жакшылык кылып адамга, –
Жамандык көрдүң заматта.
Капыстан түшүп душманга,
Көзүңдөн калдың ажырап.

Уккандар айтат аларга,
Адилет чындык жогунан
Ачылбай калды сырларың.
Зөөкүрлөр албай жазасын,
Ичиңде калды арманың.

Түндөсү учкан жарганат,
Канатын өзү жамынат.
Көзүңө аткан зөөкүрлөрдү,
Өзүңө кошуп ала жат.

Бычагымдын толтосу,
Жүрөгүмдүн ортосу.
Айлансам Акым күйөрүм,
Аркамда ээрчип жүрсөңчү.

Муз ээрибей суу кайда,
Күйөөрүм өзүң өткөн соң,
Мурдагыдай күн кайда.
Кар ээрибей суу кайда,
Кутманым Акым өткөн соң,
Кадимкидей күн кайда.



Кырдан бир шамал октолоор,
Бир борум өзү өткөн соң,
Кыялың мага жоктолоор.
Адырдан шамал октолоор,
Ар дайым ээрчип жүрчү элек,
Айланайын белдерим,
Акылың мага жоктолоор.

Алдың иниң май болсун,
Аркаңа калган балдарың
Айланайын күйөрүм –
Айтып бир жүргүс бай болсун.

## 69 ЖАШЫНДА БАШ ЭЭМ

Өзүң бир эккен бактарың,
Өсүп бир турат мөмөлөп.
Өзүңдөн калган балдарың,
Ыйлап бир турат зыркырап.

Түнөрүп жамгыр көп жааса,
Түндүгү бар үй жакшы.
Тобуңа не бир иш түшсө,
Түгөйүм өзү бар жакшы.

Карайып жамгыр көп жааса,
Капшыты бар үй жакшы.
Каттуу ирик иш түшсө –
Баш ээм өзү бар жакшы.

Күмүштөн сөйкө тагынып,
Күйөөм менен бир жүрүп.
Үлпөттөп баккан балдарын,
Үйүнү барам дечү эле.

Жалал-Абадская областная библиотека

Алтындан сөйкө тагынып,
Алганым менен бир жүрүп.
Ардактап баккан балдардын,
Айлына барам дечү эле.

Суусарды кийсең жарашкан,
Сулпатың элге жарашкан.
Сумсайып баса көчөдө,
Сулуулар сени карашкан.

Кара атты минсең жарашкан,
Кадырың элге жарашкан.
Көчөдө жүрсөң бастырып,
Көп адам сага жанашкан.

Алла эгем бизден аябай,
Тартуусун берди белендеп.
Уул үйлөп кыз берип,
Дасторкон жайдык кенендеп.

Кара бир манат көпчүктү,
Кайрып бир атка токудук.
Кадырман жерден кыз алып,
Кудаке болуп олтурдук.

Кызыл бир манат көпчүктү,
Кыйыбынан токудук.
Нускалуу жерге кыз берип,
Кан куда болуп олтурдук.

Уул үйлөп кыз берип,
Көп болбосо азыраак.
Үшүгүр дейм ушуга,
Урмат сыйды бир көрдүк.



Түн ичинде жойлогон,
Түлкүнүн колу сөгүлсүн.
Түн ичинде келип кет,
Түңүлгөн балдар сүйүнсүн.

Караңгыда жойлогон,
Карышкыр колу сөгүлсүн.
Кабар алып келип кет,
Кайгырган балдар сүйүнсүн!

Тууганга тирек тоо элең,
Турмушка тыңдуу жан элең.
Өзүңдөн калган балдарга,
Аска бир тоодой бел элең.

Ак боз ат союп ашыңа,
Эстелик коёт башыңа.
Ариет кылат балдарың,
Аллага жоктур арманың.

Кыйкырып үнүн созушуп,
Зыйнатың кылат кыздарың.
Куранды окуйт балдарың,
Кудайга жоктур арманың.

Көкөлөп учкан ылаачын,
Күнгө бир тосот канатын.
Ардактап баккан уул-кызың,
Көрбөй бир кеттиң ыраатын.

Жар чакырып жалпыга,
Салт оюнун ойнотуп.
Ыйык перзент небереге,
Той беремин дечү элең.

Жалал-Абадская областная библиотека

Узак жыл ооруп калганың,
Ой санааңа жетпедиң.
Жашаган жарык дүйнөдө –
Ушул бир болду арманың!

Алаканың керип жат,
Түгөйлөшүм Манабым.
Аркаңда калган балдарга,
Ак батаңды берип жат.

## СОГУШ УБАГЫНДАГЫ ЭЛ АРАСЫНДАГЫ АЙЫЛДАГЫ ООЗЕКИ ЫРЛАР

Басса-турса көпчүлүк,
Ыр ырдашып күү чертет.
Обонун созуп туш-туштан,
Токойду муңга бөлөшөт.

Кеткендер аман келсе экен,
Германды совет жеңсе экен.
Бейпилдик болуп эмгекчи эл –
Тынчтыкта өмүр сүрсө экен.

Топ-топ бир учкан таранчы,
Тобуңду бузбай саначы.
Топ аскердин ичинде –
Менин атам барбы карачы...

Сап-саптан учкан таранчы,
Саныңды бузбай саначы.
Сандаган аскер ичинде,
Сүйгөнүм барбы карачы.



Кичине токмок, чоң токмок,
Машина жүрөт ойсоктоп.
Мен атамды эстесем,
Көзүмдөн жашым мончоктоп.

Ак зоонун башы шыргалаң,
Агарып бети кургаган.
Мен атамды эстесем, –
Арык бир койдой ыргалам.

Көк зоонун башы шыргалаң,
Көгөрүп бети кургаган.
Согушта атам эстесем, –
Көтөрөм койдой ыргалам.

Ай тийген теской тескейби,
Алтыным атам эстейби.
Алтыным атам эстесе, –
Айда бир келип кетпейби?!

Күн тийген теской тескейби,
Кутманым атам эстейби.
Кутманым атам эстесе, –
Күндө бир келип кетпейби?!

Ак топурак белде экен,
Аскердин жолу кайда экен.
Аскерде жүргөн атама, –
Барып бир келсем пайда экен.

Көк топурак кырда экен,
Фронттун жолу кайда экен.
Фронтто жүргөн атама –
Барып бир келсем пайда экен.

Жалал-Абадская областная библиотека

Жарга бир чыгып карасам,
Жалал-Абад шаары көрүнөт.
Мен атамы эстесем, –
Жамгырдай жашым төгүлөт.

Кырга бир чыгып карасам,
Кытайдын шаары көрүнөт.
Согушта атам эстесем, –
Кылгырып жашым төгүлөт.

Ак поезд келет кылтылдап,
Айнектери жылтылдап.
Мен атамды эстесем, –
Көзүмдөн жашым кылгырат.

Көк поезд келет кылтылдап,
Көп айнеги жылтылдап.
Мен атамды эстесем, –
Көзүмдөн жашым кылгырат.

Канаты жок поезди,
Кайрып жолго салдыңыз.
Калкыңыздан ажырап
Каякка барып калдыңыз?!

Тумшугу жок поезди,
Бууруп жолго салдыңыз.
Тууганыңдан ажырап,
Каякка барып калдыңыз?!

Көйнөгүм кызыл жакалуу,
Өтүгүм бийик такалуу.
Согушка кетип калдың деп –
Болбоңуз ата капалуу!!!



Комуз черткен колуңуз,
Көп эми кайыр болуңуз.
Келерки жылдын өзүндө,
Так ушерде болуңуз.

## БОЙ ЖЕТКЕН КЫЗДЫН ЫРЫ

Мен бир жүргөн тоо кийик,
Жете албайсың зоо бийик.
Мергенчи болсоң атып ал,
Түшөөрмүн балким ок тийип.

Кыргыздын көрдүм тоолорун,
Калама бийик зоолорун.
Кыялга батып чече албай,
Тагдырым кандай болоорун.

Сай боюнда татырап,
Ал эмне үчүн катыган.
Таалайым сени ойлосом –
Уктабай таңды атырам.

Шар агат суунун тунугу,
Так сүйлөйт куштун булбулу.
Ойнуңду коюп чыныңды айт,
Жигиттин болсоң туйгуну.

Жылдызын санап асмандын,
Жылдырып сага кат жаздым.
Жыл айланып баратат,
Жыргалын көрбөй жаш жандын.

Кыялай басып келесиң,
Кызыл гүл терип бересиң.

Жалал-Абадская областная библиотека

Унутпай мени жүрсүн деп,
Уктасам түшкө киресиң.

Түркстан сууну бойлогон,
Түлкүлөр ыргып ойногон.
Түбөлүгүм ойлосом,
Түн уйкумдан ойгоном.

Каринген суусун бойлогон,
Карышкыр ыргып ойногон.
Кадыркечим ойлосом,
Кан уйкумдан ойгоном.

Даныяры чоң коргон,
Дан айдаса болбогон.
Дастандарда бар бекен, –
Даныярмын деп кол койгон.

Айдар козу чоң коргон,
Айдаса ылаң толбогон.
Ак кагазда бар бекен –
Ашыкмын деп кол койгон.

Жай-Терек менен Бел-Терек,
Жакында келгин эртерээк.
Жакында эрте келбесең –
Каласың жолдо темселеп.

Сай боюнда каз турат,
Санааңды шайтан аздырат.
Санааңды бурсаң к,
Саргайтып сени ант урат.



Көл боюнда каз турат,
Көңүлүн шайтан аздырат.
Көңүлүң бурсаң башкага,
Көрүнө сени ант урат.

Олтурам тыттын түбүндө,
Ой курбум менден түңүлбө.
Оюбуз дайым бир болсо,
Жетебиз ойдун түбүнө.

Ийри арык менен Көтөрмө,
Ырыскы чачат өткөнгө.
Уяндык кылып айта албай,
Жаш өмүрүң өткөзбө.

Жигитти жигит дейт экен,
Жигиттин сөзү бек экен.
Айткан бир сөзгө бек турса,
Ошону жигит дейт экен.

Үркөр бир жылдыз асманда,
Үшкүрөм жалгыз басканда.
Ушерде болуп калсаңчы,
Үшкүртпөй кумар жазганча.

Ышкырамын чоң жолдо,
Ышкырсам келбейт болжолчо.
Ырыңды жаман сагындым,
Ышкыбоз элем ойнорчо.

Көкүрөктө бир жүрөк,
Көпкө кантип үлгүрөт.
Көрүнгөнгө талпынса,
Калбыр болот үлбүрөп.

Жалал-Абадская областная библиотека

Түндүк уюл муз деңиз,
Түбөлүк ойду эстеңиз.
Түбөлүк ойду эстебей,
Түңүлүп менден кетпеңиз.

## СЕЛКИЛЕРДИН ЫРЛАРЫ

Ай чыгат экен ороктой,
Айтсаң бир тишиң болоттой.
Азапка бизди не салдың,
Ай курбум бизди тоготпой.

Күн чыгат экен ороктой,
Күлсөң бир тишиң болоттой.
Күйүткө бизди не салдың,
Күн курбум мени тоготпой.

Кара бир костюм кара шым,
Чөнтөккө колду саласың.
Капыстан чыксам алдыңдан,
Көрмөксөн болуп каласың.

Карагай башка, тал башка,
Какшаган менен жан башка.
Кадырыңды мен санап,
Кашкайып күлбөйм башкага.

Босого башка тал башка,
Боздогон менен жан башка.
Борумуңду мен санап,
Бостоюп күлбөйм башкага.

Асман жердин ортосу,
Алты эле метр болсочу.



Алла эгем өзү бар болсо, –
Анттанкан жарды кошсочу.

Жаз-Жарым менен босого,
Жагымдуу чөптөр ошондо.
Сабыр кылып жүрө бер,
Жараткан эгем кошкончо.

Бул дүнүйө чын жалган,
Ойнобой күлбөй ким калган.
Ойнобой күлбөй калгансып,
Ушак бир кылат улгайган.

Капталдагы карагай,
Кай жакты көздөй ыкталат.
Өз башынан өткөндөр,
Эми бизге сынтагат.

Өкүнөсүң каласың,
Өткөндү кайдан табасың.
Өтүп бир кетсе жаш өмүр,
Карызга кимден аласың.

Асмандагы жылдызга,
Сунсаң бир жетпейт кол кыска.
Экинчи кайра келбейт ко,
Жаш өмүр колдон бир чыкса.

Көл-көл булак көл булак,
Көл булактын көзү экен.
Көрсөткөн жерге келбеген,
Көр буканын өзү экен.

Жалал-Абадская областная библиотека

Шар-шар булак шар булак,
Шар булактын көзү экен.
Шерттешкен жерге келбеген,
Шол буканын өзү экен.

Ким билет кимдин арманын,
Тара билет салмагын.
Өткөрүп коюп өмүрдү,
Артынан арман кылбагын.

Көпүрө талдын булагы,
Көз адамдын чырагы.
Көрмөйүнчө таркабайт,
Курусун жаштын ыраагы.

Сүйүү бир сүйүү дейт экен,
Сүйүү бир жанды жейт экен.
Сүйгөнүнө жетпесе,
Сүйрөлгөн байкуш дейт экен.

Биринчи колум бармагым,
Бирге окубай калганым.
Бир партада отуруп,
Бирге билим албадым.

О тамгасы тегерек,
Окуудан башка не керек.
Ойдогу сырды чечем деп,
Тынымсыз согот жаш жүрөк.

К тамгасы каткалаң,
Кат берип сизден кат алам.
Кадырың эске түшкөндө,
Канткенде тынчып жай алам.



Үйүңө үйүм бет маңдай,
Үмүтүм үзбөйм эч кандай.
Үйүмө жаман көрүндүм,
Үгүттөп сени бузгандай.

Айлыңа айлым бет маңдай,
Айбыгып жүрөм айта албай.
Айлыма жаман көрүндүм,
Атайлап сени бузгандай.

Узун жол менен Чубама,
Ушундай беле убада.
Ушундай болсо убада,
Болбойт го элем убара.

Чынарлуу тоонун башында,
Чымчыктар сайрайт ташында.
Чын эле ашык мен болдум,
Чийилген сенин кашыңа.

Балбылдап жанган көзүңдөн,
Балдан да таттуу сөзүңдөн.
Баягы жерде кармабай,
Балалык өткөн өзүңдөн.

Кашың бир кара чийгендей,
Калемдин учу тийгендей.
Карай көз жалжал карындаш,
Кайрылып койчу ийменбей.

Жайнаган гүлдөй жадырап,
Жаштык кез али өтө элек.
Жыргалдуу күндө түбөлүк,
Куралы турмуш экөөлөп.

Жалал-Абадская областная библиотека

Күн бою жер басып,
Күүгүмгө чейин сырдашып.
Кайтарып козу келчү элек,
Кыр таштуу белди биз ашып.

Жер бети жашыл болгондо,
Желеге кулун толгондо.
Жылмая карап күлгөнүң,
Жашыруун сырды ойготту.

Ойлонуп жүрөм басканда,
Ойлорум кетет кап кайда.
Олтуруп алып кат жаздым,
Ышкынды терип кайтканда.

Беш жерде жети отуз беш,
Акын куш менен тилектеш.
Ушул бир жазган катымды,
Мазмунун окуп өзүң чеч.

Кат жазамын эскерме,
Кереге жолдуу дептерге.
Ким ойнобойт ким күлбөйт,
Кезеги келген кездерде.

Ак көйнөгүм жер чийет,
Айылда балдар көп жүрөт.
Акылга туура келбесе,
Ал балдарды ким сүйөт.

Көк көйнөк жер чиет,
Көчөдө балдар көп жүрөт.
Көңүлгө туура келбесе,
Көп балдарды ким сүйөт.



Чыйбаркуттан көрпөчөм,
Чыдабайм сени көрбөсөм.
Чын баркыңа жетээрмин,
Чын ажал жетип өлбөсөм.

## ҮРПҮЯ МАМАЖАНОВА

*Жеңемдин ыры*

Уулду бактым бөпөлөп,
Ойлорум ойго көкөлөп.
Уул кыз баккан ата-эне,
Урматын көрсүн экөөлөп.

Кызды бир бакты бөпөлөп,
Кыялым айга көкөлөп.
Кыздарды тапкан ата-эне,
Кызматын көрсүн экөөлөп.

Сексенге чыгып калсаң да,
Мен үчүн өзүң кичине.
Түбөлүккө жашайсың,
Жүрөгүмүн ичинде.

Карылык жетип күн бүтсө,
Ордолуу жайлар казылаар.
Ордолуу жайга мен жатсам,
Жайнаган көзүм жашылаар.

Сайраган тилим басылаар,
Бул кагазга жазылган.
Үрпүянын ыры экен,
Аллага айткан сыры экен.

*18.02. 2010-жыл.*

Жалал-Абадская областная библиотека

## УЧУРДУН ЭЛДИК ООЗЕКИ ЫРЛАРЫ, ОЙ ЫРГАКТАРЫ

Абалап учкан куш көрдүм,
Аскасы бийик зоо көрдүм.
Атамдын эрке кызы элем,
Апаке болуп өзгөрдүм.

Балалык күндү бактылуу,
Эркелеп жүрүп өткөздүм.
Алтындай болгон өмүрүм,
Балдарым үчүн өткөздүм.

Улуу ошол бастым энтелеп,
Уулду бактым жетелеп.
Урматтуу кары болсом дейм,
Уулумдун уулун жетелеп.

Кырга бир чыктым энтелеп,
Кызды бир бактым жетелеп.
Кымбаттуу кары болсом дейм,
Кызымдын кызын жетелеп.

Кыялай жолду басыпмын,
Кызматка күндө шашыпмын.
Кыялга албай өмүрдү,
Кырк жаштан өтүп кетипмин.

Эңкейиш жерди басыпмын,
Эмгекке күндө шашыпмын.
Элебей өткөн өмүрдү,
Элүүдөн алыс калыпмын.

Айлымдын чети аралык,
Ар дайым алга баралык.



Алтымыш жаштан ашсаң да,
Али да турат балалык.

Жашаган жерим аралык,
Жашоодо алга баралык.
Жетимиш жашка жетсем да,
Жүрөктө жашайт балалык.

Жашоого адам бир келет,
Чагылгандын отундай.
Ар кимден калсын жакшылык,
Урпактар улап калчудай.

Аман бир жүрсө алганың,
Акылдуу чыкса балдарың.
Турмуштан тапса өз ордун,
Ошондо болбойт арманың.

Жоогазын гүлүн издесем,
Жондордо өсөт турбайбы.
Жаштыгым кайда деп жүрсөм,
Уул кызга өткөн турбайбы.

Небере ээрчип ыйласа,
Көтөр деп мени кыйнаса.
Кыйнаса деле мейличи,
Уул-келин мени сыйласа.

Жээндер келип суранса,
«Энчи» – деп дайым кыйнаса.
Кыйнаса деле мейличи,
Кыз-күйөө бизди сыйласа.

Жалал-Абадская областная библиотека

Узундап көйнөк кийсем дейм,
Уулумдун барып үйүнө.
Урмат сыйын бир көрүп,
Чоң эне болуп жүрсөм дейм.

Кыйма бир жака кием дейм,
Кызымдын барып үйүнө.
Кызмат сыйын тең көрүп,
Таене болуп жүрсөм дейм.

Өмүрдүн бакшы мезгилин,
Үзүрлүү эмгек өтөпмүн.
Алла эгем берген перзентти,
Алпештеп багып өстүрдүм.

Шүгүр деймин Аллага,
Айылдан барсам балдарга.
Ыйык перзент небреге,
Талашка түшөм тегеле.

Оозумду тиктеп карашат,
Ыр үйрөтүң жомок деп.
Жүз айтсам да жадабай,
Күндө айттырып угушат.

Кудайым берсе өмүрдү,
Жомок айтып жүрөйүн.
Балдарымдын балдарын,
Жетелеп дайым басайын.

Балдан таттуу сөздөрүн,
Уккан сайын сүйүнөм.
Кирдебесин көөнү деп,
Ар күн сайын тиленем.



Жаштарга берсин өмүрдү,
Карыга берсин ыйманды.
Кудайдын берген өмүрүн,
Үлгүлүү өмүр сүрөлү.

Жайлоо гүл элем жайкалган,
Жаш өткөн сайын картайган.
Картайсам деле мейличи,
Кайнене болдум балпайган.

Кыштоо гүл элем жайкалган,
Кыш өткөн сайын картайгам.
Улгайсам деле мейличи,
Чоң эне болдум балпайган.

Жалал-Абадская областная библиотека

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ТАРЫХЫНА КАЙРЫЛУУ

Кыргызым кылым тарыхы –
Кыйын кыр аштың
Кырчындай баатыр берендер,
Кылычын кармап эл коргоп,
Кыйкырып жоону качырдың.
Ынтымактыкка келе албай,
Мамлекет кура албай,
Адилетсиздик доордо
Барчындар дарга асылдың.
Кылымга жашап эл менен,
Курманжан чыккан элим деп.
Каныкей, Сайкал, Чыйырды,
Айчүрөк, Ажар, Күлсүн
Асыл заада аял зат –
Тарыхта калды мүнөзү.
Эгемен болоор бекен деп,
Эңсеп бир жүрдүң кыргыз эл.
Кытайга барып сүрүлүп,
Кайгыга баттың кыргыз эл.
Он жетинчи жылында,
Николай тактан жылмышкан.
Кеңешти куруп Ленин,
Кедейге устун тургузган. (Токтогул).
Кыргызыма Октябрдын таңы келди,
Жер, сууну телегейге тегиз берди.
Илим, маданият, искусство
Жактарынан тез өнүгө баштаганда,
Арадан ушак чыгып ак жеринен,
Барчындар! Сталинге караланды.
Куугунтуктап колун байлап артына,
Акталбастан көрүнбөдү калкына.



Тип тирүүлөй жерге көөмп койгонбу,
Катар тизип бычак менен сойгонбу?
Кайран гана эр азамат сырттандар,
Дареги жок, өз алдынан жок болду.
(К.Тыныстанов,Ж.Абдрахманов,Т.Айтматов,
А.Орозбеков, Жумаалы ж.б.)
Көрөңгөлүү кыргыз элим көөнөрбөс,
Өсүп жатты СССРге кошулуп.
Көрө албаган Гитлер чыгып батыштан,
Жин тийгендей басып кирди жапырып.
Көп улуттуу Совет эли бирдикте,
Жеңип чыгып кызыл тууну алып барып,
Орнотушту так Берлиндин өзүнө!
Кырчындай кыргыз жигиттер,
Эненин ак сүтү үчүн, Ала-Тоо,Мекен үчүн,
Согуштан кайтпай калды,
Бүгүнкү биздин бактыбыз үчүн!
Атап айтсак:
Ок төгүлүп душман келе жатканда
Боору менен сойлоп барып Чолпонбай,
Төшүн тосту ок жаадырган танкага.
Канча мезгил кылым өтүп жатса да,
Эр Чолпонбай жашап жатат алдыда.
1941-1945-жыл
Эмгегин элге тартуулап,
Кыйраган кыштак шаарды.
Танымсыз иштеп күч менен,
Курушту баштап кайталап.
Ала-Тоо ичи мол болду,
Кутман талаа дан болду.
Алдыңкы ишмер адамдар,
Эмгектин баатыры болду.
(Шерикулов Асан, Камбар

Жалал-Абадская областная библиотека

Өлмаскан, Атабекова Анакыз).
Маданият,искусство жагынан,
Өсүп-өнүп өркүндөдү баарынан.
Бирок,бирок өзгөрүүсү замандын,
Алып келди кайра куруу мезгилин.
Чолпону болуп жылдыздын,
Ленини болуп кыргыздын,
Эгемендүү өлкө деп,
Дүйнөнүн бардык элине –
Кен байлыктуу кыргыз эл
Экендигин билгиздиң.
Жол баштап туңгуч президент
Көп улуттуу элимди,
Акыйкат тынчтык жол менен,
Укуктуу кыргыз эл кылды.

## КӨЗ КАРАШ

Эгемендүү эл болуп,
Элибиз абдан сүйүндү.
Бел чигип бутка тура албай,
Ээн баштар көбөйдү
Жалаң эркек депутат,
Көп аялды алууга
Бир добуштан колдошту.
Көп аялды алууга,
Кудурети жеткен бар.
Көпчүлүк эркек аталар,
Базарга кууп аялын,
Казанын кийип башына,
Олтурат очок кашында.
Эркелетип маңдайынан сылабай,
Аткарбастан аталардын милдетин,



Арабызда асыранды көбөйдү.
Акыл калчап, ой жүгүртүп ойлочу –
Тип тирүүлөй жетимдерди көбөйтүп,
Наристеңди жалдыратып койбочу.

*02.02.2010-жыл*

## ЭКОЛОГИЯГА КАЙРЫЛУУ

Жапжашыл жайлоо аралап,
Туп-тунук кашка суулар бизден агат.
Баркталбай акыркы мезгилде,
Булганыч суу деген сөз таралат.
Алыста согуш токтосун,
АКШ огун атпасын.
Жан жаныбар өсүмдүктүн бардыгы –
Ууланган аба жутпасын.
Урпактар муну угуп ал,
Адамга берген жер сууну,
Этият менен сактап ал.
Эчендеген жылдар өтсө да,
Табихат берген тартууну –
Тазартып балдар коргоп ал.
Аары гүлдөн бал алат,
Жылан гүлдөн уу алат.
Асырай бил, сактай бил,
Ден соолугуң тазарат.

Жалал-Абадская областная библиотека

## ДАРЕКСИЗ ЖООКЕР БАЯНЫ

*(Жеңиштин 65 жылдыгына арнаймын)*

– Калбаев Султан бир үйдөн жалгыз. Анын Ашир деген апасы болот. Өктөм деген кызга сөйкө салат. Бирок Султан болуп койгон кызын, апасын согуштун айынан таштап кетет. Ал жакта учкучтун окуусунда окуйт.Ошондон кийин аэропорту бомбаланып, кайтыш болду деген каңшаар келет. Кайгынын айынан апасы сокур болуп, акыры кайтыш болот. Биздин Арстанбап айыл өкмөтүнө караштуу Бел-Терек аттуу чакан айылдан бардыгы болуп 54 киши согушка кетет. Анын ичинен тогуз бозулан (үйлөнө элек уландар) болот...Береги баян ошолордун бири Калыбайдын уулу Султан жөнүндө болмокчу.

Атадан калган жалгыз туяк,
Асырап эне өстүргөн күндө сылап.
Ал жетилип эми ишке жараганда,
Кудалап Өктөм кызга сөйкө салат.
Бой тартып боз улан болгон убак,
Эми гана чырымтал боло баштап.
Комсомолдун катарына жаңы кирип,
Өзү да Өктөм кызга сөзүн баштайт.
Тынч жаткан Совет элине,
Кутмандуу кенен жериме,
Батыштан Гитлер кол салат,
Уйкуда жаткан элиме.
Эчендеген эр азамат жигиттер,
Бут жөнөдү курал алып колуна.
Эл катары комсомолдун мүчөсү,
Карабаев Султан чыкты жолуна.
Майданга жөнөөр алдында,
Мурасын айтып ант берет.



«Мен баратам кан майданга согушка,
Мекенимден немисти куушка.
Душмандарга бастырбастан жеримди,
Майтарылбай мекен коргоп турушка.
Көп улуттуу совет эли бириги п,
Биз жеңебиз, кара күптү жоёбуз,
Кууп барып чегиндирип душманды,
Кызыл тууну Берлинге биз коёбуз!
Аман болсом кайта өзүм келемин,
Эмгек улап,үй-бүлөмдү кураармын.
Жалгыз апам аман жүрсө келгиче,
Ардактаймын башым жерге киргиче.
Ошентип армияга жөнөп кетти,
Көп узабай сүйүнүчтүү каты келди.
«Немистер күндөн күнгө жакындашат,
Октордү жамгыр сымал жаадырышат.
Биз болсо учактардын окуусуна,
Тынбастан үйрөнөбүз көккө учууга.»
Миң тогуз жүз кырк экинчи жылында,
Жин тийген фашист күчүндө,
Аэропортту бомбалап,
Жок болот Султан ошондо.
Кара кагаз келгенде,
Кайгырбаган эл калбайт.
Каруусу кеткен апаны,
Калың эл кармап калкалайт.
«Султаным келип калат», – деп,
Сары май, курут сактаган,
Кара кагаз келсе да,
Өлүмгө уулун кыйбаган.
Сагынганын туюнтуп,
Салаалап жашын куюлтуп.
Акыры көздөн айрылып,

Жалал-Абадская областная библиотека

Самаган ойго жетпеген,
Үзүлбөйт үмүт энеден...
Жер жүзүнүн баарында,
Эч качан согуш болбосун!
Жаш балдар жетим болбосун!
Аялдар жесир болбосун!
Кулунунан ажырап,
Куюулуп жашы токтобой
Энелер сокур болбосун!...

Биздин айылдан согушка аттанып, дайынсыз кеткен жоокерлердин аттары: Алимжан Калбедиева, Арапов Абдилла, Баймундузов Ибраим, Кашкарбай, Таткулов Абдилла, Турдуалы, Сооронов Зулпукар, Мазаң, Султан, Эргеш, Тиркеш, Уваали.

Кагазда калган аты жок,
Артында калган туяк жок.
Боз улан бойдон кетишти,
Эгип бир кеткен дарак жок.
Энчилеп кеткен жери жок,
Көкөлөп учуп жок болгон,
Комсомол бойдон октолгон.
Кабарсыз калган Султандай,
Кеткендердин тизмесин,
Жүрөккө жаштар сактап ал.
Бир айылдан ошончо,
Боз уландар дарексиз,
Кыргызстанда канча айыл бар,
Элестетип көргүлө,
Кеткендерди эскерип,
Куран окуй жүргүлө.
Ак, караны тең ылгап,
Ынтымак менен эмгектин,
Сыймыгы болуп жүргүлө.
Эгемен кыргыз элимди,
Өркүндөтүп өстүргүлө.



## ТУЛГАН ЖЕРДЕН БИР ЭЛЕС

Жаралган жерим Бел-Терек,
Жараткан берген энчилеп.
Төркүлөп барсам айылыма,
Үч жарым турат келчи деп.

Арстанбап токой ичинде,
Ак коён жүрчү жол жатат.
Арманы батпай ичине,
Айласыз пенде ыр жазат.

Кыр карлуу тоонун башында,
Кийиктер жүрчү жол жатат.
Күйүтү батпай ичине,
Күйгөндөн пенде ыр жазат.

Жайнаган гүлдүн баары бар,
Жапайы өскөн дарактын.
Жаңылбай тактап санасам,
Элүүдөн ашык түрү бар.

Жапжашыл аалам жараткан,
Жондорго чыгып карасам.
Жал ооруп карап тургансыйт,
Мөлтүрөп бышкан жемиш бак.

Өзөндүн тынчын салгандай,
Өзүнчө обон салгандай.
Карарттан баштап чогулуп,
«Булгандык» аттуу суусу бар.

Тегирмен куруп абалтан,
Тиричилик уланткан.

Жалал-Абадская областная библиотека

Толгон токой элдерге,
Ун тартышып тындырбай,
Нан менен камсыз кылышкан.

Коктудан ылдый ырдаган,
Туптунук булак шыркырайт.
Карт жаңгактар ийилип,
«Эс алып кет» дегенсийт.

Көлөкөлөп олтурсаң,
Атыр жыт аңкып жыт келет.
Мөмөлөр бышкан убакта,
«Терип же!» – деп кол сунат.

Ушундай жерден төрөлгөн,
Урматтуу жерге бөлөнгөн.
Жери семиз түшүм мол,
Кагылам Жапаш элимден.

Жаратылыш бардыгын,
Жан шерик деп ойлогон.
Көөдөнгө толгон сырларын,
Көркөмдөп кошо ырдаган.

Оюн күлкү шат менен,
Кызыган эмгек маалында
Уйкуда элим жатканда,
Капыстан душман кол салды...

Чакырылып жигиттер,
Күн сайын кетет аскерге.
Бул айылды өзүнөн,
1941–1945-жылдарда



Элүү төрт эр жигит,
Аттанып кетет согушка,
Тууган эл менен коштошуп.

## ЖООКЕРДИН СӨЗҮ КОШТОШКОН

Булбулу башка сайраган,
Булагы ыргып ташыган.
Жылгасынан суу аккан,
Жыгачынан май аккан.
Жеримди таштап мен бүгүн,
Согушка кетип баратам...
Жайнаган гүлдөй жадырап,
Жарым калды жадырап.
Жаңыдан тили чыга элек,
Жаш балам калды жалдырап.
Башынан ак кар кетпеген,
Бабаш-Атам сумсаят.
Батышты багындыргын деп,
Байтеректер үн берет.
Жолго бир чыксам аттанып,
Жеңиш менен келгин деп,
Жапайы өскөн дарактар,
Жал оорун мага дем берет.
Мекендеп жаткан токойду,
Жан жаныбар бардыгы –
Ийинден чыгып коштошту.
Түркүн куш сайрап кубулжуп,
Өзүнө тартат өткөндү.
Ушундай жерди бастырбай,
Кайтарамын душманды!
Кашыктай каным калгыча,
Кармашамын душманды!!!

Жалал-Абадская областная библиотека

Киндик кан тамган жеримди,
Коргоймун Ата Мекенди.

Кыянын жигит кырына,
Кылчайып карап коштошуп,
Кыялында ант берип,
Согушка кетти аттанып.

Кош айтайын ак чач апалар,
Ак батасын беришти.
Алган жары айласыз,
Кайыр кош деп узатты.

Азыгын берип колуна,
Коштошуп жоокер жолуна,
Балпайган кары аталар:
«Эркек бала төрөлсө
Ата Мекен жер үчүн,
Эли жерин коргоо үчүн төрөлөт»
Деп айтышып, Омийн – деп
Узатышты вокзалдан.

## ЖООКЕРДИН КАТЫ

Ак кар кетпес башынан,
Ала-Тоом аман бар бекен?!
Жан-жаныбар мекени,
Токоюм аман бар бекен?!

Оргуштап чыккан таштардан,
Булактар аман бар бекен.
Улуу бир тоодон сайраган,
Уларлар аман бар бекен.



Тырыш баскан бетине,
Апам аман бар бекен.
Кайраттан тайба балам деп,
Узатып калдың вокзалдан,
Атам аман бар бекен?!

Сулуулардын ичинен,
Тандап алган баш кошуп,
Балдарымдын апасы –
Жарым аман бар бекен?!

Булдурап чала сүйлөгөн,
Кенже уулум аман бар бекен?!
Алдымдан чыгып аталап,
Жарпымды жазган эркелеп,
Үйдө калган беш балам,
Бардыгы аман бар бекен (Мамажан).

Күн сайын немис жакындайт,
Жамгырдай окту жаадырат.
Окоптун ичи кызыл кан,
Арыкта суудай ачылат.

Ан сайын Совет жоокерлер,
Кармашып жүрүп жан берет.
Жалтанбай алга! Ураалап,
Тирүүлөр алга тирелет.
Беттешээрде душманга,
Жаралган жерим Арстанбап –
Бабаш ата дем берет.

Окко учсам капыстан,
Окопто калам көз жумуп.

Жалал-Абадская областная библиотека

Кайтыш болду көп жоокер,
Топурак канга жуулуп.
Дарексиз калды көп жоокер,
Ошолордун биринен,
Кат кабар барбай калганда,
Барчыным өлдү деп билгин.

## ЖООКЕРДИН СӨЗҮ

«Согуштан кайтпай калдым,
Энемдин ак сүтү үчүн.
Элимдин бактысы үчүн.
Атайын кооз Арстанбап,
Ата Мекен жерим үчүн».
Мөлтүрөп жашың төкпөгөн,
Талаада эмгек калбасын.
Күн-түнү элим эмгектен,
Жеңилип Совет калбасын!
Кат келсе окуп чогулуп,
Энелер ыйлап зыркырайт.
Чыт курсак балдар шерденип,
Күн-түндөп эмгектенишет.
Бир даана данды калтырбай,
Жабылып машак теришет.
«Жеңиш үчүн фронт үчүн» –
деген ураан алдында.
Жылдын бардык мезгилин
Эмгек менен күзөтөт.
Басса-турса көпчүлүк,
Ыр ырдашып, күү чертип,
Обонун созуп туш туштан,
Токойду муңга бөлөшөт.
Топ- топ бир учкан таранчы,



Тобуңду бузбай саначы.
Топ аскердин ичинде,
Менин атам барбы карачы.

Сап-саптан учкан таранчы,
Саныңды бузбай саначы.
Сан аскердин ичинде,
Сүйгөнүм барбы карачы.

Кичине токмок, чоң токмок,
Машина жүрөт ойсоктоп.
Мен атамды эстесем,
Көзүмдөн жашым мончоктоп.

## ТОКТОСУН АКЕМ

«Ак поезд келет кылкылдап,
Айнектери жылтылдап.
Мен атамды эстесем,
Көзүмдөн жашым мончоктоп.

Көп поезд келет кылтылдап,
Көп айнеги жылтылдап.
Мен атамды эстесем,
Күзөмдөн жашым кылгырат».

## САЛАМАТ ЭЖЕМ

«Өтүгүм бийик такалуу,
Кийгеним кызыл жакалуу.
Согушка кетип калды деп,
Болбогун ата капалуу.

Жалал-Абадская областная библиотека

Комуз черткен колуңуз,
Кош эми кайыр болуңуз.
Келерки жылдын өзүндө,
Так ушерге келиңиз».

## ГҮЛПАР ЭЖЕМ

Маңдайдан сылап кош айтып,
Согушка кеттиң аттанып.
Берлинге илип кызыл туу,
Жеңиштүү келгин даңктанып.

Чегинди немис дегенде,
Чындашып элдер сүйүндү.
Чымыркаңып иштетип,
Ченебей данды жөнөттү.
Элимдин болуп бактысы,
Кайратман биздин жоокерлер.
Берлинге кирип барышкан.
Аёосуз күрөш жүргүзүп,
Кызыл тууну илишти.

## 1945-ЖЫЛ 9-МАЙ КҮНҮНДӨ

«Жеңиш» күнү ушул деп,
Сталин шаңдуу сүйлөдү.
Канчалаган жигиттер,
Кайтпай бир калды согуштан.
Канчалаган ата-энелер,
Канча жыл күттү келет – деп,
Сарымай, курут сактады.
Сандыгын такыр ачпады,
Кудайы кылам келсе деп.



Куйруктуу козу байлады.
Күткөнү келбей согуштан,
Жадабай күтүп карышкан.
Каруусу келбей калгыча,
Кара ажал жетип алгыча
Каргышын айтып согушка,
Кеп кеңеш айтып жаштарга,
Калкымдын коргоп бактысын,
Кайтпай бир калды уулум деп,
Какшанып айтып жүрүштү.
Кай жерде уулум калды деп,
Каякка башын койду деп,
Камыгып кайгы тартышып,
Кетишти алар көз жумуп.

Үйлөнүп, согушка кетип, келбей калгандардын саны 15.
Үйлөнбөй, комсомол боюнча кеткен дайынсыз жаш жоокерлердин саны 11.

Бейпилдик келди элиме,
Береке кирди жериме.
Бел байлап келген жоокерлер,
Тынчтыкта өмүр сүрүштү.
Кырманы толуп буудайга,
Канчалаган жетимдин,
Ыйы жетип кудайга –
Уул кыз жетти убайга.
Тыңданып эмгектенишип,
Көкүрөк сырын жазышып,
Канчалаган кыз жигит,
Үй-бүлө курду ээрчишип.
Тынымсыз эмгек кайнады,
Элимдин болуп көөнү шат.

Жалал-Абадская областная библиотека

Төрт түлүк малын тең кармап,
Талааны көздөй айдады,
Майрам сайын жыйылып.
Улуу кичүү биригип,
Кан чыгарып түлөлөп.
Кайтпай калган жоокерлерге,
Кастарлап куран окушат.
Калгандар аман болсун – деп,
Кайраттуу бата кылышат.

Согуштан кийин элине келип, эмгектенип, элдин экономикасына, элдин турмушун оңдоого салымын кошуп, өмүрүнүн акырына чейин эл менен болушту. Алардын саны 27.

Согуштап келген аталар,
Ар түрдүү кесип ээси бар.
Белсенип иштеп эл менен,
Бейпилдик заман курушкан.
Керилип кетмен чабышып,
Эгиндин баарын эгишип,
Кол орок менен орушуп.
Күрөктөп данын алышып,
Техникасы жок эле,
Кампасы толо дан эле,
Короосу толо мал эле.
Адырда эмгек маалында
Алым сабак айтышып,
Ыр ырдамай шарт эле.
Түн токойду жаңыртып,
Ырдап жүрчү салт эле.
Сизилик менен бизилик,
Олтурдук бүгүн тизилип.



Кандай бир курган немесиң,
Сүйлөбөйсүң сүзүлүп.
Кашың бир кара чийгендей,
Калемдин учу тийгендей.
Карайсыз жал-жал карындаш,
Кайрылып койчу ийменбей.
Балбылдап жанган көзүңдөн,
Балдан да таттуу сөзүңдөн.
Баягы жерде кармабай,
Балалык өткөн өзүмдөн.
Ыр менен адыр токойдон,
Шаңдуу бир үндөр чыкчу эле.
Эмгек менен эс алып,
Үзүрлүү эмгектенчү эле.
Белестер жашыл болгондо,
Токойго куштар келгенде,
Түшүмүн жыйнап терүүгө,
Уруксат чоңдор бергенде.
Чоң жаңгакка селкинчек,
Салып койчу салт эле.
Кезектеп жаштар турушуп,
Күүлөнүп көккө уччу эле...
Уй мүйүз болуп олтуруп,
Кезектешип ыр ырдап
Комузун колго алышып,
Күү чертип черин жазчу экен.
Айыл-айыл бөлүнүп,
«Ыр кесе» баштап алышып,
«Кара коюм дүмпүлдөк»,
«Шакек салмак» Ак чөлмөк
Оюндун баарын ойношуп,
Кечинде үйгө кайтчу эле.
Алакандай айылымдан,

Жалал-Абадская областная библиотека

Алдынкылар көп экен,
Октябрь нуру эң алгач
Айылыма тийген өңдөнөт.
Аялдардан биринчи –
Калыгулова Күлүша эже.
Калдыгач болуп борбордон,
Билим алып эжебиз
Он төрт, он беш жашында
Москвада жаштардын
Сьездине катышкан.
1940-жылдан берилеп,
Эл менен иштеп талыкпай,
Бүт өмүрүн арнаган.
Санжыралуу элимдин,
Согуштан келип элине,
Эмгектенип жан үрөп.

Искендер, Зикир, Паяз, Курманали, Кулмаш, Асран, Мырзаали, Анаркул, Темир, Зулкаары, Арин, Конокбай, Мадали, Эргешбай, Исак, Алмамат, Кавлан, Курманбай,

Өмүрали, Казакбай, Мамаали,
Өрт алган согуш маалында.
Балапан бала чагында,
Жанчык айдап жан тынбай,
Машак терип дан жыйнап,
«Фронт үчүн, жеңиш үчүн», –
деген ураан алдында,
Дан жөнөткөн батышка.
Өмүрдүн жолу ушу экен,
Өтүп кетишти көз жумуп.

Кимсан, Мажит, Асилбек, Узакбай, Нышанбай, Касымбай, Шамши, Райимбек, Маматкул, Айдар, Абдилла, Макамбай, Сатыбалды, Арстан, Чоңду.



Улуунун ишин улаган,
Уул-кыз чыкты айылдан.
Ар түрдүү кесип ээлери –
Туруктуу диплом колунда.
Жашоого келип жарк этип,
Эмгектенип эл менен.
60 жашка чыкпастан,
Эртерээк өттү дүйнөдөн.

Жумабай, Турдумат, Турсунали, Өскөнбай, Акпарали,
Кошматбек, Үрүстөм, Сапарбай,
Айлыма барсам аралап –
Ардагер тылдын адамы...
Азайып бара жаткансыйт,
Ак сакалын кулпунтуп.
Акылман сөзүн айтышып,
Ар дайым барып мечитке,
Ыйманга үндөйт жаштарды.
Үзүрүн көрүп эмгектин,
Эс алууда жүрүшөт.

Сатаркул агай, Шаами, Ысман, Ибраим, Мамиш, Сатыбалды, Айти, Мааданбек, Максытали, Матай, Аттокур, Иса, Бекиш, Акмат, Бейшембе, Аскар, Акматали, Кишим, Мастан, Аптоокан, Катча, Шарапат.

Кийинки калган муундар –
Түш тарапта жүрүшөт.
Билимдин түшүп жолуна,
Кыргыз элим, жерим деп,
Өмүрдүн кырчын убагын,
Арнаган эчен атуул,
Үзүрүн көрүп эмгектин,
Жабылып иштеп жүрүшөт.

Жалал-Абадская областная библиотека

## КОШМАТБЕККЕ

*(Атадан 4 жашында жетим калган иниме)*

Атадан калган туяк деп,
Асырап сени өстүргөн.
Абам менен чоң апам,
Алкоосун айтып эчен жыл,
Асманда айга теңеген.
Ал жылдар өттү алыстап,
Мезгилиң өзү калыстап.
Үшүгүр дейбиз баарыбыз,
Уул кызды берди кудайым,
Мурасчы болдуң намыстап.
Өзүңө-өзүң бек болгун,
Мөмөңдү эстүү өстүргүн.
Өркөнүң өссүн эсен соо,
Уул үйлөп, кыз берип,
Элиңе ак той көп бергин.
Элиң бир сени колдосун.
Кудай ишиңди оңдосун.
Үзбөстөн куран окуп жүр,
Арбактар дайым жар болсун!
Суук көз такыр тийбесин.
Келин той сага кут болсун,
Ырыс кешиктүү иш болсун.
Көрө албас душман бар болсо,
Өз алдынан жок болсун.

*1992-жыл.13.03.*



## АТКАРДЫҢЫЗ АТАҢЫЗДЫН КАРЫЗЫН

*(Жумаалы болуштун уулу Калы акеге, кулакка тартылган)*

Ал мезгил өткөн эл менен,
Шамалдай соккон жел менен.
Ак жерден кара көөлөнүп,
Атаңыз кеткен элинен.
Кай жерде атам калды деп,
Канча бир жылдар күттүңүз.
Кай жерге башын койду деп,
Камыгып кайгы тарттыңыз.
Курулай кетпей оюңуз,
Кайра куруу шартында
Кумарын эстеп атанын,
Кайрылып жазып жогортон,
Акталган жообун алдыңыз.
Картайып калган учурда,
Эскерүү менен той берип,
Акыйкаттыгын эл баалап,
Мектепке атын койдуңуз.
Жумаалы мектеп аталып,
Жумурай журтка таанылды.
Ата Мекен жери менен эл үчүн,
Адамдыгы ай чыккандай билинди.
Аткардыңыз атаңыздын карызын,
Атуулдун аруу тунук парызын.
Сиздей уул көп чыкса экен элимен
Аруу тутуп ата-энenin намысын

*1998-жыл.10.06.*

Жалал-Абадская областная библиотека

## АБИҢИМЕ

*(Эскерүү иниме)*

Апамдан өзүң жаш калдың,
Балалык күндөн дак сакдың.
Өксүбөй өсө берсин деп,
Өз эркиңе тек койдук.
Өзөндөп бассаң саз бекен,
Өзүңдүн өксүктүгүң аз бекен.
Өзүңчү жатып жан берип,
Өрттөнгөн ичке чок бердиң.
Четен деп эксең тал бекен,
Сенин жетимдигиң аз бекен.
Жетилбей балдар жаш калды,
Атаганат арман ай,
Асырап баккан балдарың,
Алыскы жерде калган ай.
Туулуп өскөн айлыңда,
Турагың болсо не болмок?!
Өзүңдөн калган уул-кызың,
Айлыңда жүрсө не болмок.
Айласын таппайм кантейин,
Ашкерге болбой мүрт кеттиң.
Ажалдын кайдан келгенин,
Алигиче билбей издеймин.
Жашоонун көрбөй жыргалын,
Жолборстой жап жаш кезиңде,
Жөн эле жатып жан берип,
Жалынды салдың сезимге.
Күйүтүң батпай ичиме,
Киришиң тилейм түшүмө.
Кандай бир болуп өттү деп,
Кыйналып жүрөм күнүгө.



Арманым батпай ичиме,
Алладан сурайм түшүмө,
Ай талаада өлдү деп,
Ар кимден сурайм күнүгө.
Түк кирбедиң түшүмө,
Түгөнбөс арман ичимде,
Түн ичинде баскыдай,
Душманың сенин бар беле.
Эңкейиш тоонун боорунан,
Эликтер ойнойт үн салып,
Элиңде жүрсө балдарың,
Эзилбес элем мынчалык.

*1997-жыл. 17.10.*

## АКЕМЕ АРНАЙМ

*Матай акам 60 жашта*

Мүнөзү оор мээримиңиз башкача,
Бир тууганга тилегиңиз таптаза.
Ар бирибиз өз алдынча үй күтүп,
Тарап кеттик учкан куштай туш жакка.
Ата ордуна ата тутуп сүйөлү,
Бир мезгилде бир чогулуп жүрөлү.
Тууган урук, бүт баарыбыз тынч болуп.
Ынтымактуу урпактардан бололу.
Аке сизге айта турган бул сөзүм:
«Узун өмүр, ден соолукта болуңуз.
Дагы-дагы 60 жыл сиз жашап,
Урук-тууган муундарды ээрчитип,
Элибиздин берекесин көтөргөн
Аппак сакал аталардан болуңуз.

*23.11.91-жыл.*

Жалал-Абадская областная библиотека

## ЖОЛДОШУМА

Өрмө чачым өрүлүп кош тизилип,
Ак жүзүмү көрк кошкондур ошол чакта.
Тулку боюм түп-түз болуп жолдо бассам,
Топ жигиттер сүйлөгөндө далай албай,
Кобурашып калаар эле аста-аста.
Капысынан тузак салып камадың сен,
Олтуруп калганыма таң калам мен.
Наристе сезимимди ыйык тутуп,
Жашоонун кайыгында сызалык тең.
Бул жашоодо куп күрөштүк зерикпей,
Биз турмуштан жеңдирбедик жеңилбең.
«Үшүгүр» деп биз ыраазы бололу,
Ай мончоктой аппак уул, кызыл кыз,
Бизден чыкты бой тирешип билинбей.

*21.01.91-жыл (туулган күнүм).*

## САТКЫНГА МАЙРАМДЫК ЫР ДЕСТЕ

*(Врач Токтомуратовага)*

Саткын сенин токтоо мүнөзүңө арнагам,
Жүрөгүмөн кайнап чыккан арашан.
Каалообу же ыр дестеби сунайын,
Ой жүгүртүп анан өзүң кабыл ал.
Жөп-жөнөкөй мамиледе мүнөзүң,
Күн-түн дебей адам үчүн жүрөсүң.
Кайсы мезгил кайсы убакта болсо да,
Көз көрбөгөн ажал менен күрөшүп,
Адамзаттын ден соолугун түзөйсүң.
Насип кылсын ушул сенин кесибиң,
Узун өмүр, ден соолукта болгунуң.



Чын жүрөктөн алкышымды айтамын.
Балдарыңды тарбиялап өстүрүп,
Бүт ааламга иши менен таанылып,
Бактылуу баатыр врач болгунуң.

*1998-жыл.07.03.*

## СОНУМБҮ ЭЖЕМЕ

Дүйнөнүн окуп тарыхын,
Түбөлүк таптың азыгын.
Бир үйгө кирип бүлөсүң,
Бир үйдө өзүң энесиң.
Эки үйдүн өтөп түйшүгүн,
Эмгектен кадыр таапсың.
Эмгегиңдин ченеми,
Жетти окшойт чейрек кылымга –
Жемиштүү эмгек жолунда.
Жетелеп эчен жаштарды,
Жетилтип койдуң жолуна.
Сага айта турган бул сөзүм,
Ак эмгек таап кадырман,
Ардагер болдуң айылдан.
Дениң сак болуп ар жактан
Убайын көрүп көп жаша.
Сыйлыкка сыйлык көп келсин,
Сыймыгың сага кут болсун.
Катарлаш салынган үйлөрүң,
Кут береке неберege жык толсун.

*29.10.90-жыл*

Жалал-Абадская областная библиотека

## МЕНИН СҮЙГӨН ЭЖЕКЕМЕ РАХМАТ

*(Максыталиева Жибек эжекеге)*

Ал кезде биз, жаш секелек убакта,
Эже окуткан сабак берип тарыхтан.
Маркстын үч булагын аныктап,
Утопистер, социолог булар деп,
Ажыратып жүрөгүмө жеткизген
Идеясын катуу тутуп темирдей,
Тарбиялап билим берди зерикпей.
Жумушта да, турмушта да үндөдү,
Көп адамга кеңеш айтып билинбей.
Кырк жылы кышы жаз дебей
Майтарылбас эрки менен чыдаган,
Ар кыл кесип үрөөнүнөн ааламга,
Акыл эсин жаш өмүрүн арнаган.
Менин сүйгөн эжекеме рахмат!

*17.02.99-жыл.*

## ЖАЙЛОШКО

*(Бүгүн добуш берет)*

Кызым, сага эмнени айткым келет,
Үч эле килограмм төрөлгөнсүң.
Үлпөттөп ак бешикке бөлөнгөнсүң,
Бүгүн сен гражданин катарында,
Бой жетип кызыл гүлдөй сулуу кызсың.
Алданба «алам» деген жигиттерге,
Алданба акак бермет жибектерге.
Ызаланып болоор-болбос сөздөр үчүн,
Тагдырыңды тобокелге салып кетпе.
Болоттой өз эркиңе бекем болгун,



Абийириңди алтындай таза туткун.
Апасы кайсыл эле дедирбестен,
Туруктуу акыйкатчыл кыргыздын,
Таланттуу маалыматтуу кызы болгун!

*17.04.1988-жыл.*

## КЕЛИН ТОЙ СИЗГЕ КУТ БОЛСУН!»

*(Зикир абама арноо)*

Он бештен он алтыга келген кезде,
Ийри-Арыкта орок оруп жүргөн эле,
Батыштан кандуу согуш жүргөн чакта,
Чакыруу кагаз тийди кеч убакта.
Аны алып түн ичинде жапа жалгыз,
Келдиңиз апаңыздын маңдайына.
Зуура энем жол азыгын камдап алып,
Көзүнө толуп-ташып жашы агып,
Узатты эл катары кан майданга!
Энекем таң саардан суугa барып,
Тилегин зар-зар айтып муңун айтып,
«Көптү сакта» көп катары жаратканым,
«Эркемди» эл катары аны сакта, –
Деп айтып, намаз окуп теспе тартып.
Тилеги орундалып энекемдин,
Эсен-соо сиз келдиңиз жеңиш менен.
Кубанып тилегине жетине албай,
Үйлөдү ошол жылы көп узабай.
Тагдырдын жолу тар экен.
Туяксыз далай жүрдүңүз.
Туугандын тутуп туягын,
Тарбиялап өстүрүп,
Дарыгер кылып койдуңуз.

Жалал-Абадская областная библиотека

Аны улап Айчүрөктөй кыз көрдүңүз.
Асманда күйүп турган нур көрдүңүз.
«Аллага шүгүр» – деп, келме айтып,
Азыр сиз алты уул, кызга атасыз.
Сиз эмес бүткүл саяк эл сүйүндү,
Азыркы келин тойго сиз жеттиңиз.
Келин той сизге кут болсун!
Ырыс кешиктүү иш болсун!
Ак жоолук салган бүлөңөр,
Акылман айкөл жан болсун!

## ҮСӨН СЫДЫКОВ

Сенектик доор кезинде,
Сенейип тоңгон мезгилде,
Тунжурап элдер иштебей,
Туюкта жүргөн сүрүлүп,
Ү. Сыдыков келген эсимде.
Жетекчи болуп келгенде,
Темирдей тартип кармаган.
Бош басаар койбой көчөгө,
Талааны көздөй айдаган.
Кысыр аңыз жер койбой,
Кум таштуу талаа сай койбой,
Жашылдатып көктөтүп,
Жандандырды ойлонбой.
Жер эненин Сыдыков,
Өз баласы экенсиз.
Барган бир жерин көктөткөн,
Иштерман айкөл экенсиз.
Сайдагы эккен дарагы,
Чынардай болуп жетилди.
Түркүн куш сайрап кубулжуп,



Өзүнө тартат өткөндү.
Учурдун атка минээри,
Коомдук мүлктөн коркпостон,
Өз пайдасын көздөгөн.
Деңгене эттей таланды.
Айта берсе арман көп.
Кайсы бирин айтабыз.
Куттуктайбыз баарыбыз,
Депутаттык укугун!
Ынтымак менен иш баштап,
Берекелүү жери деп,
Берешен кыргыз эли деп,
Бүт дүйнөгө таанылсын!

*20.02.1990-жыл.*

## ӨМҮРБЕК ТЕКЕБАЕВГЕ АРНАЙМЫН

Талапкер биздин Өмүрбек,
Таңкы чолпон жылдыздай,
Таанылып калды дүйнөгө,
Таластан чыккан Чыңгыздай.
Жөп жөнөкөй колхозчунун үйүнөн,
Өсүп чыктың кең Акмандын жеринен.
Акылмандык, билгичтигиң сезилет,
Ар бир айткан акыйкатчыл сөзүңдөн.
Канчалаган бут тосуулар көбөйдү,
Өз ордунан алды алдынан жоголду.
Изден тайбай өз оюңду айткандай,
Эми кыргыз эгемендүү эл болду.
Кыргыз элдин келечеги болот деп,
Көп улуттуу биздин элди багат деп,
Туңгуюкта, эмгекчи элиң турганда,
Бир добуштан депутатка көрсөттү,

Жалал-Абадская областная библиотека

Ачык жолду, адам үчүн табат деп,
Айыл жерден мугалимден баштаган.
Акыйкатчыл айтканынан кайтпаган,
Кичипейил, карапайым Өмүрбек.
Бүгүн мына «Ата Мекен» партиясын баштаган.
Бүт дүйнөгө Базаркондук Өмүрбек,
Ай чыккандай жер жүзүнө таанылды.
Адамзаттын келечеги балдардын,
Билимине, соолугуна көбүрөөк,
Көңүл бөлүп токтом кылып карагын.
Жаратканың кош колу менен колдосун,
Суук көздүү көрө албаган оңбосун.
Кызыр Ата оң жагыңда бир жүрүп,
Дайым сага узун өмүр жол берсин!

*30.03.1995-жыл.*

## С.ДАЛБАЕВГЕ АРНАЙМЫН

*(№17 мектептин атын койгондо)*

Мектепте роль аткарып,
Мекенге кеткен даңкыңыз.
Мектепти бүтүп аяктап,
Москвага кеттиңиз.
Ийгиликтүү аяктап
Бишкекке ишке кирдиңиз.
Ар түрдүү роль аткарып,
Алкышты алып жүрдүңүз.
Чейрек кылым талыкпай.
Кеменгер·Ленин ролун,
Аткаруу менен аке сиз,
Ааламга тегиз таанылып,
Асмандагы айга окшоп,



Кыргыздан чыккан Ленин деп,
Тарыхта калды атыңыз.
Акемдин айтсам иш жолун,
Таарынып жеңем жүрбөсүн.
Экөө бирдей тең иштеп,
Искусство майданын,
Аткарып далай ролду.
Атак даңк алуу оңойбу?!
Картайган кезде жеңекем,
Каныкейдин ролун
Кадимкидей аткарып,
Калкымдын жүгүн көтөрдү.
1000 жылдык Манас тоюнда,
Өз эли алтын бешиги
Ооган Талаа айылы,
Өзү окуган мектепке
Акенин аты коюлду.
Бул иштер сизге кут болсун!
Ырыс кешиктүү иш болсун!
Уул кыздын урмат сыйын көп көрүп,
Ыйык перзент неберени ээрчитип
Бул мектепке ар мезгилде келиңиз!
Улантуучу ушул мектеп жамааты,
Силерге айтам көңүл коюп уккула,
Арстанбаптын мөмө-жемиш багынан,
50 түрүн так эсептеп эккиле.
Мектепке эккен дарактар,
Саябан болуп жетилсин.
Түркүн куш сайрап кубулжуп,
Көргөндө көңүл сүйүнсүн!
Ар бириңдин ишиңерге ийгиликтер жаралсын!
Дени сак болуп бардыгың,
Талыкпай иштеп жүргүлө.

Жалал-Абадская областная библиотека

Жаш муундун бардыгы
Тарбия алып силерден,
Таланттуу адам жаралсын!

## ЭРМАМАТ КОЖАКМАТОВГО

Жакшы уул маңдайдагы жылдыз деп,
Элибиздин эзелтеден сөзү бар,
Кызматы кыр чокуда турса дагы,
Кыялы жөп-жөнөкөй жандан экен.
Өзгө бир жатка барабар,
Акылман айкөл жан экен.
Алдыңкы форист кеңешчи,
Кыргыз эл тааныйт карачы.
Аллага жагып мүнөзү,
Ата-энесин эскерип
Эл алдына аш берди.
Жол бербей элдер сүрүлүп,
Эл укмуштай көп келди.
Жупуну элдин тизмеси
Тактап алып жалпыга,
Жар чакырып кыйкырып,
Жылкыдан баштап баарына,
Жетелетип таратты.
Соопкерчилик иш үчүн,
Жардамым ушул болсун деп –
Доллардан баштап сомдорду
Ченебей элге таратты.
Өркөнүң өсө берсин деп,
«Оомийин» деп элдер тарады.
Ушундай уул төрөгөн
Урмат сыйга өстүргөн.
Кожокмат ата, Батма эне



Кандай бир жандар болду экен!
Көрө албас душман болбосун,
Кудай ишинди оңдосун!
Уулдан урмат кыздан сый,
Узак жашап көргүлө.
Кызыр ата арбактар колдосун,
Урпактарың урмат сыйга бөлөнсүн!
Чырпыктарың чынар болуп жетилип,
Иштеринде ийгиликтер көп болсун!
Кылымдардан кылдарга жеткидей,
Атың калсын тарыхтарда сакталып!

## ЖАЙЛООКАН КЫЗЫМА АРНАЙМЫН

«Турмуш деген түгөнбөгөн кармашуу,
Ким жеңилсе ошол адам бактысыз.
Сен турмуштун сыносунан кебелбей,
Майтарылбас эркиң менен чыдадың.
Үйдө эне, сыртта өзүң кызматта,
Түмөн турмуш татаалдыкты кечирип.
Эки тизгин бир чылбырды колго алып,
Айыл жерде, агартууда иштеп кетүү кыйын да.
Озуп чыктың райондук жарышта,
Изденүүдөн алга карай арышта.
Бар илимиң эмгегиңдин бардыгын,
Жаш муунду ыймандуулукка, акыйкатка багытта.
Текке кетпей эмгегиңдин үзүрүн,
Баалап сени сунуштаган жамаатың.
Адилетчил экендигиң байкадым,
Алыс жерден алкышымды айтамын.
Куттуу болсун алган сенин төш белгиң,
Алган жарың бала чакаң тынч болсун.
Эли журтуң, бүт жамаатың бар болуп,

Жалал-Абадская областная библиотека

Ишиңерде ийгиликтер жаралсын.
Кызыр ата, Умай эне жылоолоп,
Алла эгем дайым сени колдосун!
Көрө албаган кара ниет бар болсо,
Өз алдынан ордун таппай жок болсун!
Кызым, сага дагы эмне айткым келет,
Кыялданып жүрөк сырын төккүм келет.
Кудайдан күндө тилеп бата кылам,
Кыз узатып ак тойлорду элге берсе,
Кеңеш айтып маңдайында тургум келет.
(Алланын көзү түз болсун, апаң бетиңен өөп).

*Январь.2007-жыл.*

## КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН 2200 ЖЫЛДЫГЫНА

Эгемендүү болууну,
Эчен жылдар мурунтан.
Өз сөзүн ачык айта албай,
Бай манап менен күчтүүнүн,
Корунда жүрдү кыргыз эл.
Өз теңине жете албай,
Өз оюн ачык айта албай,
Зордукчу менен залимге,
Кор болуп жүрдүң кыргыз эл.
Ажар, Күлүүсүн сыяктуу,
Акмөөр сындуу сулуулар.
Каргышын айтып заманга,
Жан кыйды жырткыч колунда.
Калем кагаз кармабай,
Караңгы түрдө жүрсө да,
Кедейлик менен күн көрүп,
Кулдукта өмүр сүрсө да,



Өз оюн ачык бетке айтып,
Демократтын туңгучу,
Токтогул чыккан кыргыздан!

## КЕСИПТИК МАЙРАМ КУТ БОЛСУН!

*(Иним А.У.Мавлянкуловго арнаймын)*

Кесиптик майрам кут болсун!
Ырыс кешиктүү иш болсун!
Кызматка жаңы келипсиң,
Элиңдин чечип тагдырын.
Акыйкат тактык жараткан,
Адам укугун коргогон,
Ата-Журт тандап сындаган,
Адам болгун шер болгун,
Өз кесибиң сыйлаган.
Жакшы уул асмандагы жылдыз дейт,
Жакшы кыз жакадагы кундуз дейт,
Кыргыз элдин жүрөгүндө жашап келет түбөлүк,
Арстанбап аймагынан чыккан деп,
Атың чыксын Урайимдин уулу деп!
Канча жылдар эмгек өтөп элиңе,
Пайдаң тийсин жалпы кыргыз жерине,
Иштериңде ийгиликтер жаралып,
Орден-медаль тагына бер төшүңө.
Жаратканың сени дайым колдосун,
Кызыр ата дайым сени жылоолоп.
Бала-чакаң, алган жарың тең жашап,
Айлыбыздын берекесин көтөргөн,
Акем менен жеңемдердей чал болгун!

*01.11.2009-жыл.*

Жалал-Абадская областная библиотека

## ЭЛДИК ТОЛКУН

Толкуду бүгүн мына Талас эли,
Бийликти ошол күнү элге берди.
Кутмандуу кыргыз элдин бүт жаштары,
Кыйкырып ак үйгө көздөй кете берди.
Аткылап ок жаадырып атып турду,
Окко учуп боз уландар шейит кетти.
Кыргыздын келечегин эркиндигин,
Келээрки муундардын келечегин түзүп кетти.
Тагдырдын жазганы ушу экен деп,
Көңүл айтып там берип биз турабыз.
Алардын атын атап куран окуп,
Кыргыз эли олтурабыз аза күтүп.
Болбосун мындай шумдук эч убакта,
Эл журтум ынтымакты бекем сакта.
Кыргыздын тарыхында калып калды,
Бул күндү бардык элим эч унутпа!

*08.04.2010-жыл.*

## ТЕКШЕРҮҮЧҮГӨ

*(Болот Сатымкуловго)*

Мен чынында сизге эмнени айткым келет,
Эми өзүмдү мугалим деп сезгим келет.
Так текшерип таразалап койгонуна,
Чын жүрөктөн рахматымды айткым келет.
Мейли окуучум өкусунчу «3» менен,
Мен мектепке алып келген күч менен.
Окуучулар: бири малчы, бири врач, мугалим,
Түрдүү кесип үрөөнүнөн себемин.



Татаал түйшүк түн жашоодо турсам да,
Эртеңимдин жап жарыгын күтөмүн.
Текшерүүчү сизге айткан ак сөзүм;
Узак жашап, ден соолукта болуңуз.
Эл ичинде ак ниеттүү жүрүңүз,
Бир бечара эжекенин сөзү деп,
Мүмкүн болсо көңүлгө алып коюңуз.

*14.12.1990-жыл.*

## ПИКИРИҢИЗ КОШО ЖАШАЙТ ЖҮРӨКТӨ

*(Бишкектеги башталгыч класс кафедра башчысы Ж. Жарылдаева жана 1-класстын математика китебинин автору Ш. Жапаровго арнаймын)*

Атаганат тагдыр мени куушуруп,
Ак кептердей уча албадым көкөлөп.
Жаратылыш берген учкун таланты,
Кондурамын сабагыма түтүлөп.
Бирок кантем жөлөмөмдүн жогунан,
Мен жүрөмүн арсыздарга тепселип.
Намыс деген ысым ыйык турбайбы,
Максат менен изденүүдөн талбайлы.
Кээ биреө бар тар көкүрөк мактанчаак,
Так ошолор тамыр кесет турбайбы.
Мен рахмат, чын жүрөктөн айтамын,
Көңүлгө алып сабагыма баа берген,
Жамал эже Шайымбек агай сиздерге.
Жүрөгүмдөн чыккан сөздү айтамын.
Адамзат жашоо үчүн бир жаралат,
Эмгеги, кулк мүнөзү элде калат.
Сиздердин ак көңүлдөн айтканыңыз,
Мен жашасам канча жылдар ошончо,
Пикириңиз кошо жашайт көңүлдө.

*17.04.1990-жыл.*

## КУЛМАШОВ ТУРСУНАЛИГЕ АРНОО

Сабактан дайым беш алып,
Шайдот элең башыңан,
Ачык мүнөз жайдары,
Эрктүү элең жашыңдан.
Кыргыз эли дегенде,
Баш отуң менен турчу элең.
Өзгө бир жатка барабар,
Өзгөчө айкөл жан элең.
Капыстан ажал шап алды,
Арстандай жаның кармалды.
Күтүлбөгөн кайгыга,
Эл журтуң баары камалды.
Ошол бир күнкү муң-зарды,
Калың эл баары зарланды.
Жаратылыш кошо ыйлап,
Аралаш жамгыр кар жаады.
Эмгегиң калды элиңде,
Элесиң калды жериңде.
Эчен жыл узап кетсе да,
Тукебай түбөлүк калдың элиңде.

*26.04.2010-жыл.*

## ШВЕЦАРИЯ АГРОНОМУНА АРНОО

*(Эстер Хольдиманы «Каритес» фирмасынан.)*

Төгөрөктүн төрт бурчу,
Түгөлөй бирге болсо экен.
Тынчтыкта жашап дайыма,
Изилдеп илим тапса экен.
Жер энем тилейт дайыма,
Адамзат тынчтык жол менен.



Табийгат берген таттууну,
Изилдеп тапса кол менен.
Илимдин түшүп изине,
Алыскы Швед элинен.
Келипсиң кызым астейдил,
Ийгилик каалайм ишиңе.
Энелик сезим жүрөктөн.
Сенин да энең менчилеп,
Соолугуң тилеп жүргөндүр.
Эзилип санап күн сайын,
Эмгектен кадыр тапса деп,
Тилегин айтып жаткандыр.
Изилдөө ишиң көп болсун,
Дүйнөдө тынчтык бек болсун.
Дүйнөнүн эли чогулуп,
Курчап турган дүйнөнү,
Дайыма бирге коргосун.
Эстер кызым сага айткан ак сөзүм,
Узак-өмүр, ден соолукта жүргүнүң.
Түбөлүккө кыргыз-швед элине,
Ынтымактык, достук куруп бергиниң.
Бир жөнөкөй кыргыз кемпир сөзү деп,
Мүмкүн болсо көңүлгө алып койгунуң.

*18.06.1996-жыл.*

## СЫДЫКОВА АЙЗАДАГА АРНАЙМЫН

*(Могол айылдык китепканачысы)*

Айыл жерде китепкана башкарып,
Келе жатасың ар жыл сайын такшалып.
37 жылдын бардык мезгилин,
Басып өттүң өз кызматың аткарып.

Жалал-Абадская областная библиотека

Бир кызматта ушунча өмүр өткөрдүң,
Алгылыктуу иштериң бар, маданият жагынан.
Эл алдында сен аткарган жумушуң,
Опол тоодой орду бар деп айта алам.
Жаш муунга каарысына карабай,
Кычыраган кыш чилдеде жайда да,
Жалпы элдин, кирип ички дүйнөсүн,
Сен жүрөсүң эл катарын иликтеп.
Иштериңе ийгиликтер жаралсын,
Алла өзү түз көз менен карасын.
Ооган-Талаа айылынан чыккан деп,
Айзада атың ай чыккандай таанылсын.
Акыйкаттык, эгемендүү шартында,
Так төшүңө орден, медаль тагылсын!

*21.10.2009-жыл.*

## ДҮЙНӨЛҮК ХИРУРГДАРЫНЫН КОНГРЕССИНИН КАТЫШУУЧУ

*Абылкасымов Козубай Орозокуловичке арнаймын*

Абылкасымов Козубай 1958-жылы Арстанбап сельсоветине караштуу Дашман айылында карапайым жумушчунун үйүндө туулган. 4-классты бүтүп, 5-класстан баштап №17 азыркы Сатыбалды Далбаев атындагы орто мектептен 8-классты бүтөт. Көмөкчү мектеп – интернатында жашайт. 9- класстан баштап Көк-Жаңгак шаарына барып, агасы Мырзабектен тарбияланып, орто мектепти ошол шаардан бүтөт. Мектепти бүтөөрү менен Бишкектеги медициналык окуу жайына кирип, хирургия бөлүмүн бүтүп келип, Жалал- Абаддагы областтык ооруканада иштеп жүрүп, азыркы учурда Хирургия бөлүмүнүн башчысы медицина илиминин кандидаты деген жогорку даражага жетишти.



Бактылуу балалык күндөрүңдү,
Бактыңды, өмүрүңдү билемин.
Кубаныч батпай койнума,
Таржымалың дептериңе чийемин.
Көк тиреген Бабаш-Ата тоосу бар,
Ак мөңгүдөн агып түшкөн аппак тунук суусу бар.
Жапайы өскөн дарактын элүүдөн ашык түрү бар,
Жашыл аалам жаңгак токой ичинен,
Карапайым жумушчунун үйүнөн
Катарынан мырзалардын бириси –
Алла сүйгөн перзент экен Козубай.
Келиним сыркоолоп жатты эле төшөктө,
Бардык эле райондук врачка.
Диагнозун тактап берди хирург
«Тез дарылат өзүң сүйгөн врачка»
Деди дагы, жолдомону берди колго заматта.
Азирети Дөөт, Арстанбап ата колдо деп,
Облуска Козубайга жетип келдик заматта.
Кабыл алды анализин чыгарып,
Даярдады боорунан операция жасашка.
Колу жеңил, пейли жумшак жан экен,
Жөпжөнөкөй мамиледе мүнөздүү.
Күн-түн дебей адам зат деп жүрөгү,
Кайсы мезгил, кайсы убакта болсо да,
Көз көрбөгөн ажал менен кармашып,
Адам заттын ден соолугун түздөйсүң.
Конгресске катышканың укканда,
Мен кубанып, беттеше албай суктандым.
Туулуп өскөн жериң Арстанбаптай,
Кызматың таң калтырсын уккандардын.
Насип кылсын сенин сүйгөн кесибиң.
Узун өмүр, ден соолукта болгунуң,
Чын жүрөктөн тилегимди айтамын.

Жалал-Абадская областная библиотека

Эжемки деп туура кабыл алгының
Эли журтуң бала-чакаң тынч болуп,
Бүт ааламга элим менен таанылган
Бактылуу баатыр врач болгунуң.

*2003-жыл 26-сентябрь.*

## АЛЛАДАН АДИЛЕТТИ ТИЛЕЙ БЕРГИН

Эгемен болобуз деп эңсеп келдик,
Эчен кыр, эчен зоону ашып келдик.
Эл үчүн, чындык үчүн сүйлөгөндү,
Жактырбай үн чыгарбай басып койдук.
Эгемен элден болдук мына дедик,
Эстүүлүк менен жеңдик бүгүн дедик.
Эркинче бийлик алып үй-бүлөлүк,
Бийликти биз жактырбай кууп салдык,
Оңолот жаңы бийлик таза дедик.
Жактырып бүт бардыгыбыз добуш бердик.
Туугандашып, илик-жилик иликтешип,
Чердейген чиновниктин бүт бардыгы,
Бакиевчилердики болуп калдык.
Кыргыздын бабасынан калган байлык,
Суулары, кен байлык, токой жагы.
Таланып туш тарапка таратылды,
Жөнөкөй кыргыз элдин пайдасына,
Кымбаттап калк турмушу жакырланды.
Балдарга пособия төлөө жагы,
Ашыкча себептерди талап кылды.
Чыдабай иштсиз жүргөн жарды жаштар,
Бийликке туш тараптан каршы чыкты.
Ак үйдө туруп ок атылды элге карай,
Окко учту эр жигиттер сулай-сулай.
Биз үчүн түшүнүксүз ким атканы,



Кимдигин тактап алаар Алла кудай.
Ойлонтот эми кандай бийлик келет,
Болбосун! Чирип бүткөн «Бюрократ»
Аткарам чоңдор айтты ушуну деп,
Токтотсун! Маянадан топтомойду.
Эл деген адилетке чаңкап турат,
Чындыкка эл чыркырап күйүп турат.
Кыргыздын өз байлыгын ак пейили,
Түз турса турмуш шарты тез оңолот.
Ыймандуу, адилеттүү кыргыз элим,
Жаңы заман колго алган Кыргызстан
Ата Журт Мекенинди сактай билгин,
Алладан адилетти тилей бергин!

*10.04.2010-жыл.*

## КӨП УЛУТТУУ КЫРГЫЗСТАН БӨЛҮНБӨЙЛҮ

Көп улуттуу кыргыз элим бөлүнбөйлү,
Арадан улут бөлүк көрүнбөйлү.
Тагдырдын жазмышы ушул экен деп,
Башка улутка баш кошконду унутпайлы.
Бириңдин атаң өзбек, апаң кыргыз,
Адам ата жаралгандан биз билебиз.
Алардан пайда болгон наристелер,
Каякка кимге барып кошулабыз.
Биринин атасы өзбек, энеси орус,
Биринин энеси татар. атасы кыргыз.
Биринин атасы дунган, апасы кыргыз,
Биринин атасы тажик, энеси түрк.
Айтканга эсеп жетпейт улутчулук
Арадан кудай берген наристелер,
Кимге айтып, «Мен киммин» деп айта алабыз.
Эзелтен элибизде сыйынышкан

Жалал-Абадская областная библиотека

Алла Таала бизге берген мусулмандык
Өзүбүздөн өзүбүз чочубастан,
Бейпилдикте бейкуттукта биз жашайлы.
Биримдик кошуундарды кошуп алып,
Коргогун өз мекениң, Кыргызстанды –
Туулуп Ала-Тоодон тунук суудан,
Балапан болуп учкан Кыргызстан,
Көп улуттуу элбиз деп, мактанабыз.
Бул учурда эмне болуп баратабыз?
Байлыгы баштан ашкан чиновниктер, –
Бүлүк салып, элди бузуп, ырк кетирди.
Кагылыштан кан өлөт деген өңдүү
Канчалаган бей бечара өлүп жатат,
Кандарыбыз, байларыбыз баш калкалап,
Өлкөдөн качып кетти жанын сактап...
Эй, кагылайын Кыргызстан!
Ойлончу эртеңибиз эмне болот?
Байчечек гүлдөй ачкан жаш бөбөктөр,
Эмне деп кайсыл жакка ишенебиз...
Алданбай алдым жуттум адамдарга,
Адилет ыйманыңды таза сакта.
Ажайып кооз жерлер тунук суулар,
Азирети Дөөт атам Арстанбапта.
Көрө албас душмандарга алдырбайлы,
Өз элди, ыйык жерди бир сактайлы.
«Өздөн чыккан жат жаман,
Өзөктөн чыккан өрт жаман» –
Деген өңдүү сөздөргө күбө болбой,
Тынчтыкты, ынтымакты бир сактайлы!
Түпкү атаң энекеңдин ким экенин,
Эсти жыйып, ой жүгүртүп билип алгын!
Арам ой улутчулдук тили менен,
Энеңди кыргызсың деп кууп чыкпа.



Атаңа өзбексиң деп каяша айтпа,
Түндүк-түштүк кыргыз деп үй-бүлөңө,
Бекерден турмушуңа бүлүк салба!
Бөлүнбө Кыргызстан бөлүнбөгүн,
Төгөрөктүн төрт бурчуна көрүнбөгүн!
Гүлдөгөн эгемендүү Кыргызстан,
Жаңыча адилеттүү жашай бергин!
Адилеттүү заманыбыз болсо экен,
Эркине эгеменге жетсе экен.
Карапайым жумушчунун балдарынан
Ар түрдүү кесиптин ээси болуп,
Элине өз пайдасы тийсе экен!

## АРСТАНБАПТЫК ТУУГАНДАРГА

Дүйнөдө теңдеши жок тунук суулар,
Түбөлүк тунук бойдон ага берсин.
Азгырып ок даярдап атам деген,
Арам ой адамдарга каргыш тийсин!!!
Ушак айың сөз тараткан бузукуга,
Алла эгем өзү берсин өз жазасын.
Ойлонгун ак жоолукчан энекелер,
Эр жеткен эр азамат балдарыңа
Урушка курал берип ок аттырба.
Улуу эл, ыйык жердин урпагыбыз,
Эзелтен эриш аркак бир жашайбыз.
Кыз алышып, кыз беришип дос жар күтүп,
Азиз жерде бир жүрөбүз бир сыйынып.
Кандай гана кара мышык аралады,
Калк ичинде кыргыз-өзбек деген сөздү.
Калк ичинде кара ниет ким таратты?!
Колуна курал берип атасың деп,
Жол тосуп автоматты ким карматты?!

Жалал-Абадская областная библиотека

Айтылуу арсанбаптык эл болобуз,
Алыстан келген элдер суктанышкан.
Ынтымак ырыскылуу журт болобуз,
Ар дайым мейман келсе эшик ачык.
Түбөлүк биримдикти туугандыкты,
Алла эгем өзү берген мурас кылып.
Айтылуу Арстанбаптын эли жакшы,
Ыймандуу, намыскөйлүү пейли жакшы.
Алданба алдамчыга ушакчыга,
Алла эгем сурап алат бир убакта.
Болбосун эч убакта кан төгүлүү,
Болбосун эч убакта араздашуу.
Ак мөңгүдөн аппак суулар ага берсин,
Булбулдар бакта сайрап коно берсин.
Ынтымак достукта жашаган эл,
Сайрандап эркин жашап жүрө берсин!

*13.06.2010-жыл.*

## ОЙЛОН ЭЛИМ

Ойлон элим оюңду жакшыга бур,
Обу жок арам ойдон алыска тур.
Ойлонуп болот экен тополоң деп,
Элдерге бекеринен бүлүк салба.
Канчалаган кагылыштар болуп келген,
Эгемен болсо экен деп тилеп келген.
Базаркоргондук Мамырбектей баатырлар да
Аркандан сыйыртмакка жанын берген.
Эчендеген кыйыңдыкты басып келдик,
Көптөгөн кыргындардан өтүп келдик.
Миң деген Мекен үчүн сүйлөгөндү,
Күнөөлөп типтирүүлөй көмүп келдик.
Бул дагы кыйындыктын азабы го...



Айла жок сабыр кылып олтуралык.
Кай балээде бул көрүнүш бешенеде,
Жазымышты биз көрбөшкө айла жок.
Баарыбыз сабыр этип тынч жашайлы,
Көп улуттуу Кыргызстанды бир сактайлы!
Эй адамдар! Ойлонгула, ойгонгула!
Алпештеп баккан балаңды,
Адамга кол сал дебегин.
Аткылап өлтүр жок кыл деп,
Колуна курал бербегин.
Бириңе бириң кас болбой
Достошкун баарың деп койгун.
Улутчул арам санаага,
Убалы жетет Шейиттин.
Эртедир кечтир узатпайт.
Эл бузган канкор аткычты.
Эзилип элдин ичинде,
Күйүттө калды көп адам.
Каргашалуу күндөрдөн,
Көз жашы көлдөп сел болду.
Ынтымак Кыргызстанды,
Ырк кеткен жаман эл кылды.
Келечек үчүн үмүттү,
Жакшы жакка буралы.
Алладан тилеп тынчтыкты,
Эгемен күчтүү өлкө деп,
Алдыңкы элге кошолу!

*25.07.2010жыл.*

Жалал-Абадская областная библиотека

## АРМАН

*(Иним Акпаралиге арнаймын)*

Аттиң ай тагдырың деп кайрат бердим,
Жүрөгүм туз куйгандай сыздап жүрдүм.
Жараса чечекейим берет элем,
Сени таза жүрсө экен деп тилээр элем.
Кырчындай убагында капысынан,
Кабылдың жырткычтардын тузагына.
Жайнаган чырагыңды жалгыз кылды,
Айбандар сен жакшылык кылганыңда.
Көп адамдын кайдыгерлик мүнөзүнө,
Сайрандап эркин жүрөр ал айбандар.
Акыйкат тактыкка да мезгил жетип,
Азабын тартышса экен ал айбандар.
Адамдар адамча өтсө болбойт бекен,
Өксүтүп майып кылып койбосо экен.
Алың кайтып, каарый түшкөн кездериңде,
Өзүңдүн чүрпөлөрүң маңдайыңда,
Ылайым таза болуп жүрсөң экен.

Ушул арноомду Базар-Коргон райондук прокуратурасынын башчысы Толубаевге, Нуркулова Салкындын билдирүүсүнөн: Менин сиздерге чыныгы өз пикиримди айтып коюуга уруксат этсеңиздер. Иним Нуркулов Акпаралинин тагдыры мени ар кандай ой пикирге өкүнүчкө келтирип, тергөөчү Суранбаевден алган маалыматтын негизинде «Акыйкаттыктын жолу кайда» аттуу «Советтик Кыргызстан» газетасына арыз-макала менен кайрылган элем. Советтик кызыл паспорттун ээси болгондугума чын жүрөктөн ыраазымын. Жогору жактан А.Тажибаевдин





колу коюлган 1990-жылдын 28-февралында жообун алдым. Тергөөнүн жүрүшү боюнча кызык маселелер боюнча уруксат берилгендигинен сизге кайрылууга аргасыз болдум. Сөз менен айтып жеткизе албагандыктан, Акпаралиге арнаган ырымды жаздым. Эки тарапты беттештирсеңиздер экен. Туура жыйынтык чыгаар бекен деген ойдомун. (1990-жыл март айы.) Бул көптөгөн суроолор менен кайрылдым, бирок жыйынтык чыкпады.

1990-жылы «Акыйкат-жарчысы» аттуу газета чыкты. Ага жаздым:

– Жаралуу жүрөк айыгат,
Акыйкат издеп таба албай.
Айла жок амал таба албай,
Арызчыл болуп кеттим бейм...
Жаралуу жүрөк айыкпай,
Атыңды окуп сүйүндүм.
Акыйкаттын жарчысы,
Арманым батпай ичиме,
Жазынып дагы отурам.
Ичимен күйүп иниме
Айтып бир койсо болду эле,
Жалгыз көз болгон Акыдан.
«Кечирип кой!», – деп бир мерте,
Замандын сүрдүк жакшысын.
Жалганын топтоп кагаздын,
Сенектик деген доорго,
Сенейип тоңгон экенбиз.
Адамды адам кордоодо,
Чын дилден сурап акыйкат,
Айтууга жүрөк батынат.
Жарыя кылып косоңор,
Жаралуу жүрөк айыгат.

*14-май 1990-жыл.*

Жалал-Абадская областная библиотека

## БУЛ КАТЫМ ДАГЫ ЖООПСУЗ КАЛДЫ

Бул армандуу окуяны баяндап берейин. 1987-жылы 27-августта иним Нуркулов Акпарали өзүнүн «Жигули» машинасы менен Арстанбап пансионатка кечке маал чыгып бара жатса, ак турпак алган жерден үч бала кол көтөрөт. Аларга токтобой өтүп кетет. Кайра тез эле келе жатса, ошол үч бала катарлашып жолун тосуп жалынышат. «Биз мейман элек, Арстанбапка жеткизип коюң», – дешет. Акпарали макул болуп Арстанбапка жеткизет. Ал жерде ошол балдардын бирге базарда иштешкендери бар экен. Дымдама жасап турган мезгилде барышат. Чогуу тамактанышат, дагы суранышат. Машинанын заправкасын жасайлы. Базар-Коргондо помидор, жүзүмүбүз бар. Бул жерде соода жакшы өтүп жатат», – дешет. Ак көңүл Акпарали макул болуп, кечки күүгүм аралаш, үйүнөн машинанын документин алат. Аялы: – Кеч киргенде кайда барасың?:

– Меймандар экен. Аларга мени уят кылба! – деп, Акпарали чыгып кетет. Ошол бойдон алар менен кетип Базар-Коргонго жетпей бензин түгөнүп, темир көпүрөнүн ортосунда токтоп калат. Бир далайда Кайымов Асилбек келип калса, ошондон бензин алып заправкага жетишет. Заправка жасап алып, Базар-Коргондун ичи менен канал бойлоп ылдый жүрүшөт. Акпарали машинадан түшпөйт. Балдардын бири, дагы экөө бир дарбазага кирип, кайра чыгып убакытты өткөзө берет: – Болгула мен кетем, бала чакам күтүп жатышат, – деп, Акпарали шашат. – Бир аз күтө туралы автолавкачы келсин, андан эки ящик арак алабыз – дешет. – Мен арак жүктөбөймүн – деп бир аз тартышат. – Азыр келет, бир аз эс алып туралы, – дешип, машинага чыгып отуруп уктап коңурук тарткан болушат. Ак пейили менен отурган Акпаралинин дагы көзү илинип кетет. Ошол убакта көзгө тарс дей түшөт. Акпарали көзүн ачса аркасындагы бири «Вай, ичим, ичим»- деп кыйкырат. Машинаны айдап жөнөйт. Базар-Коргондун ортосундагы тегерекке келгенче рулду бербейт эптей албай калганда колунда сүрөт түшүрүлгөн, жеңи кыска көйнөкчөн бирөөсү «Рулду мага бериң», – дейт. Рулду бергенден кийин, өзүн билбей калат. Бир маалда өзүнө келсе, Турпак-Белде бара жатканын сезет. – Мени кайда алып барасыңар? – десе: «Доктурга алып барабыз» – дешет. Бизди бирөөлөр уруп качып кетти. Кууп кетип алгабыз дешет. Көк-Арттын суусуна келгенде: «Аке сууга бетиңизди жууп, эс алып алыңыз» – дешет. Экөө колтуктап түшүрүп туруп: «Акпарали колу менен кочуштап сууну алганда, көк желкеге тебет. Алардын карасанатайлык иш аракетин Акпарали ошондо сезет дагы, суунун агымы менен ага баштайт. Ал балдар таш менен сууга урушат, сай бойлоп бир жерге барганда трубага туш келет. Арматур экен колу менен ачып трубанын ичине кирсе агызып кетет. Трубадан чыккандан кийин суу жайылып, агат экен акпай калат. Бир көзү менен караса бир гана адам келе жатат. Анда Акпарали колуна таш алып жатса, суунун шар жагына тээп агызганга аракеттенет. Ошол учурда шарт туруп, көкүрөктөн кармап таш менен бетке салат. Жээди – деген боюнча колунан чыгып жогору качат. Акпарали суудан чыгып камыш, шалпаяларды аралап качат. Кайра үчөө биригип канал бойлоп издейт. Акпарали болсо, боолой чөптү чөмөлө жасап койгон жерге туш келип, бир боо чөптү жазып, жамынып жатып, бекинип калат. Ошентип таң атырат. Акпарали заардан Сузакка кеткен шоссе жол менен жүрүп,

Жалал-Абадская областная библиотека

азыркы пост ГАИге барып, ошол айланада туруп бир камаз менен Базар-Коргонго келе жатса, Көлгө келгенде Базар-Коргондун Тез жардам машинасы Жалал-Абадга ооруну алып барып келе жаткан экен. Ошол Камаздын шофёру токтотуп салып коёт. Ошентип, Базар-Коргондо он күнгө жакын жатат. Жалал-Абадга которулат. Көзүн аткандыгын ошол жерге барганда билет. Операция жасалгандан кийин мен бардым эле. Көзүнөн алган октору колдо жасалган чачма экен. Он бир чачманы дакеге түйүп чөнтөгүнө салып жүрүптүр. «Дагы экөө калды көзүмдүн бери жагына өтүп кетиптир», – деди. Мен чыдабай врачтан сурасам «Эми эмне болот, кантип жашайт?»-дедим. Анда врач айтты: – Он жылга чейин эч нерсе болбойт. Андан ары таасир бериши мүмкүн. Ал октордү алганга болбойт, – деген эле. Жалал-Абаддын көз оорулар бөлүмүндө үч айдан ашык жатты. Үйгө келгенден кийин милициялар өздөрү чакырып: – Мергенге чыгып атылып алып, бизге иш ашырдың, – дешет. Машинаны болсо ошол эле күнү азыркы Ноокен районунун Беш-Жыгач деген жеринен таап келген. Машинанын ичинде жасалма курал октор, резина колкап жана сумка чыккан. Машинанын бензини түгөнгөндө таштап, качып кетишкен. Милициялардын сурагында Акпарали: – Атын билбейм, өңүнөн тааныйм – дейт. Милициялар менен паспорт столдун Базар-Коргондон жок болот. Ленинский райондук паспорт столдон таанып көрсөтсө, так ошолор болуп чыгат. Арапбаев Талыпты так билемин. Ал үч зөөкүрлөр уурулук кылып качып жүргөн экен. Акпарали издеген убакта бири түрмөдө, бири армияда, бири айылда болот. Ал колго түшкөн бала бардык окуяны, алардын максатын айтып берген ошол эле учурда. Акча керек болуп машинаны тетик кылып сатып, акчага айландырмак болгон. Ошол мезгилдеги милициянын күчүнө рахмат. Красноярскийден күнөөкөрдүн бирин алып келген. Бирок, тергөөдөн тергөөгө которуп, Суранбаев деген тергөөчтүн туура эмес жыйынтык чыгаргандыгына наразы болуп, «Советтик Кыргызстан» газетасына, «Акыйкаттыктын жолу кайда?» деген арыз макала менен кайрылып, жообу Тажибаев дегендин колу коюлган жооп алдым. Бирок, жарыя болгон жок. Бул окуя боюнча үч жыл кирбеген эшик, беттешпеген ички иштер кызматкери калган жок эле. Ар кандай даярдамдосторго кирип, анын ортосунда Ош жана Өзгөн окуя болуп кетти. Ошону менен кудайга салып кала бергенмин. Акпаралинин андан бери ар кандай эл арасындагы кордолгон сөздөр, мени күйгүздү;

Эки көзүң барында иним,
Эл көзүнө эр элең иним.
Эзелки кызмат күтүшкөндөрүң,
Эми бүт сага жоо болду иним.
Эки жылдан ашты окшойт сага,
Асылган «Бюрократтарың» иним.
Акыйкат жолун мен издеп иним,
Арызчыл атка мен кондум иним.
Жазынып майнап таба албай,
Кудайга салып мен койдум иним.
Арадан он жыл өттү,
Экинчи топтогу майып болду.

Адам баласында жакшылык менен жамандык кошо жүрөт тура. Кудайга шүгүр, уул-кызы чоңойтту, үйлөрдү жаңылап салды. Уул кызы жетилди. Уулдан урмат, кыздан ызат көрөөрдө 2004-жылы, 14-сентябрда эки ок башында 17 жыл жүрүп акыры алып кетти.

Ошол зөөкүрлөрдүн бири Арапов Талып, актануунун амалын издеп, иш козгоп, Базар-Коргон райондук

прокуратурасына кайрылыптыр. «Мени ошол Арапов Талып менен беттештирип эле койгула» – деп суранып кайрылдым. Бирок, сураштырсам бир түндө Россияга качып кетиптир. Кудайга салып гана кала бердик. Ошол эки жасалма ок башында калбаса, эл алдында жүрөөр беле. Спортсмен, дене-тарбия мугалими болуп Мичурин мектебинде иштеди. Мүрзөсүнүн аяк жагында жалгыз түп жапайы алма бар экен. Ошол алмага жалынам;

## СООБУ САГА ТИЙСЕ ЭКЕН.

Мүрзөңдүн аяк жагында,
Жалгыз түп алма бар экен.
Тилегим айтып жалынам,
Табийгат тилим алса экен.
Жаз болгондо жашарып,
Бүр байлап дайым гүл ачсын.
Алдында жаткан Акыбай,
Жытыңды жыттап уктасын.
Сайроочу куштар уялап,
Жумуртка басып учурсун.
Булбулдар сайрап үн салса,
Кубанып Акым тыңшасын.
Күзүндө мөмөң төгүлүп,
Мүрзөңдүн бетин каптасын.
Жан-жаныбар ооз тийип,
Сообун сага арнасын!

Кантейин түгөнбөс арман болду. «Күйгөн аял кошокчу» – дегендей, кагаз бетине гана жазган жазуум калды. Жарык көрүп калса эле шүгүр деймин.

*Нуркулова Салкын Нуркуловна.*



## АСЫЛАЙЫМ



Базар-Коргон районуна караштуу Могол айыл Өкмөтүнүн Табылгы ата айылында 1925-жылы төрөлгөн. 2002-жылы 15-мартта кайтыш болгон. Мавланкул кызы Санталат эжем жөнүндө болмокчу. Атасы Жапаров Мавланкул Улуу Ата Мекендик согуштан кайтпай калган. Бир уул, бир кыздын апасы: Уулу Рахманов Куламжан Абдиллажанович. Россиядан жогорку окуу жайын бүтүп, көп жылдардан бери Ачыдагы жапайы мөмө-жемишти кайра иштеп чыгаруучу заводдо директор болуп эмгектенет. Үч уул, эки кыздын атасы, тогуз неберенин чоң ата, таятасы. Жубайы Галина экөө элдин кадыр-барктуу үй-бүлөлөрүнөн.

Кызы Этивар сегиз баланын апасы, чоң эне, таяне бир нече наристеге.

Күлгүндөй кезде буралып,
Он бешке жетет суйкайып.
Баш кошуп эжем абага,
Турмуштун жолун баштап.
Ак уул Кызыл кыз төрөп,
Айымы болуп алдыңкы.
Ак пейил айкөл жубай деп,
Айылга алар көрүнөт.
Кайдыгер болуп абакем,
Көпөлөк болуп гүл издеп.
Көкөлөп учуп талаалап,
Көп эле гүлдү которот.
Турмушум ошол Адам деп
Тутканым уул кызым деп,

Жалал-Абадская областная библиотека

Келгин куш сымал келет деп.
Ар жазда кутөт келет деп,
Туруктуу мүнөз эрк менен
Гүлгүндөй кезин өткөзөт,
Ачык сөз айтам жашырбай
Аялзаттын көбү бар.
Турмуштан турмуш которуп,
Ар атадан бирден туул,
Улгайган кезде чогултуп,
Бир бригада түзгөн бар.
Коргошундай салмактуу,
Каныкейдей кайраттуу.
Туруктуу мүнөз асыл сөз,
Тубаса чебер уз эле.
Тууганга тирек тоо болгон,
Айылдын көркүн көтөргөн,
Ак байбиче жан эле,
Жөн эле барып жолуктум,
Кол менен ийрип жүн жипти.
Түр боңтон гүл салып,
Килем соктуруп жатыптыр.
«Апасынан Куламжанга эстелик» – деп
Бажырайтып тамгаларды согуптур.
Баарлашып чай ичишип олтуруп,
Суроо бердим, эже сырын билмекке.
Анда эжем:
Уул төрөп ага-ини кошподум,
Өмүр бою «Адам бол»-деп күткөмүн.
«Үшүгүр»-дейм,текке кетпей тилегим
Эл катары билим алды жогорку.
Үй-бүлөлүү уул-кыздын атасы,
Адам болду эл ишине жараган.
Мандайына илип окуп журсүн деп,
Жүрөктөгү сөздү жаздым эскерип,
Сөзүн бүттү жашын аарчып муңайып.



Тагдыр деген түркүн тура баарына,
Кээ бирөөгө океандай кең экен.
Кээ бирөөгө жең учундай тар экен.
Бул эженин тагдырында өзүнчө,
Айтып бүтпөс жазылбаган сыр экен.
Шашып турам! Мен кайтууга үйүмө,
Кетип калуу кыйын болду мен үчүн.
Көңүл улап жылуу жумшак сөз айтып,
Алаксытып анан кеттим үйүмө.
Менин сөзүм:
Өмүр бою күткөнүңө жараша,
Уул-кызыңыз өсүп чыкты жанаша.
Үшкүрбөстөн үшүгүр деп жүрүңүз,
Ыйык перзент неберелер жетелеп.
Эркелетип дайым сүйүп жүрүңүз.
Жалгыз деп эже өкүнбө,
Жалгыздын жары кудайым!
Оорубай жүрүп көп жашап,
Көрүңүз эже убайын!
Көпөлөк гүлгө конбосо,
Көңүлдө кирлер болбосо,
Кошконуң менен бир жүрсөң,
Беш уул, беш кыз бир төрөп,
Алтындан жылдыз тагынып
«Батыр эне» аталып,
Жүрбөйт бир белең эжеке!
Кылымдан бери келаткан,
Кыргыздын оюм-чийимин
Кол менен жасап коолдоп,
Кылдаттык менен кармаган.
Кыраакы чебер экенсиз,
Кеп такыя элечек,
Кол менен жасап тигиңиз.

Жалал-Абадская областная библиотека

Келиниң кызың бергенде
Кол менен кийгизип,
Коштошуп бата бериңиз.
Уулуңуз тоюн бергенде,
Кыл куйрук жасап коздоп,
Кайыр элдин көзүнө.
Кызыктуу кылып көрсөтүп,
Кылымдан жашап келаткан
Кыргыздын салт оюнун ойнотуп,
Небүре тойду сиз көрүп,
Ак батаңызды бериңиз.
Арадан жылдар көп өттү,
Кырк жети жыл өткөндө
Абакем менен эжекем
Баш кошуп экөө ээрчишип,
Балдарынын алдында,
Урмат сыйын көрүштү.
Ажалы жетип күн бүтүп,
Бул дүйнө менен коштошуп,
Кетишти экөө ээрчишип,
Ариетин кылып баласы
Зыйнатын кылып кыздары
Ак кепинден аруу жууп,
Ал дүйнө көздөй узатты.

*24.01.2011-жыл*



## ӨРНӨКТҮҮ ӨМҮР

Аркайган аскасынан аркар кетпес,
Ажайып кооз жердин кулунусуз.
Талыкпай эмгек өтөп Мекенге сиз,
Эмгектин алдынкысы болуптурсуз.

Тээ алыстан аркайып көрүнгөн, көз жоосун алган жашыл аалам. Түнт түшкөн токойлор. Түркүн куштардын сайраган үнү, өзүнчө бир адамга ырахат тартуулайт. Бийиктен-бийик тоону жарып агып түшкөн шаркыратмаларга, оргуштап чыккан жайлоолордун тунук булактары кошулуп, өзөндүн тынчын алып, шар аккан сууну бойлоп жол жатат. Биринин артынан бири тынымсыз машиналар, жүргүнчүлөр токтобойт. Жол тарткан жүргүнчүгө беттен сылап эркелеткен таза абасы, тунук суунун шары, аңкыган атыр жыттуу абасына күбө болосуз. Дүйнөгө белгилүү болгон Арстанбап-Ата айылын көздөй Бабаш-Ата тоосуна багыт алып, асфальт төгүлгөн жолдун боюнда, Кызыл-Суу айылында жайгашкан, айылдын Дүйшөнү болгон Эл Агартуунун отличниги №50 Маман Кадыров атындагы мектептин маңдайында жайгашкан бак-дарактуу мөмө-жемиштери төгүлгөн үйгө туш келесиз. Ал үйдүн ээси биз сөз кылы турган каарманыбыз, айылдын ардагер аксакалдарынын бири рааматылык Молоев Адиш аба жөнүндө болмокчу.



Молоев Адиш аба 1927-жылы дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Өзүнүн апасынан эжеси алты жашта, өзү төрт жашта, иниси эки жашта калат. Тагдырдын жазмышына багынбаска айла барбы?! Молой ата Үмүт аттуу төрөбөгөн аялга үйлөнөт. Ал Үмүт апа үч баланы бапестеп багып: Буайша, Адиш, Моду – деп, жүрүп мээримин

Жалал-Абадская областная библиотека

төгүп, канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай эрезеге жеткизет. Балалык убагында каргашалуу Улуу Ата Мекендик согуш башталат. Жалпы эле элге түшкөн кыйынчылыкты башынан өткөзөт. Өзү тең балдар менен жаз башынан кышка чейин, талааларда болуп кош айдап, жанчык айдап, машак терип, дан топтоп «Фронт үчүн, Жеңиш үчүн» – деген ураандын алдында эмгектенишип, дан жөнөтүшүп, Фашисттик Германиянын жеңилишине салымын кошкондордун түздөн-түз катарына кирет. Бой тартып жашы жеткенден кийин 1950-жылы мартта Маматова Бурулча эжеге үйлөнөт. (Өз айылынан). 1951-жылы Армияга чакырылып үч жыл жети ай мекенди коргоо ыйык милдетин аткарып келет. Ал убакта армиянын турмушу дагы оор болот. Анткени, Согуш мезгилинде кыйраган кыштактарды калыбына келтирүү убагына туш келген. Жоокердик милдетин абийирдүүлүк менен аткарып, сержанттын милдетин өтөгөн. Армияда Военкомдор аскердик кызматты өтөөгө суранышат. Ага өзүнүн атасы жол бербей чакыртып алат. Армиядан келгенден кийин колхоздо эсепчи, ферма башчы болуп мал-чарба тармагында иштеп жүрүп, бир техникумга окууга барып, ийгиликтүү аяктап келип, май, сүт өндүрүшүндө райондо мастер болуп иштейт. 1958-жылы КПССтин мүчөсүнө кирет. Кыргызстан коммунисттик райкому, Ош областы. Райондук май, сүт өндүрүү өнөр жайында иштеп жүрүп, чоң-чоң ийгиликтерге жетет. 1962-жылы алдыңкы жетишкендиги үчүн мамлекет тарабынан Мактоо Грамота менен сыйланат. 1964-жылы өз билимин өркүндөтүү үчүн, квалификациясын жогорулатуу курска барып, жалаң «беш» деген баага тапшырат. Май, сүт өндүрүү өнөр жайынын устаты күбөлүгүнө ээ болот. 70-жылдары Кочкор-Атада май заводдо мастер болуп иштейт. Таш-Көмүрдө, Шамалдуу-Сайда, Жалал–Абадда май заводдо мастер болуп иштеген. 1974-1980-жылдары Базар-Коргондо май, сүт өндүрүү заводунда директор болуп



иштеген. 1970-жылы «100 жылдык медаль» менен сыйланат. Андан соң 1975-жылы алдыңкы жетишкендиги үчүн Мамлекеттик сыйлыктардын ээси болгон. Иштеген иштерин пландан ашык май, сүт, быштак чыгарып жүрүп, алдыңкы көрсөткүчкө ээ болот. 1979-жылы 50-жылдык юбилейи менен куттуктап акчалай сыйланат. 1978-жылы 28-мартта Суетовдун колу коюлган Мактоо Грамота алат, (Фрунзе шаарында). 1979-жылы «Эт, сүт өнөр жай министрлиги, Жалал-Абад мол комбинат тарабынан Министр Суетовтун колунан «Кызыл Жылдыз» төш белгисин алган. Эмгек жолун эсепчиден баштап, майзаводдун директорлук кызматын өтөп, жашы жеткенден кийин персоналдык пенсияга чыкты. Молоев Адиш аба, айылдын алдыңкы легендарлуу аксакалдарынын бири. Өмүрү, иштеген иши, басып өткөн жолу, жаштарга тарбиялык мааниси бар. Абанын өмүр таржымалы жаштарды эмгекке, Мекенди сүйүүгө, адамгерчиликке, улууну урматтоого, кичүүнү сыйлоого, адам болууга, айткан насаат сөздөрү, аткарган жумушу үлгү боло алат. Үй-бүлө шартына кайрылсак. Ата-энесине кайрымдуу, боорукер адам болгон. Атасы Молой ата менен Үмүт энени карып, өмүрү өткүчө аларды сыйлап, батасын алып жүргөн. Эч качан апасына «өгөй» деп каяша берген эмес. Эне бала болуп 50 жылдан ашык жашашкан. Ата-энеси дүйнөдөн өткүчө сыйлап, жыйыштырган.

Бул жарык дүйнөдө 5 кыз 3 уул тарбиялап өстүрдү. Улуу кызы Токтокан 1955-жылы туулган. 5 баланын апасы. Өмүр сакчыларынын катарында эмгектенет. Анаркан 1957-жылы туулган. Кесиби мугалим. 4 баланын апасы. Райкан – жеке ишкер. 1959-жылы туулган. 2 уул 2 кыздын апасы. Уулкан – мугалим. 3 кыз 1 уулдун апасы. Гүлжан – мугалим. 1967-жылы туулган. 2 уул 1 кыздын апасы. Сапар – 1974-жылы туулган. 2 кыздын атасы. Айдоочу. Турат – 1976-жылы туулган. 1 кыздын атасы. Өзү дыйкан. Азиз – жумушчу. Адиш

Жалал-Абадская областная библиотека

аба 22 неберенин таята, чоң атасы болуп бактылуу карылыктын доорун сүрүп жүргөн убакта, 2009-жылы 82 жашында 6-майда жарык дүйнө менен кош айтышып кете берди. Ал абанын артында калган бала чакасы, өмүрлүк жубайы Бурулча эже 80 жашта абанын жылында эскерүү ашын өткөзүп, элдин алдында жүзү жарык. Абанын тарбиялап өстүргөн урпактары дагы, эмгекчи элдин алдында үлгүлүү жүрүш-турушу, жөнөкөйлүгү, үлгүлүү сапаттары менен айырмаланат. Өркүнүңөр өсө берсин, абанын уул-кыздары, неберелери. Атаңардын арбагы колдоп жүрсүн. Ааламда тынччылык болсун. Силер дагы өрнөктүү өмүр сүрүп, эмгектен элге эстен айтылып жүрө турган из калсын!



**Карымшаков Жыржыз** – 1923-жылы Базар-Коргон районунун Могол айыл Өкмөтүнө караштуу Ооган-Талаа кыштагында туулган. 1942-жылы Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде согушка чакырылып, Жалал-Абадда эки ай даярдыкта болуп жүрдү. Андан мурун атасы Карымшактын Айбаш деген уулу 1939-жылы фин. согушуна кетип, кайра кайтпай калган. 1941-жылы Токтобай деген Улуу Ата Мекендик согушка кетип, согуш мезгилинде дүйнөдөн кайтты. 1942-жылы Жыржыз деген уулу согушка чакырылып, Жалал-Абаддан жөнөп жаткан мезгилде, балдарынын күйүтүн тартып ыйлап жүрүп, паралич менен ооруп, бир буту, бир колу кыймылдабай калган эле. Ошол оорудан атасы Карымшак дүйнөдөн кайтты. Карымшак уулу Жыржыз 1943–1944-жылдары Улуу Ата Мекендик согушта 187-аткычтар дивизиясында кызмат өтөйт. 1944-жылы



жай айларында бир колунан жарадар болуп, согуштан кайтып келген. Келип Ооган-Талаада мал товар ферма жагында иштеп жүрүп Карымшакова Паари эже менен баш кошуп, балдары турба, чарчап калат. Ырым менен журт которуп, куржунду ийинине алып, «Комсомол» колхозуна келип, Саткын кызын тутуп калат. 1953-жылдан баштап, Базар-Коргон районунда Паари эже алдыңкы саанчы, Жыржыз аба бадачы болуп эмгектенишет. 1965-жылдан баштап КПССтин мүчөсү болгон. 1980-жылы 12-майда «60 лет Вооруженных сил СССР» юбилейинин медалы, 1982-жылы 29-октябрда «Эмгек ардагери» медалдары менен сыйланган. Саткындан кийин Этивар, Батма, Адалат, Анаркан, Жамиля деген кыздарды көрүп, тарбиялап өстүрдү. Ооган-Талаага эс алууга чыккандан кийин көчүп келишип, ал айылда эмгектенишип, демилге көтөрүшүп, аксакалдар биргелешип, Укубаев Нармамат аба, Жумалиев Абдиллат, Алыбаев Муса аксакалдар мечит тургузушкан. Айыл ичиндеги жаштарды ыймандуулукка тарбиялап, бир топ жаштарга арабча окууга үйрөткөн. Ал Жыржыз абанын окуучулары азыркы учурда дагы жаштардын арасында ыймандуу, үлгүлүү жүрүш-турушка ээ болуп эсептелет. Бул дагы болсо Жыржыз абанын эмгегинен кабар берет. Ал колунан тарбия алган муундардын жүрөгүндө түбөлүккө сакталат.

## ҮЛГҮЛҮҮ ҮЙ-БҮЛӨЛӨР

Адам баласында эки ат болот:

1.«Жакшы деген бир ат бар кууса жеткис, жаман деген бир ат бар жууса кеткис».

2.«Асыл таштан, акыл баштан, – баланы тарбиялаштан!» (кыргыз элинен).

3. Балаңды туура тарбияласаң,
Бактылуу карылыгың.
Туура эмес тарбияланып калса,
Ал кайгылуу карылыгың (Н.К.Крупская).

4. «Бала азиз, баладан тарбия азиз» (өзбек элинен).
5. Адам баласы бардык нерсени сатып алууга болот,
Тарбияны сатып алууга болбойт!
«Баланы туура тарбиялап,
адам катарына кошуу –
орчундуу жана жоoптуу иш!». (Н.Салкын).

## АТА КЕСИБИН АРКАЛАП.

Арстанбап аймагына караштуу Могол айыл өкмөтүнүн Ооган-Талаа айылынын ардактуу эс алууга, өмүр сүргөн айылдын алдыңкы ак сакалы, тогуз баланын атасы Кайымов Мейманбек агай жөнүндө болмокчу. 1942-жыл, Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде атасы Карабатыров Кайым азыркы «Көк-Алма» (Могол) колхозунда башкарма болуп иштеп турган убакта, жалпы эле эр азаматтар менен бирге согушка аттанат. Согушка кеткен боюнча дарексиз жоокерлердин катарында болуп дайынсыз кетет. Ал Карабатыров Кайым





ата мугалим болуп иштеп жүрүп «Кызыл-Октябрь» азыркы №17 С.Далбаев атындагы мектепти уюштуруп, жаш балдарды мектепке тартып, окуучулар окуп калган убакта райондук жетекчилер, ал адамдын уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн, жалын жүрөк патриоттуулугун сезип, (Могол) азыркы Көк-Алмага башкармалыкка дайындашат. Ошол кохозду уюштуруп иштеп жүргөн убакта согушка, кетип жок болот.

Апасы Аширкул апанын тарбиясында калат. Мейманбек агай жети жашта Мелисбек, Эмлис эки иниси менен жалпы эле согуштун убагындагы жетим балдар көргөн азап-тозокту башынан өткөзөт. Ат баш жетелеп, жанчык айдап, тылдагы эмгектенген аялдар менен балдардын катарында эмгектенишип «Жеңиш үчүн, фронт үчүн» деген ураандын алдында өз салымын, эмгегин кошот. Кайымов Мейманбек агай 1930-жылы 1-январда туулган. Ооган-Талаадан 7-классты бүтүп, Жалал-Абаддан 1949-жылы 10-классты бүтүрөт. Ата кесибин улантып, 10-класс билим менен Табылгы-Ата (азыркы Кара-Ой) 1950–1951-жылдарда мугалим болуп иштейт. 1952-жылы Ош педагогикалык институтунун филология факультетине кирип, 1957-жылы бүтүргөн. 1958–1959-жылдарды Жай-Терек мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1960-1964-жылдарда №1 Ж. Бөкөнбаев атындагы мектеп-интернатка иштеген. 1964–1965-окуу жылынан баштап 1990-жылы 1-декабрдан баштап ардактуу эс алууда. Агайдын бир айткан сөзү эсимде, «Мен согуштун айынан атамдын мээримине тойгонум жок. Атам мугалим болгондуктан, атамдын кесибин сүйүп, атам аткарбаган жумушту аткарам. Атам окутпаган жаш муундарды мен окутамын – деп өзүм ушул кесипти тандагамын. Ар кандай кыйынчылыктар жана кубанычтар болгондо дайыма атамдын жумушун элестетем. Кандай шартта уюштуруп иштеген экен деп кыялданып атамды эскерип алам. Бирок, мен атамдын кесибин ыйык тутуп кармаганыма дайыма сыймыктанам» – деп, айткан эле. Агай 1957-жылы

Жалал-Абадская областная библиотека

июлда үй-бүлө курат. Орокова Пазилат эже Ош облусунун Өзгөн районуна караштуу Ийри-Суудa 1935-жылы 15-октябрда жарык дүйнөгө келген. 1-класстан баштап 7-классты «Кыргызстан» мектебинде окуйт. Ал мектепти бүтүп Өзгөн шаарындагы кыздар орто мектебин бүтүрөт. Ошол эле жылы Ош growing пединститутуна кирет. Жогорку билимдүү кыргыз тил адабият мугалими адистигине ээ болот. Өзүнүн сүйгөн кесибин үзгүлтүксүз аркалап иштеп жүрүп, 1985-жылы октябрь айында ардактуу эс алууга чыкты. Бул эки жубайдын кудай берген перзенттери дагы билимдүү. Турмуштан ордун тапкан. Элдин алдында жүзү жарык. Улуу баласы Асилбек 1958-жылы туулган. Жогорку билимдүү. Орто мектепти бүтүп Жалал-Абаддан кооперативдик техникумду кызыл диплом менен бүтүп, Новосибирскийден соода институтун дагы кызыл диплом менен аяктайт. Иштеп жүрүп юристтик кесипти сырттан бүтөт. Учурда Сузак райондук салык инспексиясын жетектейт. Кызы Гүлнара 1960-жылы туулган. Ош пединститутту бүткөн. «1-май» айылында орто мектепте мугалим болуп иштейт. Акылбек 1961-жылы туулган. Айыл-чарба институтунун механизация бөлүмүн бүткөн. Жамиля 1964-жылы Бишкектеги фин.техникумду бүткөн. Нурила 1966-жылы туулган, соода боюнча маалыматы бар. Гүлмира 1969-жылы туулган, соода бөлүмүндө эмгектенет. Максат 1971-жылы туулган, үйдө чарбачылык менен алектенет. Гүлүмкан 1973-жылы туулган, соода кызматында кесибине жараша иштейт. Кенже кызы Бактыгүл 1975-жылы төрөлгөн. Жалал-Абаддан Коммерциялык институтту бүткөн. Бул агартуу майданынын ардактуу карыялардын тогуз баладан көргөн ыйык жыйырма алты небереси беш чөбүрөсү бар. Бул кудай көрсөткөн чүрпөлөрүңүздүн күлкүсүнөн ырахат алып, айылдын көркүн көтөргөн, акыл-насаат сөздөрүңүздөр менен, үлгүлүү карылардан болуп узак өмүр сүрүүңүздөрдү каалаймын.

*06.11.2010-жыл.*



Базар-Коргон районуна караштуу Могол айыл Өкмөтүндө Ооган-Талаа айылынын орто чениндe Пушкин көчөсүндө жашоочу агартуу майданында эмгектенип, ардактуу эс алууда өмүр сүрүп жүргөн агай менен эжей жөнүндө болмокчу.



Бул эки жубайдын өз алдынча өмүр жолуна кайрыла турган болсок, Субанов Калдар агай 1935-жылы Көк-Алмада дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1955-жылы №17-орто мектепти бүтүп, Ташкентке барып чет тилдер боюнча педагогикалык институттун англис тилин бүтүргөн. Жоробекова Кабийра эже болсо 1940-жылы Бешик-Жон айылында төрөлүп, 7-классты азыркы Муктар Мамбеталиев атындагы мектептен бүтөт. Базар-Коргондогу №1-мектеп интернаттан 10-классты бүтүргөн.1957-жылы Фрунзедеги Мединститутка тапшырып, окуп жүргөнүндө, Кара-Суудa пахта теримде жүргөн убакта апасы шартка байланыштуу алып баса берет. 1958-жылы Субанов Калдар агайга баш кошуп, үй-бүлө курат.1961-1962-окуу жылында №1-мектеп интернаттын алдында мугалимдик бир жылдык курсту ийгиликтүү аяктап, мугалим болуп Партсьездде эмгек жолун баштаган. Башталгыч класс окутат. 1964–1965-окуу жылында азыркы №17 С.Далбаев атындагы мектепте иштейт. Иштеп жүрүп 1965-жылы Ош мамлекеттик пединистутутка тапшырып, Биология факультетин 1970-жылы «эң жакшы» баалар менен ийгиликтүү аяктап, жогорку билимге ээ болот. Ошол мектепте иштеп жүрүп, Райондук Советке депутаттыкка шайланган, «Эл агартуунун отличниги» төш белгиси менен «Эмгек ардагери» ордени менен сыйланган.

Жалал-Абадская областная библиотека

Эженин өмүрүндөгү эң кубанычтуу унутулгус күндөрү 1956-жылы 9-класста окуучулук мезгилинде «Бүт жаштардын республикалык слётуна» делегат болуп барып катышкан. Азыркы Бишкек шаарына барганы эсте калган. Ал эми агайдын унутулгус эсте калган күндөрү 1957-жылы Ташкентте окуп жүргөн студенттик күндөрүндө, Казакстанга барып, дың жердин өздөштүрүүгө студенттик отряд менен катышкан күндөрү болуп эсептелет. Агайдын дагы өзгөчөлүгү, Ачы өрөөнүндө биринчилерден болуп, англис тил мугалими болуп эмгек жолун баштаган.

Өзү бүткөн мектепте иштеп жүрүп ардактуу эс алууга чыкты. Эжеке менен агайдын басып өткөн жолу, тарбиялап өстүргөн уул-кыздары эл арасында үлгүлүү жүрүш-турушу менен жөнөкөй мамилеси менен айырмаланып, жаштарга тарбия таасир бере алат. Балдарынын эң чоң кызы Субанова Замира орус тилчи соц.фондо иштейт. Субанов Алмазбек экономист-бухгалтер. Субанова Нургул Фрунзедеги фин.техникумду кызыл диплом менен бүткөн. Субанов Уран соода техникумун бүткөн. Субанов Бакыт – экономист менеджер, кызыл диплом менен бүткөн. Субанов Нурадил бухгалтер жеке ишкер. Небереси Абдрахманов Азамат Шадыбекович – юрист. Азиз Алмаздын баласы энергетик. Жыйырма төрт небере төрт чөбүрө көрүшкөн. Турмуш курганына 52 жыл толуптур. Бактылуу карылыктын ээси болуп, айылдын берекесин көтөргөн аксакал агай эжеке, сиздер узак өмүр сүрүп, үлгүлүү үй бүлөөлөр көбөйө берсин. Сиздерге окшогон элдин алдыңкы жүзү жарык маанайы ачык карыяларыбыз көп болсун.

Көп жашаңыздар, кымбаттуу эже-агай!

*15.11.2010-жыл.*





**Мамбеталиев Божу** – 1935-жылы 2-мартта Базар-Коргон районунун Көк-Алма айылында туулган. 1953-жылы Ош педогогикалык институтуна кирип, 1958-жылы дене тарбия, анатомия жана физиология адистигине ээ болгон. 1958-жылдан 1996-жылга чейин №17 Кызыл-Октябрь (азыркы С.Далбаев) орто мектебинде мугалим болуп эмгектенди. Мамбеталиев Божу агай көптөгөн алкыштардын ээси. Жогорку категориядагы педагог, эмгек ардагери.

## БОЖУ АГАЙГА

Эмгекчил жан элеңиз эч тынбаган,
Жаман ойлоп кыянаттык кылбаган.
Сиздей адам өткөндүгүн укканда,
Ар бир жүрөк жабыркаган сыздаган.

Канча бала, канча кыз өнүп өстү,
Өзүңүздөн алып таалим тарбия.
Орун алып калдыңыз алардын жүрөгүнөн,
Мына ушуну айткым келди жарыя.

Сүрөтүңүз калды бизде илинип,
Эмгегиңиз мына ошондон билинип.
Уул-кыздар сыймыктана карашып,
Жүрөк чиркин турса дагы тилинип.

Чыкпайсыз сиз кесиптештердин эсинен,
Элесиңиз ар убакта биз менен.
Чиркин өмүр мыйзамы ушул тура,
Аргасызбыз коштошууга сиз менен.

Жалал-Абадская областная библиотека

Кош болуңуз, эң жөнөкөй Божу агай,
Жайлуу болсун сиздин жаткан жериңиз.
Кетти деп арабыздан бир жакшы инсан,
Эстеп жүрөөр сизди сүйгөн элиңиз.

*Болотбек Тиркешов. 02.10.2006-жыл.*

Эсимде Бел-Терек башталгыч класс бүткөндөн кийин окуучулар мектеп жок каякка барып окушун билбей турган убакта, 1958-жылы 28-сентябрда Мамбеталиев Божу агай биздин айылга пайда болгон. Ал агай үймө-үй кыдырып издеп, сурап 4-классты бүткөн окуучуларды топтоп, №3 Кызыл-Октябрь (азыркы С.Далбаев) мектебинин көмөкчү жатак мектебине жайгаштырат. Мына ошол жылдан баштап, жыл сайын окуу башталаардан мурун барып окуучуларды тактап, ошол мектепке алып келчү эле. Эгерде бир же эки окуучу сабакка келбей калса, эртеси агай эл козголо электе жетип окуучуларды тутуп алып келчү. Бел-Терек айылынын уул-кыздарынын билимдүү болушуна Божу агайдын эмгеги зор деп айтууга болот.

Ден соолук үчүн дайыма,
Тынымсыз эмгектендиңиз.
Талыкпай иштеп бир жерден,
40 жылдан ашык өмүрдү,
Жаш муундарга бердиңиз.
Тарбиялап өстүрүп,
Адамзаттын алдыңкы,
Сапаттарына коштуңуз.
Канчалаган адамдын
Жүрөгүндө калдыңыз.

Жубайы Аптоокан эже экөө: Алишер, Айчүрөк, Гүлжамийла, Кылыя, Кундуз, Кубаныч, Нүргүл жана



Айгүл аттуу уул-кыздарды тарбиялап өстүрүп эл катарына кошту. Айгүл учурда ЖАГУда англис тил, өзү сүйгөн кесиптин ээси болуп, эл керегине жараган адам болуп эмгектенүүдө. Аптоокан эже, узак өмүр сүрүп, уул-кыздардын урмат-сыйында жүрө бериңиз.

*Жамаатынын эскерүүсү*

## СУГАЛАК КЫЗ ЖӨНҮНДӨ ЖОМОК

Илгери-илгери өткөн заманда, бир айылда Насыр деген өткөн экен. Анын бир эрке кызы болуптур. Кызынын аты Эркайым экен. Башак бир айылдан, өз уруусун бириктирген бай болуп, башка уруулардан кыйынсынган Абдулла бийдин жалгыз Жанболот аттуу уулу бар экен. Уулу бой жеткенден баштап, кыз издешет. Жанболот кыз жактырбайт. Ар башка айылдардан кыз издешет. Жанболоттун апасы кошунасынын кызы Кызжибекти сындан өткөзөт.

– «Келин кылып аламын нары кызым, нары келиним болосуң» – деп, кыздын кулагына да түшүрүп коёт. Ата-энелери менен кошуна колоңдордун арасында кудалашып бата кылышат. Жалгыз уулу Жанболот ата-энесинин айтканына көнбөй, албай коёт. «Мен көргөн жерден кыз алам, барсам келсем бешенем жылыгыдай кадырлуу күйөө болгум келет» – дейт. Абдулла бий айласы кетип, баласынын айтканына көнөт. Айылдаш боз уландарды чогултуп, аттын мыктысын мингизип, кийимдин жакшысын кийгизип, башка жактардан кыз издетет. Айыл айылдан, эл арасынан кыз издеп жүргөн Жанболоттун көзүнө баягы Насыр байдын эрке кызы Эркайымга көзү түшөт. «Ошол кыздан башканы албаймын» – деп, ата-энесин көндүрөт. Басса-турса Жанболот: – «Көргөн жердин кызы менин колуктум болсо,

Жалал-Абадская областная библиотека

арманым жок». Кыялданып мактанып дагы жүрөт. Ата-энеси жетине албай салт-санаасын ашырып, тогуздан мал берип, ырчы чакырып ырдатып, кыз-оюн өткөзүп элге жар чакырып, той өткөзүп, Эркайымды үйүнө көчүрүп алып келет. Келин той өткөзүп айылын толук чакырат. Жаңы келиндин турмушун өтөгөн Эркайым эшикти аттап киргенде, ак элечек байбичелер алдынан тозуп эки нанды колтугуна тагып, көзөөдөн сары май алып оозуна салганын эстейт. Ичи ачышкан Эркайым ойлонуп, көзөөдөн сары май алып жегиси келет. Элдин баары уйкуга киргенде, Жанболотту дагы уктатып коюп, акырын ашканага кирет. Көзөөгө колун салып, сары майдан чеңгелдейт. Колу көзөөдөн чыкпайт. Колун жазып чыгарайын десе, май жегиси келет. Убараланган жаш келин эшикке чыгып, ташка бир чаап, көзөөнү сындырып бир тоюнуп алайын деген ой менен, акырын эргилчекке чыгып секиргенде, эргилчектин түбүнө келип жаткан, жетим тайлакты тескери минип калат. Өмүрүндө байланбаган Абдулланын жетим тайлагы дайыма эргилчектин түбүндө жатчу экен. Тайлак чочуп тура калат да, айыл аралап басып, короодо жүрө берет. Жонуна чымын кондурбаган тайлактын капысынан Эркайым тескери минип калышы, тайлак үчүн оңойго турган жок. Ошентип жаңы келин Эркайым ошол күнү таңды тайлактын үстүндө тескери минип, короо кайтарып, башында жоолугу жок тосот. Аңгыча айылдагы кыз-келиндер туруп, өз тиричилигин улантууга убакыт жетип калат.

– Жаңы үйлөнгөн Жанболот болсо, эч нерседен кабарсыз кызуу уйкуда жатат. Аңгыча көпчүлүктүн көзүнө көрүнүп, кулагына угулуп калгандан кийин, ата-энеси кудалашып Жанболот албай койгон Кызжибекке көрүнөт. Намыс деген кыйын да, өзүнчө ызаланып жүргөн Кызжибек, дароо Жанболоттун маңдайына келет дагы мындай деп, ыр менен ойготот.



Тандап алган катының,
Тайлак минип калыптыр.
Тамагынын айынан,
Таң атканча жүрүптүр.
«Көргөн жердин кызы,
Көзөө кармап алыптыр.
Көп уктабай Жанболот,
Көңүлүңө албастан,
Көзүң менен карап көр.
Башындагы ак жоолук,
Балышында калыптыр.
Байкап көрсөм алганың,
Камчы кылып көзөөнү,
Бапестеген тайлакты,

Тескери минип алыптыр» – деп, Жанболотту ойготот экен. Шашылып эле эшикке чыкса, элдин баары жарданып карап турушат. Эркайым болсо, башында жоолугу жок, колунда көзөө өздөрүнүн жетим тайлагын тескери минип, чачтары саксайып короодо кыдырып жүрөт. Жанболоттун оозуна биссимилла кирбейт дагы, шарт үйдүн ичине кирип, ычкырына муунуп, керегеге асылып өлүп калат. Мына ошондон калса керек:

«Эрди намыс өлтүрөт,
Коёнду камыш өлтүрөт» –

деген сөз. Эрке кыз Эркайымдын тагдыры эмне болот. Сугалактын зыяны ушундайча бүтөт. Жанболот байсынып, бата бузбаса бул окуя болмок эмес. Ата-эненин айтканына көнсө, али да жашай бермек (Элдик жомок).

Жалал-Абадская областная библиотека

## КЕЛМЕ КЕЗЕК

Катышуучулар:
1.Эркебай
2.Багдагүл
3.Улгайган аял Умсунай
4.Кошуна келин Айнур
2.Жаш балдар. Асел, Алмаз
Бөлмөнүн ичи ирettүү
Багдагүл
Баласын көтөргөн аял өзүнчө ойлуу карап:

– Тапкан жокмун махабаттын пайдасын
Өлүүсүңбү тирүүсүңбү кайдасың?
Атакелеп күндө ыйлайт балдарың,
Мен ошонун таба албадым айласын.
Ырдан ойлуу тиктеп отурган болот.

Сырттан чөнтөгүнө бир бөтөлкө салып, мас абалында Эркебай кирет. Ии-и эмне ойлуу турасың ыя! Ушунча убакыттан бери оюнуңдун түбүнө жетпедиңби? – деп (Диванга жыгылат.)

Алып кел стакан закускаң кана! Акмак!

Закускасын стаканын алып келип алдына коёт.

Кана экөөбүз ичебиз, өзүңө дагы алып кел! (үнүн катуу чыгарат.)

– Багдагүл! – Ичкиң келсе иче бергин ушунча убакыттан бери кимдер менен ичип жүрсөң, ошолор менен иче бергин. Эми эмне түшкө кирген эмедей болуп ич дегениңе жол болсун! (аркы бөлмөгө чыгып кетет.)

– Эркебай: Ичпесең ичпе! Мен ичем! Балдарың менен ызылдап отура бер! Дагы ичем! Бөтөлкөнү тике туруп көтөрүп ичет.



Ышкырамын чоң жолдо,
Ышкырсам келбейт болжолго.
Селкилер сени сагындым,
Ышкыбоз элем ойнорго.
Ары-бери теңселип басып.

Эркебай! Олтура бер! Сенин кандай күндө калышыңды көрөйүн деп эле келдим.

– Абалың ушул экен да! Бечара – деп, чыгып кетет.

Багдагүл балдарынын кийим кечелерин ireттеп. (өзүнчө)

– Буга керек эмес бала мага да керек эмес деп, балдар үйүнө тапшырсамбы?... Жок! «Мен энемин! Мен адаммын, өз чүрпөлөрүмдү өзүм багышым керек. Сароз балапандарын чымчык дагы таштабайт. Мен чымчыкчалык жокмунбу, бирөөлөрдүн ишине мандикерлеп иштесем дагы багып алам» деп, өзүнчө кайраттанат.

Эшик ачылат;

– Умсунай кирет.

– Келиңиз эне!

– Келдим. – Эмне сабырың суз?.

Эркебайдын жолдо мас бара жатканын көрдүм.Эмне сага дагы келип чуу салдыбы?

Багдагүл:

-Ооба! Менин эмне кылып жатканымды, жашоо шартымды көргүсү келип келген го.

Умсунай:

– Мейли келсе келет да, чолпондой балдарың бар. Көз ачып көргөн жарысың!

– Багдагүл: – Келсе келсин, туура сөз айтпайт. Аталык мээрим дегенден эч нерсе жок. Бөтөлкөнүн ичине түшүп алыптыр. Эми жүрө берсин. Мен дагы балдарымды чоңойтуп алаармын.

– Умсунай: Сабыр кылсаң жетесиң муратка,

Жалал-Абадская областная библиотека

Сабыр кылбасаң каласың уятка.

Балдарыңдан көрөөрсүң Бакыш.

Кайра куруу мезгили базар экономикасына өтүү башталат.

Кошуна келин Айнур:

– Ай, Багдагүл, жүрү базарга чыгабыз, финка берет экен! Насыя акча берет экен. Биз эмне элден кем бекенбиз?!

Багдагүл:

– Ал үчүн дагы документ так болуш керек экен да, түшүнүгүн алдым газетадан окуп.

Кошуна келин:

– Анда эмне кылуу керек?

Багдагүл:

– Күндүн ысыгында улуттук эле ата-бабаларыбыз жасаган жарма даярдап сатсак кантет?!

Кошуна келин Айнур:

– Ооба, туура айтасың, менде буудай бар, аны кууруп жаргылчакка тартып жарма бышырабыз.

Багдагүл:

– Анда ичпеген адам калбайт. Базарга чыгабыз. Балдарды сенин кыздарың чоңураак го, каралашып турат.

Кошуна Айнур:

– Бир жумага жетпей эле акчалуу болуп калабыз.

Багдагүл кошунасы экөө бири-бирине ишенип жарма сата баштайт. Капшыты толо акча болот.

– Ай Багдагүл, жүрү бул жерде отура бербей, Андижанга барабыз. Алма, жаңгак, ызырык жана башкаларды сатып алып, Анжиянга каттайбыз. Ашыгы менен калат, жеген ичкениңе да жетет (Багдагүл балдарын Умсунай эжеге тапшырып Анжиянга каттайт). Акчасы дагы көбөйүп, үй турмушу оңолот. Балдары



дагы мектепти бүтөөр убагы жакындап, кызы Аселдин акыркы коңгуроого даярданып жүргөн убагында эшик каккылайт (арадан он жыл өтөт).

– Уулу Алмаз чуркап чыгат.

– Эркебай өңүнөн азган, кийимдери жыртык бир бутунан сылтып келет. Эшигине келип, – Алмаз, уулум,

– Мен атаңмын! (Кулачын жаят).

– Алмаз: биз атасыз өскөнбүз билбейм деп, чуркап үйгө кирип кетет.

– Эркебай ээрчип артынан кошо кирет.

– Багдагүл (Кызына акыркы коңгуроого кие турган көйнөгүн даярдап жаткан.)

Эркебайды көргөндө, эти үркүп чочуй түшөт.

Үн катпайт.

– Эркебай: – Айланайын Асел кызым! Алмаз уулум, менин асыл жарым Бакыш!

– Мен жаңылдым, жаңылганымды мойнума аламын эми кечиргиле! Бул дүйнөдө силерден башка бакытым жок! – деп, аягына жыгылат.

Багдагүл: – Баш аягына көз жүгүртүп,-Эми эсиңе келдиңби? Ызылдаган балдарым менен ызылдап жүрүп ушуга келдим. Сенин ышкырган убагың кайда калды? Эми төрт тарабың кыбыла. Ышкырып жүрө бергин!

Эркебай: – Мени кечиргиле! Өз үй-бүлөмөн тапкан бакытты эч жерден таба албайт экенмин. Мен ит болдум. Эки баламдын көлөкөсүндө көлөкөлөйм, эмне кылсаңар өзүңөр билгиле. Мейли өлтүргүлө мага аз деп (башын жерге салып чөгөлөп олтуруп алат).

Эшик ачылып Умсунай кирет. Бир саамга үн чыкпай тынчтык өкүм сүрөт. Аселдин гана шолоктоп ыйлап, көзүнүн жашы төгүлгөнү болбосо бөлмө тынч.

Багдагүл: – Келиңиз эже, төргө өтүңүз.

(Умсунай басып барып төргө олтурат)

Жалал-Абадская областная библиотека

Эркебай: – Амансызбы жеңе?

Улгайган аял:-Аманчылык! Аман эсен жүрөсүңбү?

Эркебай: – Атаганат ак моюнга азгырылып,
Өз ордумду суутуп алган экенмин.
Эми кечирим сурап келдим!
Сиз дагы сөз кошуп коюңузчу,
Соопчулук үчүн суранам!

(кемпирдин алдына жүгүнөт)

Багдагүл: – «Көсөнүн акылы түштөн кийин кирет». Эми ызылдаган балдар көзгө көрүнгөндө, мен атаңмын, кечиргиле деп, келгениңе жол болсун!

Улгайган аял: – Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч! Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт. Эми балдарың чоңойсо, куда күтөсүң, узак жакындан алып калабы? Окутасың! Экөөң бир туруп, мындан наркы жашооңор уланып кетсе деле жакшы болот.

– Сен эстүү жансың. Балдарыңдын кийинки тагдыры үчүн кечирип койгонуң эле жакшы. Турмушта эмнелер болбойт. Адам баласы кечиримдүү болуш керек.

Багдагүл;-Мен кечирсем дагы, балдары кечирбейт. Эмне деген кордукту көрдүк.

Эркебай: (Балдарына карап) – Эми силерден башка эркелетээр эч нерсем жок. Айланайын балдарым, мени кечиргиле (ыйлайт).

Асел: – Ата мен сизди күткөм. Эртеби же кечпи атам келет деп жүргөм. Мен сизди кечирем. (атасын кучактайт)

Алмаз: – Апам кечирсе кечирем. Биз атасыз өстүк, өксүдүк, ыйладык. Эми чоңойгондо атам келди. (жерди карайт)

Эркебай: – Айланайын балдарым, Эми ичпейм. Силердин эле маңдайыңарда олтурсам, ошол мага бакыт экен. Апаңарга айткыла чогуу жашайлы. Эмне жумуш болсо, бирге аткаралы. Эл катары түтүн булатып чогуу жашайлы.



Багдагүл: – Мен мурдагы Багда эмесмин. Базарга барам, акча табам, балдарды багам. Эми мага башчы болбойсуң уктуңбу?!

Эркебай:-Мейли эки баламдын маңдайында кара курсагымды баксам болду.

Үндөр:-Багдагүл, Карасууга товарга кеттик! Ала сумка көтөрүп, Багдагүл сыртка чыгып кетет. Эки баласын кучактап, Эркебай үйдө калат.

*Нуркулова Салкын Нуркуловна.*

## ЭШЕК МЕНЕН САГЫЗГАН

*(тамсил)*

Кайра куруунун жаңы мезгилинде бир эшек жашайт экен. Жонунан жору кетпей. Көрүнүшү комсоо болгон экен. Анткени байкуш эшек эл катары жашоо үчүн күрөшүп, мейли төл мезгилинде болсун, мейли жөндө болсун коделектерин ээрчитип, «намыс» деген нерсени ыйык тутуп, жаш өмүрү өтүп, картая баштаганда, жону жооруптур. Аны арсыз сагызгандар: аяк башын карабай, ал жайын сурабай, асманга бийик учуп, эшектин кашаңдыгын, көрксүздүгүн даңазалап сайрап, акысына он эки тыйын алат. Айласы кеткен эшек, эмне кылаарын билбей, ээсине барат да, адилет сурайт. Анда: Ээси анчейин маани бербейби же сагызгандар сактанып, толгон токой ушакты айтып, тымызын каралаганбы?!

Айтор, эшекке туура жооп бербей коёт дагы ыза кылат. Ызасына чыдабай, эки көзү жашка толуп, өзүнчө кудайга арызын айтып олтурса, куу түлкү маңдайына келип;

– Ий-ий кайран гана кашаңым, күнөөңдү мойнуңа алчы.

Эчкинин теңи эрмен,

Эшектин теңи шороо – деп, ырсалактап күлүп, куйругун булаңдатып басып кетет. Анын үстүнө «ала канаттар» конуп алып, жонундагы жоорун чукуп жеп канын шорголотот:

«Эшектин күчү адал, сүтү арам, эти таттуу жегенге шарттуу»-деп, тойгондо учуп кетишет.

Анда эшек:

Ыйлап-ыйлап ызасына чыдабай, шордуу эшек мындай деген ойго келет. «Бөрү карыса бир койчолук алы бар. Менин жонум жору болуп, көрүнүшүм көрксүз болгону менен, ушул арсыз сагызгандарчалык үнүм бар»-деп, эшек айкыра берет, айкыра берет. Акыры эшектин айкырыгы асманга жетет. Жан жаныбардын, канаттуулардын бардыгы угуп, эшектин «адилет» үчүн айкырганына кошулушат. Баягы сайраган арсыз сагызгандарды: Сагызгандардын бардыгы баш аягына карабай чокуп, экинчи сайрабас кылып коюптур. «Адилетсиз сайрап, бизге уят келтирдиң»-дешип, эгер сайраган акысына он эки тыйын үчүн сайрабаса, ал арсыз сагызгандар сайрап жүрө бермек экен. Мына ошондон калса керек:

«Сагызган сактыгынан өлбөйт,
Суктугунан өлөт» –деген, накыл сөз.

*21.05.90-жыл.*



**Менин өмүр баяным**

Мен 1947-жылы 21-январда Артсанбап-Ата Айыл өкмөтүнө караштуу “Бел-Терек” айылында дыйкандын үй-бүлөөсүндө туулгамын. Бир ата, бир энеден 9 бир тууган бир үйдө тарбияландык. 4-классты бүткөндөн кийин өз айылыбызда мектеп жок болгондугуна байланыштуу азыркы С. Далбаев атындагы орто мектепке келип 5-калсстан баштап окуп орто мектепти ийгиликтүү аяктадым. Борбуев Черикке турмушка чыктым. 1968-жылы Жалал-Абаддагы А. С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайынын сырттан окуу бөлүмүнө тапшырып, 1971-жылы “Башталгыч класс мугалими” адиси болдум. Өзүм окуган мектепке 1968-жыл 10-сентябрдан баштап ыр, сүрөт мугалими болуп, өздүк көркөм чыгармачылыгын жетектөө менен эмгек жолумду баштадым.

1970-1974-жылдарда үй шартыма байланыштуу (Мичурин) А. Тагаев атындагы мектепте улуу пионер вожатый болуп иштедим. 1974-жылдын 1-ноябрынан баштап №17. С. Далбаев атындагы мектепте иштеп жүрүп 1997-жылдын 21-январында 50 жашымда эс алууга чыктым. 3 уул, 3 кыздын апасымын 29 неберенин чоң эне, таянесимин. Анча-мынча чыгармачылыкка аралаштым. 1990-жылы Базар-Коргон райондук “Эмгек жалыны” газетага “Жалган жазган жакшы-

Жалал-Абадская областная библиотека

бы?!" деген темада каяша пикир жаздым. Анча-мынча ырларым райондук "Мейкин", "Ленинчил", газеталарынын бетине чыгып жүрдү. 1997-жылы 15-февралда "Дил" газетасына Жалал-Абад "Курчап турган дүйнөнү таанып билүүнү үйрөнүү" деген темада экология сабакта "Арстанбап жердин сонуну" деген темада экскурсиялык тарбиялык сабагым чыкты.

2006-жылы ноябрь айында "Эмгеги элдин эсинде" аттуу макалам "Арстанбап таңы" райондук газетага чыкты. Улуу жеңиштин 65 жылдык майрамына карата "Дил" газетасына "Дарексиз жоокер баяны" 26-февралда 2010-жылы жарыяланды 2011-жылы "Жер соорусу Арстанбап" аттуу китебим "Бийиктик" басмаканасынан чыкты. 2013-жылы "Айылдык жаш мугалимдерге жардам" аттуу методикалык колдонмо жарыкка чыкты. Паспорт боюнча Борбуева Салкын эмгек китепчеде Нуркуловамын.

Тун уулум Борбуев Өмүрбек Айыл Чарба Институттун Скрябин атындагы суу чарба бөлүмүн бүткөн. Райондук суу чарба башкармалыгында 1992-жылдан бери иштейт. Чоң кызым Борбуева Жайлоокан Сузак районунда Ш. Абдраманов атындагы орто мектепте мугалим. Жогорку билимдүү, Эл агартуунун мыктысы төш белгисинин ээси. Борбуев Талантбек айдоочу. Борбуева Чынаркан Көк-Тонду айылында балабакчада эмгектенет. Борбуева Тотукан "Жолдош" атындагы орто мектепте мугалим ЖАМУну бүткөн. Борбуев Тынчтыкбек айдоочу. Баардыгы үй-бүлөөлүү.

Уулдан неберелерим Айгерим, Анаргүл, Түркмөн университетинин студенти.

Кыздын кыздары Сайкал, Жаңыл ЖАМУнун студенттери.

Бул китептин экинчи басылышына Бел-Терек айылынын алдыңкы атуулу маркум Мавлякулов Асилбек акемин (40-бетте). уулу Эсендин колдоосу менен басылып чыкты. Окурмандардын жана жалпы эле Бел-Терек (Жапаш) айылынын тургундарынын атынан терең ыраазычылык билдиребиз!

Эркек бала төрөлсө,
Элин-жерин коргогон.
Элдин жүгүн көтөргөн,
Эр азамат болот – деп
Элдин баары сүйүнөт.

Эсен иним эсен соо,
Элиңе кызмат кыла бер.
Эч качан кайтпай жолуңан,
Элиңдин уулу боло бер!

Үй бүлөөң баары тынч болсун!
Уулдарыңдын бардыгы.
Урматтуу кыргыз шер болсун!
Узактан-узак көп жашап,
Урмат сыйды көп көргүн.

Ааламды тынчтык бек болсун,
Алганың менен тең карып.

Жалал-Абадская областная библиотека

**Ажайлап салган үйүңөр,**
**Асыл перзент неберреге жык толсун!**

**Өмүрдү берсин кудайым,**
**Оорубай жүргүн ылайым.**
**Өз айлың алтын бешигиң,**
**Экенин сыйлап колдодуң.**

**Көктөгү чолпону болгонуң.**
**Эгемен кыргыз элинди.**
**Жылдызы болуп жүргүнүң-деп.**

**Таяэжең Салкын Нуркулова.**
**13.5.2014-ж.**

## Мазмуну

Кириш сөз..........3
Биздин айыл..........4
Жапаштын кыскача тарыхы..........6
Ата Мекендик согуш ардагерлери..........25
Эмгек ардагерлери..........36
Эл алдында кадыр-барктуу карыялар..........38
Менин оюм..........59
Менин ырым..........59
45 мүнөт таразабы чын эле?!..........59
Эмгеги элдин эсинде..........62

АРНООЛОР

Курултайга..........69
Чыңгызга..........69
Табышкер энеге..........70
Соцфондо иштеген биреөгө..........71
Атама..........72
Жеңиштин таңы..........72
Ызалык..........73
Жүрөктө дайым сакталсын..........73
Жердештериме..........75
Апама..........75
Замана..........77
Пенделер ырыскысын сизден табат..........77
Күйдүргү..........78
Укканда бүт энелер ыйлап жатат..........79
Мекенди дайым коргосун..........80
Арстанбап суусу туптунук..........80
Аткара бил ушул сенин кырызың..........81
Чындап салым кошуусун..........82
Жөндөмүнө жараша..........82
Айтлачы классташтар кайдасыңар?!..........83
Болоор беккен буга чек..........84
Касиеттүү Нооруз күндүн майрамы..........85
Жашоонун күзүн күтөмүн..........85
Турмуш термеси..........86
Бир келинге..........87
Май түнү..........88
Бүгүн майрам..........88
Кош бол, менин мектебим..........89
Шаңдуу ырды ырдайлы..........89
Угасыңбы учурдун адамзаты..........90
Нооруз..........90
Мен дыйкандын кызымын..........91
Аскердеги уулума..........93
Окуучуларыма..........93
Бузулбас достуктун туусу консун..........94
Жаралуу жүрөк айыгат..........95
Кыштоочу куштар досубуз..........95
Кышкы оюн балдарга..........97

Жалал-Абадская областная библиотека

Чакыруу кат......97
Мен кыргыз деп бүт дүйнөгө жар салам......98
Ушул деймин кыргызымдын белеги......98
Ыйманын өз дилинен тапса экен......99
Арбагыңдан айланайын......99
Шүгүр деймин ушуга......100
Жаштарга айтаар насаатым......101
Жайлоого......102
Калса экен......102
Жаңгактарга аңоо сөз......103
Жүктөп кетти деп уктум......104
Жүрөктөн кетти деп уктук......105
Каптейип......105
Тагдыр......107
Өкүнүч......108
Куттуксоо......108
Сандар сүйлөйт......109
Математикалык оюндар......110
Картайганды ыр жаздым......111
Ак кептерди мен учуруп үн салам......111
Жактырбай оон каралайт......112
Биз дагы солдат болобуз......112
Жоокер болобуз......113
Дайым жашайт......113
Жаңы заман жаңыча......115
Ветерандарга......116
Жазды күтүү кандай болду адамзат......116
Пикетке чыгып жагам деп......117
Өмүрүңдү арнайсың......117
Кемпирдин ой толгоосу......117
Сыймыктанам......118
Жаңыча жашоо болсо экен......118
Эне жүрөгү......120
Ата сөзү......120
Саламдашуу......121
Ой толгоо......123
Калып калаар......124
Кыз узатуу кошогу......124
Жеңесинин кошогу......125
Айдарали кызы Бүүча тогуз баланын апасы......126
1978-жылы өзүмдүн атама айтылат......132
54 жашында Акбаралиге айтылган кошоктор......140
69 жашында баш ээм......145
Согуш убагындагы эл арасындагы айылдагы оозеки ырлар......148
Бой жеткен кыздын ыры......151
Селкилердин ырлары......154
Үрпүя Мамажанова......159
Учурдун элдик оозеки ырлары, ой ыргактары......160
Кыргыз элинин тарыхына кайрылуу......164
Көз караш......166
Экологияга кайрылуу......167
Дарексиз жоокер баяны......168
Туулган жерден бир элес......171



Жоокердин сөзү коштошкон......173
Жоокердин каты......174
Жоокердин сөзү......176
Токтосун акем......177
Саламат эжем......177
Гүлпарэжем......178
1945-жыл 9-Май күнүндө......178
Кошматбекке......184
Аткардыңыз атаңыздын карызын......185
Абициме......186
Акеме арнайм......187
Жолдошума......188
Саткынга майрамдык ыр десе......188
Сонумбү эжеме......189
Менин сүйгөн эжекеме рахмат......190
Жайлошко......190
Келин той сизге кут болсун!»......191
Үсөн Сыдыков......192
Өмүрбек Текебаевге арнаймын......193
С.Далбаевге арнаймын......194
Эрмамат Кожакматовго......196
Жайлоокан кызыма арнаймын......197
Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына......198
Кесиптик майрам кут болсун!......199
Элдик толкун......200
Текшерүүчүгө......200
Пикириңиз кошо жашайт жүрөктө......201
Кулмашов Турсуналиев арноо......202
Швецария агрономуна арноо......202
Сыдыкова Айзадага арнаймын......203
Дүйнөлүк хирургдарынын конгрессинин катышуучу......204
Алладан адилетти тилей бергин......206
Көп улуттуу кыргызстан бөлүнбөйлү......207
Арстанбаптык туугандарга......209
Ойлон элим......210
Арман......212
Бул катым дагы жоопсуз калды......214
Сообу сага тийсе экен......218
Асылайым......219
Өрнөктүү өмүр......223
Үлгүлүү үй-бүлөлөр......227
Ата кесибин аркалап......228
Божу агайга......233
Сугалак кыз жөнүндө жомок......236
Келме кезек......235
Эшек менен сагызган......243

Жалал-Абадская областная библиотека

**Салкын Нуркулова**

# Жер соруусу Арстанбап санжырасы

Корректору *Р. Сакелова*
Мукабасын иштеп чыккан *М. Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Н. Жуманалиев*

Форматы 64х84 1/16.
Көлөмү 15,5 б.т. Заказ № 59
• Нускасы 500 даана.

«Бийиктик» басмасы
720040. Бишкек шаары,
Ю. Абдрахманов көчөсү 170а,
Тел. 66–17–25.